КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ,
ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

# КЫРГЫЗСТАНДА СОЦИАЛДЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРДИН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ

# СОСТОЯНИЕ И РАЗВИТИЕ СОЦИАЛЬНО-ГУМАНИТАРНЫХ НАУК В КЫРГЫЗСТАНЕ

БИШКЕК 2025

**УДК 001(575.2)**
**ББК 60 (5Кир)**
**К 97**

Басмага Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илимий-техникалык кеңешинин жана КУУнун 100 жылдык маарекесине карата китеп чыгаруу боюнча комиссиянын чечими менен сунушталды.

Педагогика илимдеринин доктору Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору Н.А. Асипованын редакторлугу астында даярдалды

*Рецензенттер:* Педагогика илимдеринин доктору, К. Карасаев атындагы БГУнун педагогика факультетинин деканы, профессор Мураталиева М.А.

Тарых илимдеринин доктору, КББАнын профессору Иманкулов М.И.

К 97 Кыргызстанда социалдык жана гуманитардык илимдердин абалы жана өнүгүүсү/ Состояние и развитие социально-гуманитарных наук в кыргызстане. – Б:2025.- 256 б.

ISBN 978-9967-32-580-7

**Кыргызстанда социалдык жана гуманитардык илимдердин абалы жана өнүгүүсү аттуу** монография Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун жамааты тарабынан даярдалган. Монографияда окумуштуу окутуучулардын философия, психология, педагогика, дин таануу, социология илимдеринин учурдагы абалына жана кыскача тарыхына байланыштуу орчундуу маселелер жана илимий маалыматтар орун алган. Монографияда камтылган маалыматтар социалдык жана гуманитардык илимдер жаатында эмгектенген илимпоздор, аспиранттар ж.б. илимге кызыккандар үчүн баалуу кайнак болуп эсептелет.

Монография «Состояние и развитие социальных и гуманитарных наук в Кыргызстане» подготовлена коллективом Института социально-гуманитарных наук Кыргызского национального университета имени Ж. Баласагына. Монография содержит важные вопросы и научные сведения, касающиеся современного состояния и краткой истории педагогики, философии, психологии, религиоведения и социологии в КНУ. Информации, содержащиеся в монографии, предоставляют ценный ресурс для ученых, аспирантов и всех тех, кто интересуется общественными и гуманитарными науками.

ISBN 978-9967-32-580-7 **УДК 001(575.2)**
**ББК 60 (5Кир)**
©С. Ж. Баласагын атындагы КУУ, 2025

## МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ........................................................................................ 5

Камчыбек уулу Мырзабек ................................................................... 8

ЖЪ. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУНУН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ ........................ 8

Асипова Нурбубу Асаналиева................................................................. 35

Карабалаева Гуьмира Таштановна........................................................ 35

Баялиева Айсулу Суютбековна ............................................................. 35

ФОРМИРОВАНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ЕЕ СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ .................. 35

Осмонова Динара Аскарбековна........................................................ 104

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ «ДИН ТААНУУ» БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ: ТАРЫХЫ ЖАНА АЗЫРКЫ АБАЛЫ........................................................................................... 104

Жусубалиев Абдикаим Рысбаевич ...................................................... 122

Малтабаров Бакытбек Амирович ..................................................... 1229

СОЦИОЛОГИЯ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР КАФЕДРАСЫ: АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕГИ ӨНҮГҮШҮ ................ 122

Бөкөшов Ж. ......................................................................................... 1528

ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ: КЕЛЕЧЕК ТЕМАСЫ ........................ 152

Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович .................................................... 165

Алымкулов Замирбек Аманбекович .................................................... 165

КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯ ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК СЕГМЕНТТЕРИ.......................................... 165

Нусупов Чолпонбек Токбаевич.....................................................191200

ФИЛОСОФСКО-ЭТИЧЕСКОЕ И ИСТОРИЧЕСКОЕ ОСМЫСЛЕНИЕ СУЩНОСТИ НАЦИОНАЛ-НИГИЛИЗМА В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ.................................................................. 200

Иманкожоев Таалайбек Асанович ..................................................... 2256

БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАРЫ МИФОЛОГИЯ ДҮЙНӨНҮ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЫКМАСЫ

КАТАРЫ ЖАНА КЫРГЫЗ МИФТЕРИНДЕГИ КОСМОГОНИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР........................................... 225
Апсаматова Эльвира Джумабековна,................................................. 2402
Байбосунова Гулзат Усонбековна, ..................................................... 2402
ФИЛОСОФИЯ НАЦИОНАЛЬНОГО ДУХА В КОНТЕКСТЕ ГЛОБАЛЬНЫХ ВЫЗОВОВ ............................................................ 2402
КОРУТУНДУ ....................................................................................... 2537

# КИРИШ СӨЗ

Урматтуу окурмандар! Сиздерге сунушталып жаткан «Кыргызстандагы социалдык-гуманитардык илимдердин абалы жана өнүгүүсү» аттуу монография Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун (СГИИ) профессордук-окутуучулар курамы тарабынан, Кыргыз илиминин флагманы болуп эсептелген Улуттук университеттин 100 жылдык маарекесине карата даярдалган илимий эмгек болуп саналат.

Адатта, илимий монография бир автордун белгилүү бир темага байланыштуу изилдөөсүнүн объектин, предметин, максатын, изилдөө стратегиясын, ишке ашыруу жолдорун жана алынган натыйжаларын камтыйт. Бул монография салттуу форматтан айырмаланып, Ж. Баласагын атындагы КУУнун СГИИ профессордук-окутуучулук курамы тарабынан коомдук-гуманитардык илимдердин учурдагы абалын, кыскача жаралыш тарыхын жана келечектеги өнүгүү тенденцияларын камтыган жамааттык илимий эмгек түрүндө даярдалды.

Монографияда философия, педагогика, дин таануу, социология сыяктуу коомдук жана гуманитардык илимдердин учурдагы абалы, актуалдуу маселелери боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары чагылдырылган. Тактап айтканда, төмөнкү маселелер камтылган: Ж. Баласагын атындагы КУУдагы социалдык-гуманитардык илимдер институтунун кыскача тарыхы (Камчыбек уулу М.); Кыргызстандагы педагогика илиминин калыптанышы жана анын өнүгүү тарыхы (Асипова Н.А., Карабалаева Г.Т., Баялиева А.С.); Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында дин таануу боюнча билим берүүнүн азыркы абалы жана өнүгүү тарыхы (Осмонова Д.А.); Жусубалиев А.Р., Малтабаров Б.А. Социология жана социалдык иштер кафедрасы: азыркы абалы жана келечектеги өнүгүшү; Кыргыз философиясынын өнүгүүсүнүн методологиялык аспектилери (Бекбоев А.А., Алымкулов З.А.); Гуманитардык илимдердин футурологиялык аспектилери (Бокошев Ж.); Кыргыз коомундагы улуттук нигилизмдин философиялык маңызы, этикалык жана тарыхый аспектилери (Нусупов Ч.Т.); Ааламдашуу чакырыктары контекстинде улуттук рух философиясы (Апсаматова Э.Дж., Байбосунова Г.У.)

**Монографиянын концепциясы:** Кыргызстандагы социалдык-гуманитардык илимдердин учурдагы абалын жана алардын тарыхый өнүгүшүнө кыскача көз караш.

**Монографиянын максаты** – Кыргыз Республикасынын 100 жылдыгын жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдык маарекесин утурлай, өлкөдөгү коомдук жана гуманитардык илимдердин абалына илимий сереп салуу, алардын өнүгүүсүндөгү негизги көйгөйлөрдү ачыктоо менен бул багыттагы илим жана билим берүүнүн келечектеги стратегияларын аныктоо. Ошону менен бирге аталган тармактарда билим алып жаткан студенттердин, болочок адистердин теориялык жана практикалык даярдыгына салым кошуу.

Монография авторлор курамы тарабынан жазылганына карабастан, анын мазмуну логикалык жактан ырааттуу берилип, актуалдуу маселелер терең талдоого алынган жана илимий жактан негизделген. Бул эмгек социалдык-гуманитардык илимдердин заманбап проблемаларын изилдөөгө жаңыча илимий көз караштан жасаган бүтүмдүү илимий трактат.

Монографиянын ар бир бөлүмү авторлордун көп жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбаларына, жеке изилдөөлөрүнө жана теоретикалык көз караштарына таянуу менен даярдалган. Алар изилденген маселелердин методологиялык, парадигмалдык көйгөйлөрүн, алардын өзгөчөлүктөрүн жана чечүү жолдорун илимий негизде талдоого алышкан.

Монографиянын мазмуну төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: Ж. Баласагын атындагы КУУдагы социалдык-гуманитардык илимдер институтунун кыскача тарыхы; Гуманитардык билим жана анын келечеги; Кыргызстандагы педагогика илиминин калыптанышы жана анын азыркы абалы; Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында дин таануу боюнча билим берүү: тарых жана азыркы абалы; Кыргыз философиясынын өнүгүүсүнүн методологиялык аспектилери; Кыргыз коомундагы улуттук нигилизмдин философиялык, этикалык жана тарыхый талдоосу; Глобалдашуунун чакырыктары контекстинде улут-

тук рух философиясы жөнүндө маалыматтар логикалык ырааттуу сунушталып, заманбап коомдук-гуманитардык илимдердин актуалдуу маселелерди камтыйт.

Монография коомдук жана гуманитардык илимдерди изилдөө менен алектенген жаш окумуштуулар, магистранттар жана аспиранттар, коомдук илимдер менен кызыккандар үчүн кошумча илимий булак болуп эсептелет.

Монография илимпоздор, мугалимдер, изилдөөчүлөр жана студенттер үчүн баалуу булак катары кызмат кылуу менен гуманитардык илимдердин өнүгүшүнө көмөкчү болот деп ишенебиз.

**Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө
эмгек сиңирген кызматкер, педагогика
илимдеринин доктору, профессор
Асипова Н.А.**

**Камчыбек уулу Мырзабек**
псх и.д., профессор, Ж. Баласагын атындагы
КУУнун илимий иштери боюнча проректору

## Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУНУН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Социалдык – гуманитардык илимдер институтунун **отуз** жылдан ашык тарыхы бар: 1991-ж. КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен социалдык саясат факультети ачылган эле, факультеттин деканы болуп философия илимдеринин кандидаты, доцент Авазбек Намазбекович Иваков иштеген. 1991-ж. социалдык-гуманитардык илимдер факультети болуп өзгөрүлүп, факультеттин деканы болуп, философия илимдеринин кандидаты (кийинчерээк, социология илимдеринин доктору) профессор Кубанбек Бектурганович Бектурганов иштеген, 1992-ж. баштап философия илимдеринин кандидаты (азыркы мезгилде философия илимдеринин доктору), доцент (азыркы мезгилде профессор) Шайлоо Бrandoeвна Акмолдоева иштеген. 1993-ж. аталган факультет философия факультети болуп кайрадан түзүлүп, факультеттин деканы болуп, алгач, философия илимдеринин доктору (кийинчерээк, саясат таануу илимдеринин да доктору), профессор Мэлс Табалдыевич Артыкбаев, 1994-ж баштап философия илимдеринин доктору, профессор Асеин Исмаилович Исмаилов, 1995-ж. баштап тарых илимдеринин кандидаты, доцент Жуман Бегиматович Бегиматов, 1997-ж. баштап тарых илимдеринин кандидаты, доцент(азыркы мезгилде тарых илимдеринин доктору, профессор) Аалыбек Акунович Акунов иштешкен. 1996- ж. 29-майда КМУУнун Окумуштуулар Кенешинин чечими менен «Мамлекеттик башкарууну жана саясат илимин стратегиялык изилдөө» окуу борбору ачылган. Биринчилерден болуп Кыргызстанда бул окуу борбору мамлекеттик кызмат жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндө, саясат жана социалдык илимдер боюнча жогорку квалификациядагы адистерди даярдап баштады. 1999 – ж. 8-апрелинде КУУнун Окумуштуулар Кенешинин чечими менен окуу борборун жана философия факультетин

бириктирип (факультеттин деканы болуп алгач философия илимдеринин кандидаты, доцент (азыркы мезгилде философия илимдеринин доктору, профессор) Анвар Хусейнович Бугазов, андан кийин экономика илимдеринин кандидаты (азыркы мезгилде экономика илимдеринин доктору), доцент Издевалды Искакович Искаков иштешкен. Ушул факультеттин негизинде “Мамлекеттик башкаруу жана социалдык изилдөө институту түзүлгөн (институттун директору болуп тарых илимдеринин доктору, профессор А.А.Акунов дайындалган). Бул жаны түзүлгөн институттун башкы максаты - КУУнун стратегиялык (программаларын) долбоорлорун ишке ашыруу жана эң бийик деңгээлдеги кадрларды даярдоо болуп эсептелинген. Институтка кабыл алуу орто билимдин негизинде төмөндөгү адистиктер боюнча жүргүзүлгөн: “мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу”, “саясат таануу”, “философия”, “психология” жана “социология”, “дин таануу”. 2000-ж. КУУнун Окумуштулар Кенешинин чечими менен институт (ИГУСИ) “Философия жана мамлекеттик башкаруу” факультети болуп кайрадан түзүлдү, факультеттин деканы болуп, алгач, тарых илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунович Акунов, 2003-ж. баштап 2007-ж. чейин саясат таануу илимдеринин кандидаты, доцент Кундуз Жаманчаевна Базакеева иштеген. 22-июнда 2007 - ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштулар Кеңешинин чечими менен (КУУнун ректорунун буйругу №176 9.07.2007-ж.) философия жана мамлекеттик башкаруу факультети Социалдык – гуманитардык илимдер институту деген аталышта кайрадан түзүлүп, институттун директору болуп философия илимдеринин кандидаты, доцент Нурзак Кыштакович Асанбеков дайындалган. 2008-ж. баштап 2010-ж. чейин институттун директору болуп, алгач, педагогика илимдеринин доктору, профессор Искендер Исамидинович Исамидинов, андан кийин физика-математика илимдеринин кандидаты (азыркы мезгилде философия илимдеринин доктору), доцент Эрмек Жолдошбекович Усекеев, андан кийин тарых илимдеринин доктору, профессор Аалыбек Акунович Акунов иштешкен.



2010-ж. баштап 2025-ж. чейин факультеттин деканы болуп, кийин институттун директору болуп психология илимдеринин кандидаты, доцент Камчыбек уулу Мырзабек эмгектенип келди, азыркы учурда институттун директору болуп социология илимдеринин кандидаты, доцент Жусубалиев Абдыкаым Рысбаевич иштеп жатат. Бул аталган институт 2012-ж. баштап Социалдык-гуманитардык илимдер факультети болуп, 2023 - жылдан кайрадан Социалдык-гуманитардык илимдер институту болуп түзүлгөн.

Азыркы убакта Социалдык – гуманитардык илимдер институтунда 5 кафедра: «Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы», «Социология жана социалдык кызмат», «Жогорку мектептин педагогикасы», «Психология», «Дин таануу жана теология» жана А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөө социологиялык Борбору жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо ийгиликтүү өз салымдарын кошуп, иштешип келүүдө. Профессордук-окутуучулар курамында: 12 - илимдин докторлору, 35 - илимдин кандидаттары жана тажрыйбалуу, дасыккан окутуучулар эмгектенишүүдө.

## Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын кыскача тарыхы

Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасы 2017-жылы философия жана илимдин методологиясы кафедрасы менен дин таануу, маданият таануу жана саясат таануу кафедраларынын биригүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн.

Философия кафедрасы – университеттин эң алгачкы бөлүмдөрүнүн бири. Ал 1950-ж. философия боюнча кадрларды даярдоо жана алардын илимий-теориялык деңгээлин жогорулатуу максатында, экинчиден КУУнун бардык факультеттеринде жогорку билимдүү адистерди даярдоодо жалпы философия курсу боюнча билим берүү

максатында уюштурулган. Мезгилдин талабына ылайык кафедранын структурасы бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ал 1952-1970-жж. «философия» кафедрасы деген ат менен жашап келген. 1970-жылдардан тартып ал эки кафедрага бөлүнөт:

- «Тарыхый материализм кафедрасы»
- «Диалектикалык материализм кафедрасы».

1987 жылы бул эки кафедра кайрадан биригип, «философия кафедрасы» деп аталат. Философия кафедрасын 1950-жылдардын башында ф.и.д., проф. М.С. Жунусов (1950-1955), ф.и.к., доц. К.М. Молдобаев (1955-1960), ф.и.д., проф., УИАнын корреспондент-мүчөсү А.Табалдиев (1960-1970жж), ф.и.д., проф. Р.О. Ачылова (тарыхый материализм каф. башчысы 1970-1980жж), ф.и.к., проф. С. Жумагулов (диалектикалык материализм каф. башчысы 1970-1980 жж).

1987-2008 жылдары диалектикалык жана тарыхый материализм кафедралары биригип «философия кафедрасы» болуп кайрадан түзүлөт. Ал кафедраны ф.и.д., проф. А.И. Исмаилов жетектеген.

2009-2016 ж.ж. бул кафедраны ф.и.д., проф. Айтбаев А.А. жетектеп келген. 2017-жылдан баштап философия жана илимдин методологиясы кафедрасы философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасы болуп өзгөртүлгөн.



Кафедра башчысы болуп 2023-жылга чейин философия илимдеринин доктору, профессор Абыкеева-Султаналиева Т.Б. иштеген.



2023-жылдан азыркы убакка чейин философия илимдеринин доктору, профессор Алымкулов З.А. эмгектенип жатат.



1979-1981-жж. Р.И. Отунбаева аталган кафедрада окутуучулук кызматта эмгектенип, кийинчерээк ЮНЕСКОнун иштери боюнча СССР тышкы иштер министрлигинин комиссиясынын төрайымы, СССР тышкы иштер министрлигинин коллегиясынын мүчөсү, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри, Кыргыз Республикасынын Президенти болуп иштеген.

Кафедра түзүлгөндөн бери 30га жакын илимдин докторлору, 200дөн ашык илимдин кандидаттары даярдалды. 500гө жакын монографиялар жана окуу куралдар жарыяланды.



Ф.и.д., проф. А.И. Исмаиловдун жетекчилиги астында 5 докторлук, 15 кандидаттык диссертациялар корголгон.

1987-жылдын 1991-жылга чейин марксисттик-ленииндик философия кафедрасы түзүлүп, кафедра башчысы болуп философия илимдеринин доктору, профессор А.И. Исмаилов иштеген. 1991-жылдын октябрынан тартып бул кафедра философия кафедрасы болуп өзгөртүлгөн. Философия кафедрасынын башчысы

болуп философия илимдеринин доктору, профессор А.И. Исмаилов иштеген.

Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасын түзүү эки адистиктин – «Философия» жана «Маданият таануу» адистиктеринин негизинде ишке ашырылгандыгы көңүл бурууга татыктуу. Ушуга байланыштуу жаңыдан түзүлгөн философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын курамына кийинчерээк кирген профессордук-окутуучулар курамынын же тактап айтканда, маданият таануу кафедрасынын тарыхынын хронологиясын сунуштоону ылайык көрдүк.



Маданият таануу кафедрасы 1992-жылы философия кафедрасынын базасында түзүлгөн. Кафедранын башчысы доцент, философия илимдеринин кандидаты азыркы мезгилде профессор, философия илимдеринин доктору Нусупов Ч.Т., андан кийин доцент, философия илимдеринин кандидаты, азыркы мезгилде профессор, философия илимдеринин доктору Бугазов А.Х. иштешкен, 1997-жылдан маданият таануу кафедрасы социология кафедрасына бириктирилген. 2011-2015-жылдары маданият таануу кафедрасы кайрадан өз алдынча болуп, аны доцент, философия илимдеринин кандидаты (кийинчерээк философия илимдеринин доктору) Абыкеева-Султаналиева Т.Б. башкарган. Кафедра түзүлгөн жылдар ичинде бир нече магистрант, адис-культурологдор окуусун ийгиликтуу бүтүргөн. 2014, 2015-жылдарга бюджеттик негизде окууга кабыл алуу жүргүзүлгөн.

2015-жылдын сентябрь айында Маданият таануу кафедрасы Саясат таануу кафедрасы менен бириктирилип, алардын базасында Маданият таануу жана саясий технологиялар кафедрасы түзүлгөн. Андан соң 2016-жылдын сентябрь айында Маданият таануу жана саясий технологиялар кафедрасы Дин таануу кафедрасына бириктирилип, анын натыйжасында жаңы дин таануу, маданият таануу жана саясат таануу кафедрасы түзүлгөн. Ал эми 2016-жылдын октябрь айынан баштап Дин таануу, маданият таануу жана саясат таануу кафедралары Философия кафедрасынын бир бөлүгү болуп калган. Ошол эле мезгилде

философия кафедрасы илимдин философиясы жана методологиясы кафедрасы болуп өзгөртүлгөн.

Учурда философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасы болуп кызмат кылып келет. «Философия» багыты боюнча 13 окутуучу эмгектенет.



Анын ичинде 3 профессор, 5 доцент, 4 ага окутуучу, 1 окутуучу. Алардын ичинен 3 философия илимдеринин доктору жана 5 философия илимдеринин кандидаты. КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, профессор, философия илимдеринин доктору жана саясат таануу илимдеринин доктору М.Т. Артыкбаевдин илимге, билим берүүгө кошкон салымы зор.

Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын келечеги кең деп айтсак жаңылышпайбыз. Кафедранын кызматкерлеринин эмгектери Москвада, Ленинградда, Тартуда жана чет өлкөлөрдө орус, англис, араб жана дагы башка чет тилдеринде басылып чыккан. Алар мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүлгөн. Азыркы учурда кафедра “Социалдык философия” жана “Таанып билүү теориясы” багыттары боюнча бакалаврларды жана магистрлерди даярдоону иш жүзүнө ашырууда.

Кафедранын аспирантурасы бар. Философиянын кафедрасынын бүтүрүүчүлөрү ар дайым суроо талапта, алар үчүн кызматка орношуу кыйынчылыгынын эч кандай көйгөйү жок.

Азыркы кезде бул кафедра – бул философиялык илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча республикадагы жападан жалгыз окуу-илимий борбору болуп саналат. Кафедра өзү жашап турган жылдардын ичинде 1000ге жакын адамды бүтүрүп чыгарды. Алар биздин республиканын ЖОЖдорунда, ошондой эле техникумдарда, мектептерде, мамлекеттик кызматтарда жана илимий мекемелерде, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн көптөгөн ЖОЖдорунда жана мектептеринде эмгектенишүүдө.

Бүгүнкү күндө кафедра кадрларды үч адистик боюнча тереңдетип жана ар тараптуу даярдоону ишке ашырууда, атап айтканда:

• “Социалдык философия”;

• “Онтология жана таанып билүүнүн теориясы”;

• “Философиянын тарыхы жана тарыхтын философиясы”.

Эгемендүүлүктүн эпкининде философия кафедрасы өлкөнүн башка да социалдык-гуманитардык кафедралары сыяктуу эле философиялык кадрларды жаңы мамлекеттик стандарт жана заманбап окуу пландары боюнча даярдоодо.

Философия кафедрасынын иштеп турушунун акыркы 10 жыл ичинде гана окутуучулар 20дан көбүрөөк жамааттык жана жекече монографияларды, 15 окуу китептерин жана окуу куралдарын, ведомстволор аралык жыйнактарды жарыкка чыгарышты. Кыргыз тилиндеги аудитория үчүн мамлекеттик тилде жазылган окуу куралдарын чыгаруу жагы да жигердүү колго алынууда

Ж. Баласагын атындагы КУУнун философия кафедрасы даңктуу тарыхка ээ. Ал өз бүтүрүүчүлөрү республиканын ЖОЖдорунун бардык философия кафедраларында жана анын чегинен сырткары жактарда да ийгиликтүү эмгектенип жатышкандыктары менен сыймыктанат. Көптөгөн бүтүрүүчүлөрү белгилүү окумуштуулардан, көрүнүктүү коомдук ишмерлерден болуп калышты, алар кафедраларды, факультеттерди жана республиканын ЖОЖдорун, коомдук жана илимий уюмдарды, мекемелерди жетектешүүдө. Кафедранын жамааты өзүнүн чыгармачыл ишмердүүлүгү, албан эмгеги менен өнүгүүсүнө татыктуу салымын кошуу үчүн бардык аракетин жасай бермекчи.

## Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде социология илиминин калыптанышы жана өнүгүшү (“Социология жана социалдык иш” кафедрасынын тарыхы)

Кыргызстанда социология илиминин канаттандыраарлык узак тарыхый салты бар, анткени, 1966-жылы СССРде эң биринчилерден болуп Кыргыз мамлекеттик университетинин алдында социологиялык изилдөө **лабораториясы** уюштурулган. Ошол жылдары жаш таланттуу окумуштуу, кийинчерээк Республиканын Илимдер Академиясынын корреспондент- мүчөсү Асанбек Табалдиев ар тармактагы окутуучуларды жана аспиранттарды: тарыхчыларды жана филологдорду, экономисттерди жана математиктерди: Ч.С. Айтбаева, М.Т. Артыкбаев, Р.А. Ачылова, Б. Баетов, К. Бектурганов, А.Н. Иваков, К. Иманканов, А. Карыпкулов, Я.А. Рисс, И.К. Кочербаева,

Э.С. Кульматов, Т. Мааткaзиев, С.С. Нурова, К. Ормокеев, В.П. Сиротин, А.И. Тишин, Ш. Шакитов, Ш. Эгембердиев, Т. Эсенгельдиев, М. Эркебаев ж.б., социология лабораториясында илимий жолго бириктирген. Ушул кадамды социология илимдери боюнча А.Табалдиевдин мектебинин түзүлүшүнүн башталышы десек жаңылышпайбыз. Алар социологиялык лабораториянын базасында коомдогу жашоонун экономикалык жагдайлары, коомдун моралдык-нравалык, маданий-руханий жана үй-бүлөнүн күнүмдүк маселелери, эл аралык катнаштар, социалдык мобилдүүлүктүн жана коомдун социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшү сыяктуу орчундуу маселелерди социологиялык ыкмалар менен изилдеп баштаган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жана практикалык сунуштар Республиканын башкаруу органдарына багытталган атайын каттар менен жөнөтүлүп турган.

Советтик мезгилде элдердин көпчүлүк аң-сезиминде “биримдиктүү көп улуттуу мамлекеттин бирдей советтик элдин канатымын” деген ой-пикир социалдык факт болуп эсептелген. Ал кезде социологдор улуттар арасындагы мамилелерди изилдеп чыгышканда бири-бирин түшүнбөөчү, салтын, тилин, маданиятын сактоочу жана улуттук маселелер анчейин эместиги аныкталган. Тилекке каршы, азыркы учурда бул маселе актуалдуу бойдон калууда. Улуттар арасындагы келишпестиктер суудан, жерден жана шайлоолордон ж.б. себептерден келип чыгууда. Бул маселелер окумуштуулар тарабынан социологиялык ыкмалар менен изилдеп чыгууга түрткү берди. XX к. аягында коомдук пикирлер боюнча профессор К. Бектурганов, менчиктештирүү маселелери боюнча К. Исаев, этностук процесстер профессор А. Асанканов, улуттардын чыр-чатактары жана келишпестиги боюнча профессор А.Б. Элебаева, профессор Н.А. Өмүралиев ж.б. тарабынан изилденген.

КУУда 1992-жылы социология жана диний таануу кафедрасы ачылган, аны К.Б. Бектурганов көп жыл бою жетектеген. Андан кийин ар кайсы убакыт аралыгында социология кафедрасын философия илимдеринин доктору, доцент А.Х. Бугазов, философия илимдеринин доктору, профессор А.И. Тишин кафедра башчысынын милдетин аткарышып, анын өсүп-өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан. Азыр кафедра “Социология жана социалдык иштер кафедрасы” деп аталып, аны 2015-жылдан тартып 2025-жылга чейин социология илимдеринин

кандидаты, доцент А.Р. Жусубалиев жетектеп келген, азыркы убакта кафедранын башчысы кызматын социология илимдеринин кандидаты, доцент Б.А. Малтабаров аркалоодо.



**Профессор К.Б. Бектурганов жана доцент А.Р. Жусубалиев**

Социология кафедрасы аркылуу биринчилерден болуп докторлук диссертациялар: Нурова С.С. "Инсандын руханий дүйнөсү жана турмуштук образы" (Алматы, 1995-ж.), Бектурганов К.Б. "Коомдук пикирди изилдөөнүн методологиялык маселелери социалдык процесс катарында" (Бишкек, 2006-ж.) даярдалган жана ийгиликтүү корголгон.



Социология жана социалдык иштер кафедрасынын өнүгүшүнө социология илимдеринин доктору, **профессор К. Бектургановдун** салымы чоң.

А.Табалдиев негиз салган бул илимий изилдөө салтын бүгүн да кафедра окутуучулары улантышып келишүүдө. Мисалы, социология илиминин кандидаттары, доценттер: С.О. Жунушова жаштардын иденттүүлүк маселелерин; А.Р. Жусубалиев коомдогу социалдык дифференциация жана консолидация, социалдык иденттүүлүк маселелерин, Б.М. Кошбакова улуттук каада-салттар, алардын учурдагы өзгөрүшү, орду жана ролу боюнча; Ж.Э. Асангулова социологиялык изилдөө методдору, методологиясы маселелерин; А.А. Усубалиева жана А.Ш. Жолдошева жаштардын социалдашуусун; А.К. Шайылдаева гендер жана аялдардын учурдагы көйгөйлөрүн; А.З. Беделбаева учурдагы билим берүү жана анын жаңы моделдерине байланыштуу суроолорду, Б.Т. Матиев Кыргызстандагы корпоративдик башкаруу жана коомду башкаруунун актуалдуу маселелерин изилдешүүдө.

Азыркы убакта социология кафедрасында жогорку сапаттагы профессордук-окутуучулук курамы болгондуктан, алар мезгилдин жана коомдун талаптарына жооп берген социология жана социалдык иштер багыттарындагы жогорку квалификациялуу заманбап адистерди даярдап чыгарууда. Кафедранын окутуучулары көптөгөн эл аралык конференцияларга, симпозиумдарга, форумдарга жигердүү катышып келишүүдө. Андан тышкары социология жана социалдык иштер багытында монографияларды, окуу китептерди, усулдук куралдарды чыгарып турушат. Алсак, профессор К. Бектургановдун: "Социологиянын негиздери. Лекциялардын курсу" (2004-ж.), "Социологияга киришүү" (2008-ж.), "Коомдук пикир социалдык институт катарында" (2009-ж.), "Социологиянын негиздери: дарстардын курсу" (2010-ж.), Кошбакова Б.М. - "Социология: курс лекций" (2011-ж.), Матиев Б.Т., Наматбекова Н.М. - Политология. Учебно-методическое пособие. (2016-ж.), А.Р. Жусубалиевдин: "Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү: эволюциясы жана азыркы абалы" (2011-ж.), "Жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү" (2015-ж.), "Жаран кантип иденттешет?" (авторлоштор менен) - 2016-ж., Шайылдаева А.К. "Социология" Учебно-методическое пособие (2021-ж.), ж.б. окуу куралдары жарык көрдү.

Кафедрада окуунун бакалавриат, магистратура, аспирантура жана докторантура деңгээлдеринде күндүзгү окуу формасында иш алынып барылат. Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык

илимдер институтунун “Социология жана социалдык иштер” кафедрасынын алдындагы социологиялык изилдөөлөр лабораториясы 2021-жылы А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору болуп кайрадан түзүлдү. Ушундай аракеттердин натыйжасында социология илими Кыргызстанда окуу предмети, кесип жана илимдин бутагы катары калыптанып калды.

Социология илим, практика жана билим берүү катарында Кыргызстанда эң орчундуу илимдердин тармагын камтыйт. Бүгүнкү күндө жана келечекте кафедранын жана социологиялык борбордун ишмердүүлүгү социология илими боюнча докторлук жана кандидаттык диссертацияны коргоо боюнча атайын кеңештин иши менен тыгыз байланышта. Мунун негизинде кафедранын сапаттык жагдайы өркүндөйт, жаңы муундагы социологиялык илимдердин докторлору жана кандидаттары менен толукталат. Акыркы 3-4 жылдын ичинде эле кафедранын бир катар окутуучулары (Усубалиева А.А., Жолдошева А.Ш., Беделбаева А.З. ж.б.) кандидаттык диссертациясын, Жунушова С.О. докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргошту. Учурда кафедрада 10дон ашык социология боюнча илимий даражалуу окутуучулар социология жана социалдык иштер багыттары боюнча жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо эмгектенишет. Мындан тышкары дагы социологиялык билим алуу боюнча жаңы профилдик багыттарды ачуу, ошондой эле кыргыз тилинде окуу-усулдук куралдарды жана окуу китептерин даярдоо мерчемделүүдө.



**Профессор А.Табалдиев**

### А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөчү социологиялык борборунун тарыхы

А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөчү социологиялык Борбору алгач Социологиялык лаборатория катары 1966-жылы Советтик республикалардын ичинен биринчилерден болуп Кыргыз мамлекеттик уни-

верситетинде негизделген. Бул лаборатория Кыргызстандагы биринчи социологиялык борбор болуп калган. Социологиялык лабораториянын негиздөөчүсү – философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Табалдиев Асанбек Табалдиевич болгон. Ал лабораториянын алгачкы башчылыгына өзүнүн окуучу-шакирти, кийинки илимдин доктору, професор Р. Ачылованы дайындаган. 1960-70-жылдары Табалдиев Асанбек Табалдиевич Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасына башчылык кылган. 1973-жылы А.Т. Табалдиев Кыргыз Совет энциклопедиясынын башкы редакторунун биринчи орун басары, андан кийин башкы редактору болуп иштеген.



Профессор Р.Ачылова

Ал кездеги «хрущевдик жылуулук» доорун профессорлор С.С. Нурова жана А.Н. Иваков мындайча эскеришкен: «Ал жылдары биздин республикабыздын илимий жашоосунда, алгач бир караганда, анчалык маанилүү эместей көрүнгөн окуя болуп өткөн эле, ал кийинчерээк бүтүндөй бир илимий багыттын өнүгүшүнүн башталышы болуп калды. Бул окуя – Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасынын алдында конкреттүү-социологиялык изилдөөлөрдүн лабораториясынын ачылышы, ал убакта кафедраны анчалык деле таанылa элек окумуштуу, философия илимдеринин кандидаты Асанбек Табалдиев жетектеп турган. Мындай профилдеги лабораториянын республикада биринчи болуп ачылышын илимий коомчулук айрым кооптонуулар менен кабылдады, себеби, социологиялык илим 1930-40-жылдары «буржуазиялык жалган илим» эсебине киргизилгендиктен бүткүл өлкөдө дале болсо толугу менен акталып, жандандырыла элек болучу. Ушуну колго алуу ал жылдары илимий эрдикке тете иш

эле. Себеби, социологиялык изилдөөлөрдүн бөтөнчө өзгөчөлүгү болуп коомдук кубулуштарды идеологиялык же дагы башка кийлигишүүлөрсүз кандай болсо, так ошондогудай кылып үйрөнүү эсептелинет. Ошол себептүү бул илим – жетиштүү азоо, ал эми аны жактоочулар, социологдор оңойчулук менен келишүүчүлүккө барбаган, кежир жана объективдүүлүк идеясына баш-оту менен берилген эл болушат. Көрүнүктүү окумуштуу-философ, социолог-практик, Кыргызстандагы биринчи "талаалык" социологиялык изилдөөлөрдүн уюштуруучусу, философия илимдеринин доктору, Кыргыз Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, республиканын илимий коомчулугу тарабынан XX кылымдын илиминдеги көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн Алтын медалы менен сыйлоого талапкерликке көрсөтүлгөн Асанбек Табалдиев так мына ушундай инсан болгон».

Кыргызстанда 1960-1970-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин социологиялык лабораториясынын базасында "Элдин турмушундагы Улуттук жана интернационалдык маселелер", "Элдин маданияты жана Сиз", "Нике жана үй-бүлө сиздин түшүнүгүңүздө" деген темаларда социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий жыйынтыктар чыгарылган. Мындай изилдөөлөрдүн негизинде кыйла бараандуу илимий эмгектер жаралган. Алсак социология илиминин башатында турган А.Табалдиевдин "Лениндин улуттук теориясы жана азыркы учур" (1971), "Улутум бар, уруум жок" (1970), "Гомер жана Гомерлер" (1970), "Дагы бир жолу Андрейчиктин улуту жөнүндө" (1973), "Доорубуздун достугу" (1974), "Салт жөнүндө ой" (1965), "Айыл маданияты жөнүндө сөз" (1966), "Сүйүүдөн турмуш жаралат" (1970) ж.б. эмгектери.

Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун социологиялык лабораториянын уюштурулушу, анын Борбор катары кайра түзүлүшү бүгүнкү күндө да эмпирикалык социологиялык изилдөөлөргө талаптын күчтүүлүгүн кабарлайт. Ал борборго А.Табалдиевдин атынын берилиши да мыйзам ченемдүү. Бүгүнкү күндө бул Борборду социология багытындагы мыкты адис - С.Д. Караева жетектөөдө. А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөчү социологиялык Борбор изилдөөлөрдү объективдүү, жогорку теориялык деңгээлде жүргүзүүнү эң негизги милдети катары кабыл алган. ЖОЖдо рыноктук мамилелер

шарттарындагы билим берүүчүлүк кызматынын сапаты боюнча социологиялык изилдөөлөр бөтөнчө жигердүүлүк менен жүргүзүлүүдө. Социологиялык Борбор ошондой эле студенттерге «Социология», «Социалдык иштер» багыттары боюнча социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн практикалык көндүмдөрүн үйрөтөт. Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер институтунун А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөчү социологиялык Борбор төмөнкү багыттар боюнча колдонмолуу социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө ниеттенүүдө: 1. Коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу жана өлкөнү өнүктүрүүнүн заманбап баскычынын талаптарына жооп берүүчү адистерди даярдоо максатында билим берүүчүлүк кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу; 2. Кыргызстан коомунун экономикалык, саясий жана руханий маселелеринин социологиялык жагдайларын изилдөө; 3. Заманбап жаштардын социалдык көйгөйлөрү ж.б.

**Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын тарыхы**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин педагогика кафедрасы биринчи жолу Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун базасында 1938-жылы уюштурулган. Алгач уюшулган мезгилде кафедра үч гана адамдан турган: кафедра башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.В. Валитова, кафедра мүчөлөрү: ага окутуучу Р.И. Валитова жана окутуучу Н.Н. Борисова.

1951-жылы Кыргыз мамлекеттик университети болуп түзүлгөндөн кийин педагогика кафедрасынын биринчи кафедра башчысы п.и.к., доцент Б.К. Кулдашев болгон. Андан кийин кафедра башчысы болуп п.и.д., профессор А.Я. Арет, п.и.к. О.К. Карабаев, СССР ПИАнын корреспондент- мүчөсү, п.и.д., профессор М.Р.Балтабаев (1966-1975), п.и.к., профессор Н.И. Имаева (1975-1985); (1990-1994) п.и.д., профессор Н.А. Асипова (1985-1990); (1994-1996); (1998-2001), п.и.д., СССР ПИАнын (АПН) жана КР УИАнын академиги А.Э. Измайлов (1996-1998), п.и.к., доцент Т.С. Сатыбекова (2003-2006), п.и.д., профессор Р.И. Курманходжаева (2006-2007), п.и.д., профессор Д.Б. Бабаев (2008). 2008-жылдын ноябрь айынан баштап 2016 ж. п.и.д., профессор А.С. Раимкулова, 2017 жылдын 29 ноябрынан 2023 жылдын 8 ноябрына чейин кафедранын башчысы болуп п.и.д., профессор

Н.А.Асипова, 2023 жылдын 9 ноябрынан азыркы учурга чейин кафедранын башчысы болуп п.и.д., профессор Г.Т. Карабалаева иштөөдө.

Ошол мезгилден бери педагогика кафедрасынын курамы сан жана сапаты жагынан институтта (факультетте) гана эмес, жалпы эле университетте дагы алдынкылардан болуп эсептелинет.

Кафедра уюшулгандан бери илимий изилдөө иштерге чоң көңүл бурулуп келе жатат. Мисалга алсак, педагогика кафедрасынын колдоосу менен 12 педагогика илимдеринин докторлору даярдалды. Алар: М.Я. Арет, М.Р. Балтабаев, К.А. Эмих, Н.А. Асипова, Г.С. Акиева, Р.И. Курманходжаева, Л.П. Мирошниченко, А.А. Алимбеков, А.С. Раимкулова, Г.Т. Карабалаева, Р.Т. Сулайманова, М.А. Сатыбекова.

Мындан тышкары төмөнкү окумуштуулар: Г.О. Норузбаева, З.К. Кусеинова, Н.А. Асипова, Р.Т. Сатылганова, Т.С. Сатыбекова, Г.С. Акиева, А. Адылбек кызы Гулназ А. Алимбеков, А.А. Аттокуров, Ы.Ж. Жакеева, В.П. Шапарев, А.С. Раимкулова, М.А. Новикова, Г.Т. Карабалаева, Р.Т. Сулайманова, К.Б. Көлбаев, А.М. Ниязова ж.б. кандидаттык диссертациялык иштерин коргошкон.

Бүгүнкү күндө кафедрадагы профессорлук-окутуучулук курамдын катарында педагогика илимдеринин төрт доктору:



**Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.А. Асипова**



**Педагогика илимдеринин доктору, профессор А.С. Раимкулова**



**Педагогика илимдеринин доктору, профессор Г.Т. Карабалаева**



**Педагогика илимдеринин доктору, профессор М.А. Сатыбекова**

Педагогика илимдеринин кандидаттары, доценттер Т.С. Сатыбекова, В.А. Нужный, А.С. Баялиева, ага окутуучулар: Д.Т. Калибекова, Т.М. Мусакулов, Т.К. Темиралиева, Д.А. Айтымбетова, С.А. Нурбекова окутуучу А.С. Аркабаева ийгиликтүү эмгектенишет.

КУУдагы педагогика кафедрасында иштеген жана иштеп жаткан ардагерлеринен атасак, алар: п.и.к. профессор Н.И. Имаева, п.и.к. Г.О. Норузбаева, п.и.к. З.К. Кусеинова, п.и.к. Т.С. Сатыбекова ж. б.

Азыркы учурда кафедранын мүчөлөрү көп баскычтуу жогорку билим берүү проблемасынын үстүндө педагог-психолог профили боюнча бакалавр, жогорку мектептин педагогикасы жана билим берүү уюмдарын башкаруу боюнча магистрдик, педагогика багытында батыш моделиндеги докторантура жана салттуу педагогика илиминин кандидаттарын жана докторлорун даярдоо маселесин чечүү боюнча жигердүү иштерди алып барууда.

Кафедранын окутуучулары төмөнкү илимий маселелердин үстүндө иштешүүдө:

1. Азыркы шартта жаштардын билим сапатын жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негиздери. Теманын жетекчиси, кафедра башчысы, п.и.д., профессор – Г.Т. Карабалаева. Аткаруучулар: Баялиева А.С., Нурбекова С.Н., Шерматова С.Н.

2. Заманбап шарттарда жаштардын билим сапатын жогорулатуунун психологиялык жана педагогикалык проблемалары. Теманын жетекчиси – п.и.д., профессор Н.А. Асипова. Аткаруучулар: Сатыбекова М.А., Байтокова А.С., Д.Т. Калибекова, Мусакулов Т.М.

3. Классикалык университетте болочок мугалимдердин кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууну өркүндөтүү. Теманын жетекчиси – п.и.д., профессор А.С. Раимкулова. Аткаруучулар: Нужный В.А., Т.К. Темиралиева, Д.А. Айтымбетова, А.С. Аркабаева, А.).

Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы биринчи жолу 2008-2009 окуу жылынан баштап төмөнкү адистиктер боюнча жогорку билимдүү адистерди даярдап баштады:

- "Педагогика жана психология" профилиндеги педагогика багындагы бакалаврларды;
- "Жогорку мектептин педагогикасы" жана "Педагогика жана психология" боюнча магистрлерди.

Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын окумуштуулары окутуунун жана тарбиялоонун теориясы, таанып билүү активдүүлүктөрүн өнүктүрүү, интерактивдүү методдордун билим берүү практикасындагы колдонулушу ж.б. актуалдуу маселелер боюнча жигердүү илимий-изилдөө иштерин талыкпай жүргүзүп келишүүдө. Ушул жана башка актуалдуу маселелер боюнча кафедранын жамааты студенттер үчүн окуу, окуу-методикалык адабияттарды чыгаруунун үстүндө үзгүлтүксүз иштешет. Кафедранын автордук курамы кыргыз тилинде төмөнкү китептерди жарыкка чыгарышты:

- Билим берүүнүн философиясы (2008);
- Педагогика боюнча окуу программасы (2008);
- Дидактика (2009);
- Жалпы дидактика (2010);
- Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам (2010, автору А.С. Раимкулова);

- Риторика жана педагогикалык ойлордун калыптанышы, өнүгүшү (2010) (автору: А.С. Раимкулова);
- Жалпы педагогика (2010);
- Заманбап билим берүү парадигмалары (автору: Асипова Н.А.);
- Этнопедагогика.(2019);
- Педагогикалык психология (2023) боюнча окуу курал ж.б

Кафедра алыскы жана жакынкы мамлекеттердин жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта иш алып барышууда. Алардын ичинде Казахстан Республикасынын Л.Н. Гумилев атындагы Евразиялык улуттук университети, Казахстандын Аль – Фараби атындагы улуттук университети, Абай атындагы Казахстандын улуттук педагогикалык университети, Германиянын Дортмунд техникалык университет (Германия), Кент Стейт университет (АКШ), Турциянын Маниса шаарындагы Желал Баяр университети, Польшадагы Коперник атындагы университет (Торун шаары, Польша), Россиянын эл аралык табигый илимдер академия, К.Д. Ушинский атындагы Ярославль мамлекеттик университети (Ярославль шаары, Россия), эл аралык социалдык жана гуманитардык илимдер академиясы ж.б. атасак болот.

Жогорку мектептин педагогикасы кафдрасынын мүчөлөрү көп баскычтуу жогорку билим берүү боюнча илимий жана методикалык борбор болуп эсептелет жана кыргыз тилинде окуу куралдарды даярдоого зор салым кошуп келүүдө.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун "Жогорку мектептин педагогикасы" кафедрасы бай тарыхка ээ. Кыргызстандын жаркын келечегин кура турган жаш муундарды тарбиялоодо мындан ары дагы зор эмгектерди жасай беришмекчи.

**Психология кафедрасынын тарыхы**

Психология кафедрасы 1985 жылы түзүлгөн. Кафедра иштеп баштаган биринчи күнүнөн баштап, Ленинград мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү, психология илимдери тармагындагы мыкты адис, ошол кездеги психология илимдеринин кандидаты (азыркы мезгилде психология илимдеринин доктору), профессор Чынара Асановна Шакеева жетекчилик кылган.



**Шакеева Чынара Асановна**, Кыргыз-Россия Билим берүү академиясынын (КРАО) ректору, психология илимдеринин доктору, профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек синирген ишмер, билим берүүнүн отличниги, Россия Федерациясынын Педагогикалык жана коомдук илимдер академиясынын (АПиСН) анык мүчөсү (академик), Ж. Баласагын атындагы КУУнун, Эл аралык Ч. Айтматов университетинин, Сока университетинин (Токия, Япония) Ардактуу профессору.

Психология кафедрасы иштеп баштагандан тарта Москва, Ташкент, Ленинград университеттеринин бүтүрүүчүлөрү менен-квалификациялуу адистер менен толукталып турду. Кафедранын эң биринчи мүчөлөрүнөн болуп Гершун Семен Исаевич, Джоокаев Джумакадыр Джоокаевич жана Москва мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү Лариса Чынтемировна Мусуралиева болгон. Гершун С.И., Джоокаев Дж.Дж. биринчилерден болуп психологиялык терминдердин кыргызча - орусча сөздүгүн түзүшкөн.

Жаңы кафедранын ачылышы психология кафедрасында иштеген мугалимдердин алдына жаңыча чон талаптарды койду. Психология кафедрасы тарабынан жаңы психологиялык дисциплиналар иштелип чыгарылып, жаңыча окуу программаларын окуу процесстерине киргизилип, иш жүзүнө ашырыла баштады. Учур талабына жооп бере турган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багыт алды.

1996 жылы биринчи жолу Кыргызстанда «Психолог» адистиги боюнча жогорку билимдүү кадрлар даярдалып чыгарылды. Ошол жылдан баштап психология кафедрасы «Психолог» адистиги боюнча кадрларды даярдап чыгаруучу (выпускаящая) кафедра катарында жашап келет.

1998-2001ж.ж. аралыгында кафедраны Новосибирск университетинин бүтүрүүчүсү, психология илимдеринин доктору С.В. Фатеев башкарды.

2003-2004 ж.ж. кафедранын башчылыгынын милдетин психология илимдеринин кандидаты, доцент Т.А. Коңурбаев аткарды.

2005-2007ж.ж. кафедраны психология илимдеринин кандидаты, доцент Камчыбек уулу Мырзабек жетектеди.

2007ж. баштап психология кафедрасын философия илимдеринин кандидаты, психологиянын доценти Ж.К. Ниязова жетектеп келет.

Психология кафедрасы иштеп баштагандан тартып, 3 докторлук, 3 кандидаттык диссертация, көптөгөн магистранттардын илимий иштери даярдалды.

Психология кафедрасынын профессордук–окутуучулар жамааты тарабынан көп сандагы илимий эмгектер чыкты: Бирюшев Р.Р. «Одаренные дети. Концепция научно- исследовательской работы» Кокшетау 1998 ж., Фатеев С.В., Бирюшев Р.Р. «Суицидально - направленное поведение подростков, особенности его диагностики и профилактики» (Методические рекомендации), Бишкек 2001ж., Фатеев С.В. «Взаимосвязь бессознательного и сознания в творческой деятельности». / Русский язык и литература в школах Кыргызстана. 2001ж. №2, Шапарев В.П. «Психология принятия управленческих решений в группе», Бишкек 2001ж., Конурбаев Т.А. “Психолого-педагогические условия усвоения кыргызских традиций детьми” Бишкек 2003ж. Бул монография Кыргыз өкмөтүнүн «Алтын диплому» мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон, Камчыбек уулу Мырзабектин «Становление правосознания современной молодежи», - деп аталган илимий монографиясы Москва шаарында 2004 - жылы басмадан чыккан, Камчыбек уулу Мырзабек, Чолпонкулова Н.Т. ж.б. «Курак психологиясы» окуу куралы 2011- жылы жарык коргон. Бул эмгек Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы катары сунушталган. Камчыбек уулу Мырзабектин 2023-жылы жарык коргон: “Самопонимание личной и социальной идентичности в суверенном Кыргызстане 21 века” деген аталыштагы илимий монографиясы 376 барактан турат.

2005-ж. Ниязова Ж.К тарабынан «Этикет кыргызов: сущность и социокультурная ценность» монографиясы жарыкка чыкты. 2009-ж. кафедранын мүчөлөрү Л.Ч. Мусуралиева, Б.К. Наралиева тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин

грифи менен «Келишпестикти таануу» аттуу окуу куралы жарыкка чыкты.

2009-ж. Б.К. Наралиева тарабынан «Эмоция жана сезимдин кыргыз фразеологиялык сөздөрүндө чагылдырылышы» окуу куралы да Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен жарыкка чыкты.

Кафедранын мүчөлөрүнүн көптөгөн эмгектери Россия Федерациясында, Казакстанда жарык көргөн жыйнактарга жарыяланды.

2007-жылдан бери психология кафедрасынын эмгек жамааты жаңы “Клиникалык психология” адистиги боюнча студенттерди кабыл алып, жогорку билимдүү адистерди ийгиликтүү даярдап жатат.

Психология кафедрасынын алдында практикалык психолог кабинети ачылып, бул жерде этникалык психология, экономикалык психология, психодиагностиканын негиздери, курак психологиясы, инсан психологиясы, психологиялык кызматты уюштуруу жана башка ушул сыяктуу сабактарды студенттер тарабынан өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтүп келүүдө.

**Дин таануу жана теология кафедрасынын кыскача тарыхы**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин дин таануу кафедрасы 1998-жылы негизделген. Кафедранын негиздөөчүсү - философия илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүно эмгек синирген ишмер, дин таануу жана теология окуу-методикалык бирикмесинин төрайымы Өмүрова Толкун Өмүровна.

1998-жылы постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттердин диний кырдаалынын жана диний саясатынын өзгөрүшүнө байланыштуу дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен Россияда дин таануу илиминин калыптануу мисалдарын изилдеп, изилдөөнүн негизинде Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде дин таануу кафедрасы ачылган.

Кадрдык жана библиографиялык камсыздоонун кыйынчылыктары жоюлду, эң кыйыны – жогорку окуу жайдын алкагында илимий багыт жана окуу дисциплина катары дин таанууга болгон мамилени калыптандыруу иш аракети болду. Бүгүнкү күндө көп улуттуу жана көп конфессиялуу Кыргызстандын шартында дин таануу боюнча кесиптик билим берүнүн зарылдыгы талашсыз.

2006-жылдан бери дин таануу кафедрасы дин таануу багытында фундаменталдуу жана тереңдетилген атайын даярдоону жүргүзүп, даяр адистерди бүтүрүп чыгаруучу кафедра болуп келе жатат. Дин таануучуларды даярдоонун билим берүү программасында жалпы философиялык даярдыгы менен диндерди дисциплиналар аралык изилдөө каралган. Дин универсалдуу көп өлчөмдүү (социалдык, психологиялык, антропологиялык, тарыхый ж.б.) кубулуш катары түрдүү методологиялык позицияларды колдонуу менен изилденет. Университетибизде билим берүү азыркы светтик дин таануунун принциптерине ылайык таза светтик мүнөздө жүргүзүлөт.

Жусуп Баласагын атындагы КУУда дин таануу багыты боюнча билим берүү эки формада жүргүзүлөт:

• бардык деңгээлдердеги (бакалавр, магистратура, аспирантура, докторантура) жана бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы негизде билим берүүнүн формасын (күндүзгү) дин таануучу даярдоону ишке ашыруу;

• университеттин факультеттеринде жана структуралык бөлүмдөрүндө «Дин таануу» дисциплинасын тандоо курсу катары окутуу.

Бүгүн Ж.Баласагын атындагы КУУда дин таануу жана теология кафедрасы – Кыргызстанда дин таануу боюнча адистерди даярдоочу алдыңкы борборлордун бири, «Дин таануу» адистиги жана «Дин таануу» жана “Теология” багыттары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгуу боюнча базалык окуу-методикалык бирикмеси, ошондуктан, кафедра мүчөлөрү тарабынан төмөндөгүлөр иштелип чыккан: Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты «Дин таануу» адистиги боюнча 5 жылдык окуу мөөнөтү менен (2006-жыл); «Дин таануу» (531400) жана «Теология» (531600, 531500) (бакалавр, магистратура; кыргыз жана орус тилдеринде) багыттары боюнча Кыргыз Республикасынын 3 муундагы Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты; «Дин таануу» жана «Теология» багыттары боюнча окуу планы; Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлар үчүн «Дин таануу», «Дин тарыхы» дисциплиналары боюнча типтүү программалар.



**Омурова Толкун Омуровна**
**филос. илим. канд., профессор**



**Осмонова Динара Аскарбековна**
**филос. илим. доктору, профессор**

Жогорудагы жагдайларды эске алып, бул боштукту толтуруу аракетин көрүп, башка кесиптин ээлери «Дин таануу» багыты боюнча магистратурага тапшырышат. Дин таануу жана теология кафедрасынын максаттарынын бири - дин таануу багытында окууга аркыл тармактын студенттерин жана адистерин тартуу. Жогоруда айтылгандардан тышкары, кафедра ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин С. Жапаровдун жогоруда аталган № 177 2022-жылдын 7-июнунда Жарлыгын ишке ашыруу менен өлкөнүн орто мектептеринде дин таануучу квалификациясы бар «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметиндеги мугалимдердин кескин жетишсиздиги көйгөйүн чечүүгө салым кошот. [6]. Албетте, билим берүү программасы жана колдо болгон окуу-методикалык адабияттар канчалык кемчиликсиз болбосун, алар – мугалимин окуу процессинин негизги адамы жана негизги ресурсу менен алмаштыра албайт жана анын окуучуларды окутууда да, тарбиялоодо да аныктоочу ролун азайта албайт. Практика көрсөткөндөй, мугалимдин даярдыгынын деңгээли окутуунун сапаты жана дин таануу боюнча окуу программаларын натыйжалуу өздөштүрүү менен байланышта болот. Көбүнчө кафедра тигил же бул дисциплинаны тандоодо (өзгөрмө бөлүгүнөн) тиешелүү кесиптик компетенцияга, окутулуп жаткан дисциплинаны түшүнүүгө жана аны окууга жөндөмдүү мугалимге артыкчылык берет. Ушуга байланыштуу кафедранын профессордук-окутуучулар курамын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик өнүктүрүү маселеси олуттуу жана маанилүү.

Бул маселени чечип, кафедранын профессорлору Т.О. Омурова жана Д.А. Осмонова квалификациясын жогорулатуу программасы

боюнча Москва ш. «Ислам тарыхы жана маданияты боюнча терең билими бар адистер үчүн кошумча кесиптик билим берүүнү уюштурууметодикалык негиздери» деген 72 саат өлчөмүндө; Рига ш. «Заманбап илимдин глобалдык өнүгүүсү басма чөйрөсүнүн контекстинде: тарыхый, геосаясий жана салыштырма аспектилери» программасы боюнча Балтика эл аралык академиясында 40 күн бою дин таануу боюнча онлайн-стажировка өтүштү; кесиптик жана лингвистикалык программасы боюнча «Дин негиздери жана англис, араб жана түрк тилдери» темадагы стажировканы Имам Хатип Фатих Султан атындагы Анадолу Эл аралык лицейинде, Түркиянын Стамбул ш. бир айдын ичинде өтүштү, ошондой эле проф. Осмонова Д.А. Москва ш. дин таануу боюнча 10 күндүк стажировкадан өттү.

Кафедранын баардык окутуучулары өздөрүнүн педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу максатында ар кандай билим берүү программалары боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарында пландуу жана пландан тышкаркы негизде окутулат, окуу жана илимий семинарларга, окуу тренингдерине, мастер-класстарга, вебинарларга, чакырылган адистердин катышуусу менен Ж.Баласагын атындагы КУУда жана республиканын башка жогорку окуу жайларында болгон лекцияларга катышышат. Кафедранын алкагында ай сайын заманбап дин таануу илиминин актуалдуу темалары боюнча методикалык семинарлар, ошондой эле республиканын диний чөйрөсүндөгү көйгөйлөргө тиешелүү темалар боюнча жаш мугалимдер менен сабактар - жаш адистерге тажрыйбасы бар мугалимдер тарабынан өткөрүлүп турат. Окуу процессин уюштуруу жана методикалык жактан камсыз кылуу маселеси кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын сапаттык курамы аркылуу ийгиликтүү чечилет, аны кафедранын базасында бар аспирантура жана докторантура аркылуу бекемдөө үчүн жетиштүү потенциалга ээ.

Белгилей кетсек, кубанычтуу көрүнүш болуп проф. Д.А.Осмонова кафедранын базасында докторантураны бүтүп, 2020-жылы Кыргызстанда дин таануу боюнча биринчи докторлук диссертацияны «Диний дүйнө көз караш системасындагы гендердик карым-катнаштар» темасында ийгиликтүү коргогон (адистик шифри: 09.00.13 – дин таануу, философиялык антропология жана маданият философиясы). Кыргыз

Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин ишине жакынкы чет өлкөлөрдөн келген белгилүү дин таануучулар кошумча мүчөлөрү болуп катышкан.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын илимий ишмердүүлүгүнүн маанилүү көрсөткүчү болуп тажрыйба жана билим алмашуу жүрүп жаткан ар кандай деңгээлдеги илимий семинарларга жана конференцияларга катышуу саналат. Кафедранын окутуучулары Орусияда, Казакстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда, Түркияда ж.б. уюштурулган илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларга катышты.

Эл аралык стандарттарга жооп берген билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун, илимий изилдөөлөрдө тажрыйба алмашуунун, инновациялык чечимдерди жана идеяларды колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү каражаты болуп ички жана тышкы байланыштарды камтыган ЖОЖдор аралык кызматташуу саналат. Кафедра Аль Фараби атындагы Казак улуттук университетинин дин таануу жана маданият таануу кафедрасы, Абу Али ибн Сина атындагы мамлекеттик медициналык университетинин коомдук дисциплиналар кафедрасы, Орусия ислам университетинин регион таануу кафедрасы, Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин теология кафедрасы, Мирзо Улугбек атындагы Өзбек улуттук университетинин руханият жана дин таануу негиздери кафедрасы, В.Г.Шухов атындагы Белгород мамлекеттик технологиялык университетинин илим теориясы жана методологиясы кафедрасы, Беларусь мамлекеттик университетинин теология институтунун дин таануу кафедралары менен өнөктөштүк мамиледе. Биз башка ЖОЖдор менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты мындан ары да кеңейтүүнү улантмакчыбыз, педагогикалык процессти уюштурууда, окуу, окуу-методикалык жана илимий адабияттарды даярдоодо окууга жана тажрыйба алмашууга да аракетибиз бар жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо да биздин максатыбыз магистрлерди, PhD докторлорду, илимдин кандидаттарын жана докторлорун ж.б. бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик суроо-талаптары жогорку окуу жайынын кадыр-баркынын эң маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Университеттин ишинин артыкчылыктуу багыты болуп бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу жана кесиптик адапта-

циялоо маселесин чечүүдө колдоо көрсөтүү болуп эсептелет. Ошентип, Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартында (МББС) 531400 - дин таануу багытында «бакалавр» жана «магистр» квалификациялары үчүн 3.7 п. «Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрү» ишке орноштуруунун баардык мүмкүн болгон багыттарын кеңири аспектиде эске алууда педагогикалык гана эмес, илимий-изилдөө, уюштуруу-башкаруу, ошондой эле эксперттик иштерди камтыйт жана МББСтин негизинде билим берүү программаларынын мазмуну жана иш окуу пландары иштелип чыгат. Мунун негизинде кесиптик өтүнмөнүн төмөнкү варианттары мүмкүн: педагогикалык – бүтүрүүчү мектепте же университетте окутуучулук ишмердүүлүк менен алектенүүгө ниеттенүүдө; академиялык – бүтүрүүчү илимий-изилдөө иштерине жайгаштырылган; мамлекеттик – келечектеги адис алган билимин менеджмент жана башкаруу, маданият, укук коргоо органдары, массалык маалымат каражаттары ж.б.

Дин таануу билим берүүнүн калыптанышында жана өнүгүшүндө теориялык, уюштуруучулук-методикалык мүнөздөгү көптөгөн көйгөйлөр жоюлуп, чечилип жатканына карабастан, белгилүү бир кемчиликтер жана кыйынчылыктар бар, алар аркылуу дин таануу кафедрасы гана эмес Ж.Баласагын атындагы КУУнун ошондой эле Кыргызстандын дин таануу боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу маселелери төмөнкү жетишпестиктерди камтыйт:

- дин таануу адистиги боюнча диссертацияларды коргоо боюнча кеңештин, мугалимдер үчүн окуутуу жана квалификацияны жогорулатуу институттарынын жоктугу;
- республикада дин таануу боюнча окуу-методикалык, илимий, илимий-методикалык адабияттардын жетишсиздиги, колдо болгон адабияттар негизинен орус тилинде жана чет өлкөлөрдө басылып чыккандыктан, тигил же бул диндин аймактык өзгөчөлүктөрүн, азыркы диний кырдаалды чагылдыра албайт;
- диндердин тарыхы жана диний салттарды өнүктүрүүнүн тарыхый аспектилерине арналган окуу китептери жана окуу куралдары жеткиликтүү, ошол эле учурда диндин социологиялык, психологиялык, философиялык жана башка тармактарынан жетишсиз;

• түздөн-түз бөлүштүрүү жана адистер үчүн жумуш орундарын түзүүнүн системасынын жоктугунан улам ишке орноштуруу жаатындагы кыйынчылыктар;

• дин тармагындагы актуалдуу жана практикалык көйгөйлөрдү чечүүдө адистерди, окумуштууларды, эксперттерди, изилдөөчүлөрдү бириктирген дин таануучулардын коомунун жоктугу;

• Кыргызстанда динди жана динди изилдөө маселелерин камтыган, ушул тармакта илимди өнүктүрүүгө колдоосун көрсөткөн илимий-теориялык журналдын жоктугу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде дин таануу билимин берүүнү жакшыртуу максатында төмөнкү сунуштар бар:

1. Кыргызстанда «Дин таануу» адистигинин шифри боюнча диссертацияларды коргоо боюнча кеңешти түзүү, анткени илимий изилдөөлөрсүз дин таануу билим берүүнү өнүктүрүү мүмкүн эмес;

2. бүткүл дүйнөдө жана биздин өлкөдө динге болгон кызыгуунун жогорулашын жана фундаменталдык, диний-экстремисттик агымдардын активдүүлүгүнүн жогорулашын эске алуу менен кесиптик ишмердүүлүгү дин чөйрөсүнө тиешелүү адистерди даярдоо жана кайра даярдоо курстарын уюштуруу зарыл. Ошондой эле, өлкөнүн баардык жалпы билим берүү мекемелерине «Диндердин өнүгүү тарыхы» жаңы предметинин киргизилишине байланыштуу дин таануу боюнча мугалимдерди даярдоо жана өлкөнүн жогорку окуу жайларына «Дин таануу» предметин киргизүүнү чечүү;

3. дин таануунун негизги багыттары боюнча (дин тарыхы, дин философиясы, дин социологиясы, дин психологиясы, дин антропологиясы, дин феноменологиясы) орус жана кыргыз тилдеринде дин таануу боюнча окуу, окуу-методикалык, илимий, илимий-методикалык адабияттарды басып чыгаруу;

4. мамлекет «Дин таануу» дисциплинасынын өлкө үчүн, анын улуттук коопсуздугу үчүн стратегиялык мааниге ээ экендигине жана «Дин таануу» багыты боюнча билим берүү гранттарынын санын көбөйтүүгө көмөктөшүү, ошондой эле дин таануучу адистер үчүн жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшүү маселелери. Ошентип, дин таануу билим берүүдөгү жогорудагы кадамдар көп конфессиялуу жана көп улуттуу Кыргызстандын шарттарында жыл сайын муктаждыгы

өсүп жаткан окутуучулук, мамлекеттик кызмат, илимий-изилдөө жана эксперттик ишмердүүлүккө даяр дин таануучулардын жогорку кесипкөй кадрларын даярдоого мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Иванова, И.И. Кыргызстандагы дин таануу билими: келип чыгышы, өнүгүүсү, келечеги [Текст] / И.И. Иванова // Дин жана тарых: V эл аралык илим.-практ. конф. матер. жыйн. – Минск: Беларусь мамлекеттик университети, 20-22-апрель, 2017. - 177-178-б., 182-б.
2. Иванова, И.И. Кыргызстандын теологиялык университеттери дин аалымдарын даярдоо системасында: диний-светтик билим берүү интеграциясынын тажрыйбасынан [Текст] / И.И. Иванова // Россиядагы абийир эркиндиги: тарыхый жана заманбап аспектилери: макал. жыйн. - Владивосток: Орусия илимдер академиясынын Чыгыш бөлүмү, 2018. – 82-б., 92-93-бб.
3. Лукашов, В.А., Омурова, Т.О. Дин таанууну окутуунун методологиясын өркүндөтүү [Текст] / В.А. Лукашов, Т.О. Омурова // Кыргыз-Орус Славян университетинин жарчысы. – 2009. - Т. 9. - № 3. – 13-б.
4. Маматкулов, Ш.И., Ниязов, Б.А. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында дин таануу жана теология багыттарынын окшоштуктары жана айырмачылыктары [Текст] / Ш.И. Маматкулов, Б.А. Ниязов // Азыркы илим: теориядан практикага: эл аралык илим.-практ. конф. макал. жыйн. - Пенза: Илим жана билим, 25-март, 2024-ж. – 118-б., 117-б.
5. Осмонова, Д.А. Дин менен билим берүүнүн өз ара байланышы: Жусуп Баласагын атындагы КУУда дин таануучуларын даярдоо тажрыйбасы [Текст] / Д.А. Осмонова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. - 2022. - № 1 (109). – 155-б., 158-бб.
6. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарына «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү жөнүндө [Текст]: Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун 2022-жылдын 7-июнундагы № 177 Жарлыгы // Эркин Тоо. – 2022. – 10 июнь.
7. Базаркулов, С.О. Кыргызстандын мектептеринде диний билим берүүнү издөө [Текст] / С.О. Базаркулов // Илим, маданият, билим дүйнөсү. - 2021. № 2 (87). - 184-186-бб.

8. Осмонова, Д.А. Дин таануу билим берүүнүн маңызы, өзгөчөлүгү жана көйгөйлөрү (Ж. Баласагын атындагы КУУнун мисалында) [Текст] / Д.А. Осмонова //Билим жана руханий коопсуздук. – Уфа: 2017. - № 1 (1). – 47 б.

9. Геранина, Г.А. Заманбап дин таануу билим берүүдө диний иденттүүлүктүн калыптануу проблемаларына социалдык-философиялык талдоо [Текст]: филос. илим. канд… дисс.: 09.00. 11 / Г.А. Геранина. – Архангельск: ПМУ, 2011. – 160 б.

10. Казаренков, В.И. Студенттердин өз алдынча билим алууга болгон кызыгуусун калыптандыруунун фактору катары класстан тышкаркы иштер [Текст] / В.И. Казаренков, Т.Б. Казаренкова, А.В. Литвинов //Акмеология. – 2016. - №4. – 227 б.

11. 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы. //http://religion.gov.kg/storage/link/ky/14/165909001262e3b45c68c0b.pdf . – 11-б.

**Жусубалиев Абдикаим Рысбаевич**
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер институтунун директору, соц.и.к., доцент;
**Малтабаров Бакытбек Амирович**
– Кыргызстандагы социологиялык ассоциациясынын (КСА) Вице президенти, Ж. Баласагын атындагы КУУнун СГИИнин директорунун социалдык иштер жана мамлекеттик тил боюнча орунбасары, соц.и.к., доцент.

## СОЦИОЛОГИЯ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР КАФЕДРАСЫ: АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕГИ ӨНҮГҮШҮ

**Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич**
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер институтунун директору, соц.и.к., доцент;
**Малтабаров Бакытбек Амирович**
– Кыргызстандагы социологиялык ассоциациясынын (КСА) Вице президенти, Ж. Баласагын атындагы КУУнун СГИИнин директорунун социалдык иштер жана мамлекеттик тил боюнча орун басары, соц.и.к., доцент.

## СОЦИОЛОГИЯ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИШТЕР КАФЕДРАСЫ: АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕГИ ӨНҮГҮШҮ

Социология илиминин Кыргызстандагы калыптанышы, биринчи кезекте, өткөн кылымдын 60-жылдарында Кыргыз мамлекеттик университетинде (КМУ) социологиялык лабораторияны түзгөн талантту окумуштуу жана уюштуруучу Асанбек Табалдиевдин ысымы менен байланыштуу. Бул социологиялык лаборатория Кыргызстандагы алгачкы социологиялык борбор болгон, анын негиздөөчүсү – Табалдиев Асанбек Табалдиевич (1935-1975-жж.), философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. 60-70-жылдары Табалдиев Асанбек Табалдиевич Улуттук университеттин философия кафедрасынын башчысы болгон. А.Т. Табалдиев 1973-жылы Кыргыз Совет Энциклопедиясынын

башкы редакторунун биринчи орун басары, ал эми 1975-жылдан Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редактору болуп иштеген. Социологиялык лабораториянын алгачкы жетекчиси кылып Асанбек Таабалдиев өзүнүн окуучусу Рахат Ачылованы дайындаган, кийинки илимдин доктору, профессор, кооомдук ишмер.

Социологиялык лабораторияда А.Т. Табалдиев жаш тарыхчылар менен филологдорду, экономисттер жана математиктерди бириктирди: А. Карыпкулов, С. Нурова, Ч. Айтбаева, М. Артыкбаев, Р. Ачылова, А. Иваков, А. Тишина, В. Сиротин, М. Эркебаев, Ч. Айтбаева, К. Токтогулов ошондой эле К. Бектурганов жана башкалар "конкреттүү – социологиялык изилдөөлөр" ийриминин мүчө студенттери. Биринчи социологиялык изилдөөлөр, албетте, республикалык коомдук илимдин казынасына кирген. А. Табалдиевдин ысымы Кыргыз Республикасынын энциклопедиясына, улуттук жана улуттар аралык мамилелердин, бош убакыттын, шаардын жана айылдын социологиясынын, жашоо образынын жана нике, үй-бүлөлүк мамилелеринин проблемаларын иштеп чыккан, социология боюнча окуу куралдарына, окуу китептерине татыктуу кирген.

Бул КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, профессор А.Т. Табалдиев жетектеген окуучуларынан анын социология мектебин түзүлгөн, өзүнүн илимий социологиялык ишмердигин менен өлкөбүздө белгилүү окумуштуулар: академик А. Карыпкулов, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, профессор М.Т. Артыкбаев, профессорлор Р.Ачылова, С.С. Нурова, К.Б. Бектурганов, А. Н. Иваков, А.И. Тишин, Ш. Шакитов, Ш. Эгембердиев, Т. Эсенгелдиев, М.А.Эркебаев сыяктуу көптөгөн КР ЖОЖдорунун алдыңкы профессорлору, доценттери жана окутуучулары чыгышкан.

1983-жылы КМУнун социологиялык лабораториясынын базасында Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин алдында республикалык коомдук пикирди изилдөө борбору (РК-ПИБ) уюштурулган, аны М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде прикладдык социология боюнча жактаган биринчи социолог (шифр 09.00.09) Кубанбек Бектурганов жетектеген.



Социология кафедрасынын алгачкы башчысы, социология илиминин доктору, профессор **Кубанбек Бектурганов**

1985-87-жылдары РКПИБтин кызматкерлери тарабынан ар кандай типтеги ондон ашык социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Чүй өрөөнүнүн эмгек ресурстарынын жаштар контингентин сарамжалдуу пайдалануу маселелери, жаңы ырым-жырымдарды турмушка киргизүү тажрыйбасы, Ош облусунун калкынын бир бөлүгүнүн аң-сезиминде жана жүрүм-турумунда диний калдыктардан арылуунун жолдору, социалдык жана саясий чөйрөнү өнүктүрүү проблемалары иликтенди. Изилдөөлөрдүн натыйжалары жана жөнөтүлгөн эскертүүлөрдө баяндалган практикалык сунуштар республиканын директивалык жана башкаруу органдарынын башкаруучулук чечимдерине негиз болгон.

Кыргызстанда социологияны өнүктүрүүдөгү жаңы этап КМШ мүчө башка өлкөлөрдөй эле, XX кылымдын 90-жылдарында башталган, анда илимий изилдөөлөр жана кесипкөй-социологдорду даярдоо үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн.

Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин социология кафедрасы ф.и.к., доцент Кубанбек Бектурганов тарабынан 1992-жылы түзүлгөн. Алгачкы жылдары кафедра университеттин дээрлик бардык адистиктери боюнча социологиялык жактан билим берүүнү камсыздоо ролун аткарган. 1993-жылдан тартып социология адистиги (багыты) боюнча өлкөдө биринчи жолу бүтүрүүчү кафедра болуп калды.

Кафедрага башчы болуп ф.и.к., доцент Бектурганов К. Б. көптөгөн жылдар бою жетекчилик кылган, андан кийин кафедра башчысы болуп философия илимдеринин доктору, доцент А.Х. Бугазов, философия илимдеринин доктору, профессор А.И. Тишиндер эмгектенишкен. 2000-2015-жылдары кафедраны кайрадан социология илимдеринин доктору, профессор К.Б. Бектурганов жетектеген. Бүгүнкү күндө

кафедра “социология жана социалдык иштер” деп аталып, аны 2015-жылдын сентябрынан тартып социология илимдеринин кандидаты, доцент Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич жетектеп келген. Азыр социология илимдеринин кандидаты, доцент Малтабаров Бакытбек Амирович жетектейт.



Социология жана социалдык иштер кафедрасынын башчысы, социология илимдеринин кандидаты, доцент
**Абдикайым Жусубалиев**

Бүгүнкү күндөгү бүт дүйнөнү кучагына алган ааламдашуу алкагында коомдун өнүгүшү, анын туруктуулугу, социалдык-демографиялык топтордун ортосундагы мамилелер, жалпы эле социалдык маселелердин өтө курчушуна алып келди. Булардын баары демократиялаштыруу, мамлекеттин эгемендүү мезгилинде жана ааламдашуу процессинде өлкөнүн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык турмушун реформалоого өбөлгө түзүүчү социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө коомдук муктаждык бар экендигин көрсөтүп турат.

Социологиянын бир нече тармактары боюнча аспиранттарды даярдоо башталды, 2008-жылы Магистратура программалары боюнча окууга биринчи кабыл алуу ишке ашырылды. Социологияны окуу предмети жана социология адистиги катары киргизүүнүн баштапкы этабында мугалимдердин, кадрлардын кыйла бөлүгүн социологиялык лабораторияларда, кызматтарда жана бөлүмдөрдө иштеген тажрыйбасы бар социолог-практиктер түзүшкөн, ошондой эле социологиялык изилдөө материалдары боюнча диссертацияларды жакташкан.

Кафедранын докторлордон, социология илимдеринин кандидаттарынан, профессорлордон жана доценттерден, ага окутуучулардан жана окутуучулардан турган профессордук-окутуучулук курамы жогорку квалификациялуу адистерди, кесипкөй-социологдорду жана социалдык кызматкерлерди чыгарууну камсыз кылат. Кафедранын кызматкерлери көптөгөн эл аралык жана Республикалык илимий конференцияларга активдүү катышып, монографияларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын басып чыгарышты.

Кафедранын алдында магистратура, аспирантура жана докторантура (күндүзгү жана сырттан окуу формалары) бар. Бул жерде «социалдык иш» (академиялык деңгээл – бакалавр) багыты боюнча студенттерди даярдоо ачык, анда социалдык иштерди жүргүзүүнүн методологиялары жана методикалары, калктын муктаж болгон категорияларын коргоо жана колдоо багыттары боюнча ар кандай атайын курстар өткөрүлүп келе жатат.

Социология илимдеринин кандидаты жана доктору окумуштуулук даражалары бар жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого XX кылымдын 90-жылдарынын аягында түзүлгөн Жусуп Баласагын атындагы КУУнун алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңеш түрткү берди, анда социология кафедрасы база болуп эсептелген. Диссертациялык Кеңештин иштеп жаткан жылдарында бир катар социология илиминин докторлору (К.Бектурганов, Б. Мотукеев, Н. Омуралиев, М. Мадалиев, Н. Мендибаев), ар кандай мекемелердин окутуучуларынан жана илимий кызматкерлеринен ондогон кандидаттык диссертациялар корголуп (А.Алдашева, М. Мадалиев, Н. Мендибаев, Б.Малтабаров, А.Жусубалиев, Ж.Асангулова, А.Усубалиева, А.Шайылдаева, Б.Кошбакова, А.Бедельбаева, А.Жолдошева), социологдордун жогорку квалификациялуу жаш муундарынын калыптанышына жана эң негизгиси социология илимине салым кошушкан.

## Билим берүү ишмердүүлүгү

Кафедрада билим берүү процессин уюштуруунун инновациялык формаларын, окутуунун жаңы ыкмаларын окуу процессине киргизүүгө, ошондой эле студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө олуттуу көңүл бурулууда.

Окутулуп жаткан дисциплиналарга кызыгууну арттыруу жана студенттердин чыгармачылык жигердүүлүгүн арттыруу үчүн кафедранын профессордук-окутуучулук курамы көйгөйлүү сабактар, иштиктүү оюндар, маалыматтык технологияларды колдонуу, ж.б. сыяктуу активдүү окутуу ыкмаларын колдонушууда. Окуу процессинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу студенттердин жана окутуучулардын окуу дисциплиналарынын алкагында биргелешкен чыгармачылык иш-аракеттерин уюштурууга чоң мүмкүнчүлүк берүүдө.

## Социология жана социалдык иштер кафедрасынын азыркы курамы:

**Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич -** 1993-жылы В.И.Ульянов-Ленин атындагы Казань мамлекеттик университетинин «Социология» бөлүмүн аяктап, «Социолог. Социалдык-саясий тартиптер боюнча окутуучу» адистигине ээ болгон.

Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин 1993-2002-жылдардын аралыгында М.Адышев атындагы ОшТУнун “Философия жана коомдук илимдер” кафедрасында окутуучу, ага окутуучу болуп эмгектенген.

2000-2012-жылдардын ОшМУнун “социология жана политология”, “Социалдык иштер жана башкаруу”, “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” кафедраларында окутуучусу, ага окутуучусу, доценти кызматтарда жана “Мамлекеттик башкаруу жана эл аралык мамилелер” факультетинде декандын орун басары болуп эмгектенген.

2012-2015-жылдарда Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин «Социология жана социалдык иштер» кафедрасынын доценти, ал эми 2015-жылдан ушул күнгө чейин Ж.Баласагын

атындагы Кыргыз улуттук университеттинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун “Социология жана социалдык иштер” кафедрасынын башчысы болуп эмгектенип келди.

“Социология” жана “Социалдык иштер” багыттарында атайын курстарды - «Социалдык иштердин методикасы жана технологиясы», «Социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо», «Социалдык иштердин деонтологиясы», “Социалдык стратификация и социалдык мобилдүүлүк” ж.б. сабактары боюнча лекция, семинардык сабактарды кыргыз жана орус тилдеринде жогорку илимий-методикалык деңгээлде өткөрүп, өлкөбүздүн социалдык чөйрөсү үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого зор салымын кошуп келүүдө. Окуу-методикалык, илимий багыттарда курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерге, магистердик диссертацияларга жетекчилик кылууда, өндүрүштүк, квалификация алдындагы практикаларда студенттерди жетектөөдө тажрыйбасы жогору. Ал 540100 - “Социология” жана 540200 - “Социалдык иштер” багыттары боюнча КР Билим берүү жана илим министрлигинин Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Окуу-усулдук бирикмелеринин мүчөсү катары социалдык иштер боюнча адистерди даярдоонун сапатын жакшыртуу багытында үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

А. Жусубалиев Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин окуу процессинде, коомдук ишмердүүлүгүндө активдүү катышат жана азыркы учурдун талабына ылайык жаңы окуу технологияларын пайдалануу менен студенттерге, магистранттарга жогорку илимий-педагогикалык деңгээлде сабак берет.

Ал илимий изилдөөлөргө жигердүү катышып, ийгиликтерди жаратып келүүдө. КР социалдык маселелерине багытталган жалпы 40дан ашык илимий макалалардын жана 1 илимий монографиянын автору жана 3 илимий монографиялардын авторлошу. Ошондой эле анын жетекчилиги менен түздөн-түз “социалдык иш” адистигинде билим алуучулар үчүн 2 окуу-усулдук китеп даярдалып, студент магистранттарга сунушталган. Анын бирөө эки: кыргыз жана орус тилдеринде жарык көрдү. А.Жусубалдиев Кыргызстандагы эле эмес чет өлкөлөрдөгү илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга ж.б. илимий форумдарга жигердүү катышып, жогорку илимий деңгээлдеги

докладдары менен өлкөбүздү татыктуу көрсөтүп келүүдө. Билим берүүнүн “Социалдык иш” багытын өнүктүрүү, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо чет элдик алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу боюнча Б.Ельцин атындагы Урал Федералдык университети, Алтай мамлекеттик университети, Приволжск (Казань) федералдык университети, Мирзо Улукбек атындагы Өзбекстан улуттук университети сыяктуу бир катар алдыңкы ЖОЖдор менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ортосунда социология жана социалдык иштер багыттары боюнча адистерди окутуу, даярдоо багытында кызматташуу боюнча келишимдердин түзүлүшүндө анын салымы бар.

Терең билими жана жөнөкөйлүгү менен А. Жусубалиев студенттер арасында жана жалпы профессордук-окутуучулар жамаатында татыктуу сый-урматка, кадыр-баркка ээ. Анын жалпы эмгек стажы 42 жыл, ал эми жогорку окуу жайдагы илимий-педагогикалык үзгүлтүксүз эмгек стажы 32 жылды түздү.

Көп жылдык үзүрлүү эмгегин, жогорку кесипкөйлүгүн жана социалдык кызмат багытында студент жаштарды даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо зор салымын эске алуу менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун “Социология жана социалдык иштер” кафедрасынын башчысы, социология илимдеринин кандидаты, доцент Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич университеттин, КР Билим берүү жана илим, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрликтеринин “Ардак грамоталары” менен сыйланган. Азыркы мезгилде илимий-педагогикалык иштерди натыйжалуу алып барууда.



**Матиев Болот Тилебалдыевич -** 1961-жылы туулган, улуту – кыргыз, билими жогорку, ага окутуучу, 1984-жылы Новосибирск шаарындагы жогорку аскердик-саясий окуу жайынын, «саясий аскер кызматчысы» адистиги жана жарандык адистиги - “тарых жана коом таануу окутуучусу” кесиптери боюнча жогорку билимге ээ болгон.

Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин 1992-жылга чейин Советтик, кийин Кыргызстан куралдуу күчтөрүнүн катарында кызмат өтөгөн. Күжүрмөн эмгеги үчүн мамлекеттик медалдар жана башка сыйлыктар менен сыйланган. Андан кийин Ички иштер органдарында иштеп, ал эми 1994-жылдан тартып Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде педагог болуп эмгектене баштаган. Ал университетте стажер-окутуучу, окутуучу, ага окутуучу, декандын тарбия иштери боюнча орун басары, окуу имараттары жана студенттик жатаканалар башкармалыгынын директору кызмат орундарында жигердүү эмгектенген. Азыркы учурда ал Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин социология жана социалдык иштер кафедрасынын ага окутуучусу катары социалдык иштер багыттарындагы базалык, элективдик предметтерден жогорку илимий-методикалык деңгээлде сабактарды берип келүүдө.

Матиев Б.Т. өзүнүн билимин өркүндөтүүнүн үстүнөн талыкпастан иштеп, 2012-2016-жылдары Шифр: 22.00.04. «Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер” багыты боюнча социология адистигинен аспирантураны окуп аяктаган. Учурда «Корпоративдик башкаруу социалдык процесс катары» деген илимий изилдөө теманын үстүндө иштеп жатат, илимий жетекчиси – полит.и.д., профессору М.М. Мадалиев. Анын 10дан ашык социологиялык изилдөөлөрдү уюштурууга, өткөрүүгө катышкан, анын ичинен экөө жеке өздүк изилдөөлөрү болуп саналат. Матиев Болот Тилебалдыевич кыргыз

коомунун актуалдуу, олуттуу көйгөйлөрүнө багышталган илимий-изилдөө иштерин ийгиликтүү жүргүзүп, анын негизинде илимий макалаларды жарыялап келүүдө. Анын 1 окуу китеби КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен жарык көргөн. Жалпысынан 20дан ашык илимий, публицистикалык жана окуу-усулдук мүнөздөгү макалалары Кыргызстанда, Орусияда жана Казахстанда чыккан журналдарда, жыйнактарда басылган.

Матиев Болот Тилебалдыевич педагогикалык ишмердиги жогору бааланып, илимий-педагогикалык иштериндеги жемиштүү эмгеги үчүн Кыргызстандын социологиялык ассоциациясынын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун, социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин Ардак грамоталарына жана бир нече баалуу сыйлыктарга, алкыштарга татыктуу болгон. 2015-жылы 20-майда Болот Тилебалдыевич "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген кызматкери" деген наамды алган. Анын жалпы эмгек стажы 47 жылды, ал эми жогорку окуу жайдагы илимий-педагогикалык үзгүлтүксүз эмгек стажы 31 жылды түздү.



**Жунушова Сайкал Орозовна**, 1961-жылы туулган, улуту – кыргыз, билими жогорку, социология илимдеринин кандидаты, доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык институтунун социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти. 1989-жылы Лениград шаарындагы А.А. Жданов атындагы университетинини философия факультетин аяктаган.

С.О. Жунушова 1993-1997-жылдары Кусеин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин "Башкаруу жана социология" факультетинин социология кафедрасынын күндүзгү бөлүмүндө социология кесиби боюнча аспирантурада окуган. 1998-жылы Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинде "Жаштар жана ишкердик: мамилелер, багыт алуу

жана күтүүлөр” аттуу темада диссертациялык ишин жактап, ага социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган.

Ал 1998-2005-жылдары Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура институтунда ага окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген.

С.О. Жунушова 2007-жылы Ж.Баласагын атындагы КУУнун философия жана мамлекеттик башкаруу факультетинде окуу бөлүмүнүн башчысы, социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө социология жана социалдык иштер кафедрасынын доцентинин кызматын аркалайт.

С.О.Жунушова Түрк тилдүү мамлекеттер аралык социологиялык ассоциациясынын ошондой эле ЕврАзЭС мамлекеттеринини социологиялык ассоциациясынын активдүү мүчөсү. 2020-жылы Россиянын Тюмень шаарында өткөн “Социология жана коом: региондордун социалдык өнүгүшүндөгү традициялар жана инновациялар” деген VI бүткүл Россиялык социологиялык конгрессте “Жаштар арасында радикалдуу исламдын жайылуусу Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна коркунуч катары” аттуу темадагы доклады жогорку баага татыктуу болгон.

С.О. Жунушова Германиянын ДААД программасынын активдүү изилдөөчүсү, стипендиаты Вупперталь университети менен тыгыз байланышта иштеп келет. Ошондой эле Казак улуттук Аль-Фараби, Л. Гумилев атындагы Евразиялык улуттук универстети, Россия федерациясынын жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдар жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча министрлигинин мамлекеттик өрткө каршы кызматынын Санкт-Петербург университети менен илимий жактан тыгыз байланыштаиш алып барып, биргелешкен илимий макалаларды чыгарууда.

С.О. Жунушова тынымсыз мугалимдик чеберчилигин өркүндөтүүнүн үштүндө иштөөдө, окуу тарбия иштеринде инновациялык методдорду колдонуу боюнча семинар, тренингдерге дайыма катышып келет, аларды окуу процессинде активдүү колдонууда. Ал өзүнүн окуу иштерин алып барууда сынчыл ой-жүгүртүүнүн элементтерин активдүү колдонот. Илимий конференцияларда коомдогу актуалдуу көйгөйлөргө арналган докладдарды окуп келүүдө, ошондой эле Улуттук

теле-радио берүү корпорациясынын (УТРКнын) эксперти катары коомдогу социалдык көйгөлөрдү байма-бай чагылдырып турат.

С.О. Жунушова КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда илимий жетекчилик кылгын. Алар:

1. “Кыргызстандагы жаштар кыймылы: элитаны калыптануу процесси” аттуу темадагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда илимий жетекчилик кылган (2014-ж.);

2. “Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: көйгөйлөрү, карама-каршылыктары жана келечеги” аттуу темадагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчи болгон (2015-ж.);

3) “Кыргызстан жаштарынын иденттүүлүгүн калыптандыруу процессиндеги диний факторлордун ролу” аттуу темадагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчилик кылган (2016-ж.);

4) “Борбордук Азиядагы ислам факторунун таасири жана коомдогу коопсуздугун камсыз кылууда элитанын ролу” аттуу темадагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчилик кылган (2017-ж.);

5) “Ааламдашуу шартында Борбордук Азиянын коопсуздугун камсыз кылууда саясий элитанын ролу” аттуу темадагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда, аткаруучусу, катышуучусу болуп иш алып барган (2019-ж.).

Жалпысынан 50 дөн ашык макаланын автору, алардын ичинен 15 макала чет элдик индекстелген (РИНЦ) илимий журналдарда жана 2 макала Scopus илимий басылмасында жарыяланган.

Студент жаштарды тарбиялоодогу жана илимий жигердүү эмгеги үчүн С.О. Жунушова 2005-жылы “Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги” төш белгиси менен сыйланган. 2010-жылы университеттин күнүн белгилөөнүн урматына ак ниет эмгеги үчүн ректордун ыраазычылык баракчасы менен сыйланган. Илим изилдөө иштериндеги жетишкендиктери үчүн жана КР илим күнүн майрамдоодого байланыштуу 2012-жылы, ректордун Ардак грамотасы

менен сыйланган. Ошондой эле 2022-жылы “КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери” ардактуу наамы менен сыйланган. С.О. Жунушова жогорку кесипкөйлүгү, илимий ишмердүүлүккө чыгармачылык мамилеси, уюштуруучулук жөндөмү, студенттерге жана жаш окумуштууларга болгон өзгөчө мамилеси менен айырмаланат.



**Малтабаров Бакытбек Амирович -** 1967-жылдын 23-октябрда Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1975-жылы Гүлчө айылында А.С.Макаренко атындагы орто мектепти кирип 1985-жылы ийгиликтүү аяктаган. 1985-жылы 4-декабрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1987-жылы бөлүмдүн командири кызматын өтөп, сержант наамында демобилизацияланган.

1988-жылдын 12-январында Кызыл-Коргон айылында жайгашкан “Большевик” атындагы толук орто метепке башталгыч класстарга орус тили жана адабияты (чтение) сабактарынан мугалим катары сабак бере баштаган. Бул эмгеги үчүн Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Н. Бектемиров жогорку окуу жайга тапшырганга жолдомо берген. 1988-жылы жолдомо менен Фрунзеде жайгашкан Орус тили жана адабияты педагогикалык институтуна экзамен тапшырып, окууга өтүп студенттердин катарына кошулду. Аны 1993-жылы артыкчылык диплому менен аяктап, «Улуттук мектепте орус тили жана адабиятынын мугалими» адистигине ээ болгон.

Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин 1993-1994-жылдарда конкурстук негизде ректорлордун жардачысы кызматын утуп, инститтута, андан кийин университетте жогорку окуу жайдагы алгачкы эмгек жолун ийгиликтүү баштаган. 1994-жылдын 4-декабрында Педагогика кафедрасына окуутучу кызматына которулган. 1995-жылы Биш-

кек гуманитардык университетинин башкаруу жана социология факультетинин «Социология» кафедрасынын аспирантуранын күндүзгү бөлүмүнө тапшырып, теориялык жана илимий жактан тажрыйба топтоп, 1998-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы социология кафедрасына окутуучу кызматына өткөн.

2005-жылы Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетиндеги Диссертациялык кенеште «Көз карандысыз Кыргызстандагы дин жана социалдык-саясий процесстер» – деген темада социология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн кандидаттык диссертациясын коргогон.

2009-ж. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин Ардак грамотасы жана 2010-жылы Эл агартуу отличниги төш белгиси менен сыйланган. 2010-жылы Саясат таануу жана гуманитардык сабактар кафедра башчысынын кызматынын милдетин аткаруучу, 2011-2017-жылдары социология кафедрасынын башчысынын кызматын аткарган. 1998-2024-жылдары К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социология кафедрасында иштеген.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын социологдору чоң жыйында Кыргызстандагы социологиялык ассоциациасынын (КСА) коомдук уюмунун түзүшкөн. Ошол жыйында КСАнын Вице-президент кызматына бир добуштан шайлаган, аны азыркы убакыттка чейин аткарып келе жатат.

1998-2023-жылдарда К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин (БГУ) «Социология» кафедрасында окутуучусу, ага окутуучусу, доценти кызматтарда эмгектенген.

2020-жылы 12-марта Татарстан Республикасынын борбору Казань шаарында түрк тилдүү мамлекеттердин социологдорунун «Евразия жана Глобалдуу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр» Эл аралык VII-конгрессинде Кыргыз Республикасынын атынан «Евразия социологиялык ассоциациясынын» башкармалыгына мүчө болуп шайланган.

2024-жылдын 1-сентябрынан баштап Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин «Социалдык-гуманитардык илимдер» институтунун директорунун социалдык иштер жана мамлекеттик тил боюнча орун басары, институттун кесипттик комитетитнин башчысы, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин

«Социология жана социалдык иштер» кафедрасынын доценти болуп иштеп баштады.

«Социалдык иштер» жана «Социология» багыттарында атайын курстарды – «Социалдык иштердин теориясы жана тарыхы», «Социалдык иштердин геронтологиясы», «Диний уюмдардын социалдык иши», «Этнография жана демография», «Этносоциология», ж.б. сабактары боюнча лекция, семинардык сабактарды кыргыз жана орус тилдеринде жогорку илимий-методикалык деңгээлде өткөрүп, өлкөбүздүн социалдык чөйрөсү үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого зор салымын кошуп келүүдө.

Окуу-методикалык, илимий багыттарда курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерге, магистердик диссертацияларга жетекчилик кылууда, өндүрүштүк, квалификация алдындагы практикаларда студенттерди жетектөөдө тажрыйбасы жогору.

Б.А.Малтабаров КУУнун окуу жана илим процесстеринде, коомдук ишмердүүлүгүндө активдүү катышып, азыркы учурдун талабына ылайык жаңы окуу технологияларын пайдалануу менен студенттерге, магистранттарга жогорку илимий-педагогикалык деңгээлде сабак берүүдө.

Ал илимий изилдөөлөргө жигердүү катышып, ийгиликтерди жаратып келүүдө. КР социалдык маселелерине багытталган жалпы 50дөн ашык илимий макалалардын жана 1 илимий монографиянын автору жана 8 илимий монографиялардын авторлошу. Б.А. Малтабаров Кыргызстандагы эле эмес, жакынкы жана алыс чет өлкөлөрдөгү илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, конгресстерге ж.б.у.с. илимий форумдарга жигердүү катышып, жогорку илимий деңгээлдеги докладдары менен өлкөбүздү татыктуу көрсөтүп келүүдө. Билим берүүнүн “Социология” жана “Социалдык иш” багытын өнүктүрүү, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо чет элдик алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу боюнча Анадолу университети (ТР), Людсвигсвахен на Рейне университетинин (ФРГ), М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде жана Казань федералдык университети (РФ), Аль Фараби атындагы Казакстан улуттук университети (КР) сыяктуу бир катар алдыңкы ЖОЖдор менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ортосунда со-

циалдык иштер боюнча адистерди окутуу, даярдоо багытында кызматташуу боюнча келишимдердин түзүлүшүндө анын салымы бар. Б.А. Малтабаров тарабынан төмөнкү монографиялар жарык көргөн:

1. Религия и социально-политические процессы в Кыргызстане Монография Бишкек, 2002. – 152 с.

2. Информированность населения по деятельности Кумтор-Центерра и его влияние на экологию, экономику и здоровье жителей Кыргызстана Монография Публикация по материалам гражданского форума, «Кумтор – Центерра: какие выгоды для Кыргызстана?»). (1.06.2004 г.). –В соавторстве.

3. Социальные ориентации студентов в изменяющемся обществе: социологический анализ. – Методическое указание Бишкек: КГНУ, БГУ, 2005. – 57 с. 2,7 п.л.– В соавторстве.

4. Исаев К. Библиографический указатель. – Составитель Бакыт А. Малтабаров. – Б.: Maxprint, 2007. – 72 с. 4,5 п.л.

5. Сравнительное изучение избирательных систем в Кыргызстане. – Монография. – Б., 2008. – С. 65-77. 0,5 п.л. – В соавторстве.

6. Антология социологических исследований в Кыргызстане. – Монография Бишкек: - БГУ, 2010 г. – 270 с. 16,8 п.л. – В соавторстве.

7. Жаран кантип иденттешет? – Монография. – Б.: Maxprint, 2016 – 346 б. – 21,6 б. т. авторлош

8. Кыргыз Республикасынын бекемдөө жолдорун талдоо: Социологиялык изилдөө – Монография. - Бишкек, 2016. – 167 б.10, 4 б.т.

9. Исаев К. Библиографический указатель (Посвящённая 80-летию проф. социологии К.Исаева). – Составитель Бакытбек А. Малтабаров. – Б.: Maxprint, 2017. – 80 с.

Бакытбек Амирович жөнөкөйлүгү жана терең билими менен студенттер арасында жана кафедранын, институтуттун, университеттин жалпы профессордук-окутуучулар жамаатында татыктуу сый-урматка, кадыр-баркка ээ. Азыркы мезгилде илимий-педагогикалык жана тарбиялык иштерди натыйжалуу алып барууда.



**Асангулова Жайнагүл Эсенбековна**, 1973-жылы туулган, гуманитардык илимдер боюнча жогорку билимдүү кыргызстандык окумуштуу. Учурда Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иш кафедрасынын доценти кызматын аркалап келет. Ж.Асангулова билимди, эмгекти баалаган үй-бүлөдө тарбияланган жаштайынан эле коомду, илимди өнүктүрүүгө активдүү катышууга умтулуусу күчтүү.

Жайнагүл Эсенбековна 1996-жылы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин бүтүрүп, «Социолог-изилдөөчү. Колдонмо социология боюнча мугалим» адистиги боюнча диплом алган. Анын академиялык карьерасы аспирантурада уланып, ал жерде социологияны изилдөөгө басым жасаган. Ж.Э.Асангулова 2014-жылы «Улуттар аралык мамилелердин мисалында социалдык коомдук процесстерди изилдөөнүн методологиясы» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоо анын илимий квалификациясын тастыктап, социология илимдеринин кандидаты наамын алууга укук берген.

Ж.Э. Асангулованын эмгек жолу бир эле мезгилде студенттик жылдарында башталып, 3-курста окуп жүргөндө «Дастан» Кыргыз техникалык университетинин коомдук-гуманитардык илимдер кафедрасында лаборант болуп иштеген. 1996-жылы университетти аяктагандан кийин карьерасын ВОССТ трансулуттук концернинин маркетинг изилдөөлөр бөлүмүндө маркетинг боюнча адис кызматын ээлөө менен улантып, ал жерде 1997-1998-жылдарга чейин эмгектенген.

Ал эми Ж.Э.Асангулованын илимий ишмердүүлүгү 1998-жылы Бишкек гуманитардык университетинин (азыркы К.Карасаев атындагы БМУ) коомдук пикирди изилдөө борборуна илимий кызматкер болуп иштегенден башталган. 1999-жылы аталган борбордо социологиялык изилдөөлөрдүн методологиясы жана методикасы бөлүмүн жетектеген.

2000-2006-жылдары Ж.Э.Асангулова Ж.Баласагын атындагы КУУнун Мамлекеттик башкаруу жана социалдык изилдөөлөр институтунун алдындагы, Социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөр

борборунда (СМИБ) жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектеген. Ошол мезгилден тарта, Социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөр борборунда жүргүзүлүп жаткан, эгемендүү Кыргызстандын динамикалык өнүгүшүнүн шартында кыргыз коомчулугунун кызыкчылыктарын чагылдырган ар түрдүү актуалдуу коомдук-саясий жана экономикалык темаларда ар кандай социологиялык изилдөөлөргө активдүү катышкан.

Бул аралыкта Ж.Э.Асангулова Социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөр борборунун кызматкерлери менен биргеликте мамлекеттик буюртма жана эл аралык демилгелердин алкагында 15тен ашык социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ошол мезгилдин эң көрүнүктүү изилдөөлөрдүн бири – «КМШ жана Балтика өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларын кайра куруу» деген темада бакалавриат жана магистратура системасына өтүү боюнча изилдөө болгон. Бул изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын, атап айтканда Ж.Баласагын атындагы КУУнун жаңы окуу системасына өтүүгө даярдыгына баа берилген.

Ж.Э. Асангулова илимий ишмердүүлүгүн ушул лабораторияда улантып, 2010-жылга чейин социологиялык лабораторияны жетектеп, ошол эле учурда социология факультетинин студенттерине социологиялык дисциплиналар боюнча сабак берген.

Асангулова Ж.Э. жергиликтүү жана чет элдик алдыңкы журналдарда, анын ичинде орус жана казак басылмаларында жарыяланган 20дан ашык макалалардын автору. Ал өзүнүн илимий эмгектеринде жакырчылык, оор турмуштук кырдаалга туш болгон балдарды жана үй-бүлөлөрдү социалдык колдоо, гендердик анализ жана жашыл экономика сыяктуу актуалдуу темаларды камтыйт. Ал ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселелери, ошондой эле мигранттардын балдарына байланышкан көйгөйлөр менен алектенет. Кошумчалай кетсек, Ж.Э.Асангулова социология жана социалдык кызматкерлердин студенттерине арналган төрт окуу-практикалык куралынын автору, бул анын билимин жана тажрыйбасын социология жана социалдык иш жаатындагы адистердин кийинки муунуна берүү каалоосун көрсөтөт.

Улуттук эксперт катары Ж.Э.Асангулова “Кыргызстандын сот аялдар ассоциациясы” тарабынан даярдалган кылмыш иштерин изилдөөнүн негизинде экстремизм жана терроризм боюнча улуттук баяндамаларды жазууга катышып өзүнүн салымын кошкон. Ал ошондой эле Кыргызстандагы миграциядан жапа чеккен балдар үчүн негизги кызматтарга жетүүдөгү кемчиликтерди жана башка актуалдуу темаларды талдап чыккан.

Ж.Э.Асангулова кесипкөй жолу ар кандай долбоорлор менен коштолду. Ал ЮНИСЕФ, ПРООН, ЮНФПА жана ЮНЕСКО сыяктуу эл аралык уюмдар менен кызматташып, калктын аярлуу катмарынын жашоо шарттарын жакшыртууга багытталган изилдөөлөрдү жүргүзгөн. «Үйгө жол» жана «Социалдык ишти башкаруу процесстерин автоматташтыруу аркылуу балдарды коргоо системасын өркүндөтүү» долбоорунун алкагында автор интернат тибиндегибалдар мекемелеринде, алар үчүн үй-бүлөлүк чөйрөнү камсыздоо боюнча тапшырмаларды ишке ашырды, бул негизги көйгөйлөрдү аныктоого жана аларды чечүүнүн натыйжалуу жолдорун сунуштоого мүмкүндүк берди. Автордун Кыргызстанда гендердик талдоо жана туруктуу экономикалык өнүгүү жаатындагы иши социалдык саясатка жана аялдардын укуктарына коргоого олуттуу салымын кошкон.

Ж.Э.Асангулова өз жашоосунда окуу, саякаттоо жана коомдук турмушка активдүү катышуу сыяктуу жеке хоббилери менен кесиптик ишмердүүлүгүн айкалыштырууга аракет кылат. Ал үй-бүлөлүү, балдары бар, бул ага чыгармачылыкка шыктануу жана мотивация берет.



**Усубалиева Айнура Абдыжапаровна -** 1976 жылы туулган, улуту кыргыз, билими жогорку, социология илимдеринин кандидаты, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти. Усубалиева Айнура Абдыжапаровна эмгек жолун 2000-жылы Бишкек Гуманитар-

дык университетинин "Башкаруу жана социология" факультетин аяктагандан кийин, "социолог"адистиги боюнча квалификация ыйгарылган. Окуу жайын аяктагандан кийин Кыргыз улуттук университетинин социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөр борборуна ишке кабыл алынып, инженер-социолог кесибин аркалаган. 2003-жылы институтка факультет статусу ыйгарылгандан кийин, факультеттин алдындагы социологиялык лабораторияда программист кызматынуланткан. 2005-жылы социология кафедрасында окутуучу-стажер болуп иштей баштаган, учурда социалдык-гуманитардык илимдер институтунун социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти.

А. А. Усубалиева илимий ишинде компетенттүүлүктү жана туруктуулукту көрсөтүп, коюлган изилдөө иштерин жоопкерчилик менен аткарып келет, илимий изилдөөнүн тиешелүү тыянактарын жана жыйынтыктарын алуу үчүн маселени терең жана ар тараптуу изилдегенде жетишүүдө. 2018-жылы социология илиминин кандидаттык даражасын изденип алуу үчүн илимий ишин ийгиликтүү жактап, КР УАКтын 29-мартындагы чечими менен 22.00.04 -социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер шифры боюнча социология илимдеринин кандидаты даражасы ыйгарылган.

А.А. Усубалиева КУУда иштеген жылдары өзүн сабаттуу жана жоопкерчиликтүү мугалим, насаатчы катары көрсөтө алды, аткарылган окуу жүктөмүнө ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик менен мамиле кылат. Ошондой эле кафедранын жана институттун коомдук турмушуна активдүү катышып келет. Ал эми анын илимий эмгектери КУУнин Жарчысында, чет өлкөлүк РИНЦ платформасына кирген басылмаларындажана башкамезгилдүү басылмаларда жарыяланган.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 2012-жылы университеттин 80 жылдык маарекесине карата ректордон алкыш алган, факультеттеги активдүү ишмердиги үчүн ардак грамоталар, мактоо баракчаларыменен сыйланган.

Усубалиева А.А. республикалык жана эл аралык илимий жана илимий - практикалык конференциялардын активдүү катышуучусу болуп эсептелет. Анын илимий баяндамалары ар дайым кызыктуу

жана мазмундуу, анткени анын илимий баяндоолору автордук социологиялык иликтөөлөрдүн негизде, ошондой эле анын көптөгөн баяндамалары конференциянын мыкты илимий иши катары таанылган.



**Жолдошева Асель Шарипжановна -** 1984-жылы туулган, улуту – кыргыз, билими жогору, социология илимдеринин кандидаты, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иш кафедрасынын доценти.

Асель Шарипжановна өзүнүн эмгек жолун 2007-жылы, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде “магистр” академиялык даражасына ээ болгондон баштаган.

А.Ш. Жолдошева 2007-2010-жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде “Социология” адистиги боюнча аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүндө окуп бүтүргөн.

А.Ш. Жолдошева - инсан катары, келечектин адистерин калыптандыруучу окумуштуу катары өзүн көрсөтө алды. Ал өзгөчө жаштардын экономикалык, социалдык жактан көйгөйлөрүн изилдөөнүн негизинде 30 макаласы жарык көргөн. Алардын ичинен 15 макала чет элдик басылмаларда жарыяланган, андан тышкары 2 окуу-методикалык куралынын автору.



**Кошбакова Батмахан Муктаровна -**

1982-жылы туулган, улуту кыргыз, билими жогорку, социология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (КУУ) социалдык-гуманитардык илимдер институтунун социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти.

Б.М. Кошбакова КУУнун философия жана мамлекеттик башкаруу факультети-

нин «Социология» багыты боюнча бакалаврды 2003-жылы, магистратураны 2005-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган, 2008-жылы аспирантураны бүтүргөн.

Б.М. Кошбакова өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатуу максатында илим-изилдөө ишмердигинде талыкпай эмгектенип келүүдө. 2012-ж. «Кыргыз элинин социалдык-маданий каада-салттарынын заманбап шарттарда өнүгүшү» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп КРдин Улуттук аттестациялык комиссиясынын чечими менен социология илимдеринин кандитаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган. 2014-ж. КУУнун юриспруденция багыты боюнча магистрлик даражадагы артыкчылык дипломун алган.

2005-жылдан бери СГИ факультетинин социология кафедрасында окуучу, улук-окутуучу, доцент болуп иштеп келе жатат.

Б.М. Кошбакова университетте иштеген жылдары өзүн сабаттуу жана жоопкерчиликтүү мугалим, насаатчы катары көрсөтө алды, аткарылган окуу жүктөмүнө ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик менен мамиле кылат. Ошондой эле университеттин, институттун жана кафедранын коомдук турмушуна активдүү катышып келет. 2013-2017-жж. КУУнун Жаш окумуштуулар кеңешинин төрайымы болуп, 2015-2017-жж. КРдин маданият, маалымат жана туризм министрлигине караштуу Коомдук байкоочу кеңештин төрагасынын орун басары, КУУда кафедра башчыларын шайлоо боюнча комиссиянын катчысы, КУУнун ректорун шайлоо боюнча уюштуруу комитетинин мүчөсү, 2019-2024-жж. КУУнун профсоюздук бюросунун төрайымы болуп коомдук башталышта эмгектенип коомду өнүктүрүүдө өз салымын кошууга умтулат.

Б.М. Кошбакова Кыргызстанда, Өзбекстанда, Казахстанда жана Россияда өткөрүлгөн эл-аралык, республикалык илимий жана илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга жана форумдарга дайыма жигердүү катышып, баяндамаларды жасап турат. Анын илимий докладдары дайыма кызыктуу жана мазмундуу, таанып билүү жана илимий негиздүүгү менен мүнөздөлөт. Иштеген мезгилде «Социология» аталыштагы 1 окуу-куралы «Социология курстары боюнча тесттердин жыйнагы» деген 1 окуу-усулдук курал жана 40тан ашык

илимий жана усулдук мүнөздөгү макалалары чет өлкөлүк РИНЦ платформасына кирген жана башка мезгилдүү басылмаларда жарыяланган.

Б.М. Кошбакова илимий ишинде компетенттүүлүктү жана туруктуулукту көрсөтүп, коюлган изилдөө иштерин жоопкерчилик менен аткарып келет, илимий изилдөөнүн тиешелүү тыянактарын жана жыйынтыктарын алуу үчүн маселени терең жана ар тараптуу изилдегенде жетишүүдө. КУУнун илимий Грантынын негизинде «Заманбап шарттардагы кыргыз элинин социомаданий каада-салттарынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү» (2013-ж.) жана «Илимий изилдөөнүн заманбап ыкмалары» (2013-2014 ж.) аттуу темаларда илимий изилдөөнү жетектеген.

Илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү үчүн КУУнун мыкты жаш окутуучусу деген ардактуу наамын алган. О.э. эмгектеги, окуу-усулдук, илимий-изилдөө ийгиликтери жана коомдук-ишмердүүлүгү үчүн КУУнун Ардак Грамотасына (2009-ж.) ээ болгон. КРдин илим күнүн белгилөөгө багышталган жаш окумуштуулардын мыкты илимий иштери конкурсуна катышып анын Лауреаты болгон (2009-ж.). КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер (2021-ж.. КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы (2022-ж.), КРдин Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ардак Грамотасы (2021) жана отличниги деген төш белгиси (2023-ж.) менен сыйланган.

**доцент Б.М. Кошбакованын негизги эмгектери:**

1. Кошбакова Б.М.: Сборник тестов по социологическим наукам: Учебно-методическое пособие. / - Б., 2009. – 59 с.
2. Кошбакова Б.М.: Социология: Учебное пособие. / - Б., 2009. – 188 с.

**Кафедранын окуу-методикалык камсыздоосу**

Белгилей кетсек, 2011-жылы КУУнун илимий китепканасынын салтанаттуу ачылышы өткөрүлгөн. Ж. Баласагын (окуу корпусу 8) белгилүү окумуштуу-философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССР ИАнын корреспондент-мүчөсү А.Т. Табалдиевге ыйгарылган учур боюнча.

Методикалык камсыздоо маселесин чечүү менен кафедра тарабынан иштелип чыккан: комплекстүү иш планы, базалык программа, социология жана социалдык иштин жалпы курсу боюнча типтүү программа, дисциплиналар боюнча жумушчу программалар, дипломдук, курстук иштердин тематикасы, СРС, экзамендик билеттер, тесттик жана контролдук суроолор, окуу дисциплиналары боюнча методикалык иштеп чыгуулар: "социалдык иш", "социология" багыттарынын билим берүү программалары боюнча ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу-методикалык колдонмолор:

1. «Социология». – Бишкек, 2007. – 35 с.;
2. Политическая социология: учебно-методическое пособие для студентов вузов по специальности «Социология». – Б., 2007. – 42 с.;
3. Малтабаров Б.А. Религия и социально-политические процессы в независимом Кыргызстане. – Бишкек, 2002. – 152 с.
4. Исаев К., Малтабаров Б.А. и др. Сравнительное изучение избирательных систем в Кыргызстане. – Б., 2008. - 108 с.
5. Социальная напряженность в современном Кыргызстане. – Бишкек, 2010. – 72 с.
6. Антология социологических исследований в Кыргызской Республике / Б.А.Малтабаров, Р.Б. Салморбекова, С.С. Борсокбаева. – Б., 2010. – 272 с.
7. Методы государственного регулирования в социальной сфере: учебно-метод. пособие для студ. вузов по специальности «Социальная работа». – Бишкек, 2010. – 120 с.; Кыргыз коомундагы антропосоциеталдык өзгөрүүлөр. – Б., 2011. - 200 б.
8. Система социальной защиты в Кыргызской Республике (учебно-методическое пособие для студентов университета по специальности «Социальная работа» и специалистов органов местного самоуправления по вопросам социальной защиты) - Бишкек: 2014 – 284 с.
9. Методы государственного регулирования в социальной сфере (учебно-методическое пособие для студентов университета по специальности «социальная работа») 2-е изд. – Б., 2015 -248 с.
10. Матиев Б. Т. УМК по дисциплине «Политология», Б., 2016. 241 с.

11. УМК для слушателей магистерской подготовки, Допушено МОиНКР в качестве учебного пособия для ВУЗов №249/1 от 2.03.2017 г. – Б., 2017.

12. Исаев К., Жусубалиев А.Р., Малтабаров Б.А.и др. ж б. Жаран кантип идентешет? (Монография), Б., 2016. – 346 с.

13. Жусубалиев А.Р., Жолдошева А.Ш., Шайылдаева А.К. Магистердик диссертацияны жазуу боюнча практикум. Магистердик диссертацияны жазуу боюнча методикалык көрсөтмө. Окуу куралы. – Бишкек, 2024. 131 б.

14. Жусубалиев А.Р., Шайылдаева А.К., Жолдошева А.Ш. Информационные технологии в социальной работе. Учебное пособие. – Бишкек, 2024. 89 б.

**Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү**

Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү кафедраны өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат, ал заманбап талаптарга ылайык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу параметрлерин аныктайт. Илимий жана билим берүү маселелерин чечүүнүн жогорку сапаттуу деңгээли кафедранын жамаатына өз эмгектерин ЖОЖдун ички жана регионалдык деңгээлдеринде гана эмес, мамлекет жана эл аралык деңгээлдерде да таанууга мүмкүндүк берди. Жогорку илимий-изилдөөчүлүк потенциалга ээ болуу менен кафедранын КПЧсы бир нече жолу КР БжИМ жана КУУнун илимий гранттарынын ээси болуп калышты.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы иштеп жаткан илимий маселе: «Кыргызстандагы азыркы социалдык-демографиялык кырдаал» 22.00.04. Кафедранын окутуучулары бул маселе боюнча жекече изилдөө жүргүзүшөт.

**Жалпы изилдөө темасынын бөлүмдөрүнүн аталышы:**

1-бөлүм. Кыргызстандын калкынын социалдык идентгиги жана улуттук коопсуздук маселелери. Жооптуу: с. и. к., Жусубалиев А. Р.

2-бөлүм. Жарандык жана коопсуздук контекстинде Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу. Жооптуу: с. и. к., доцент Жунушова С. О.

3-бөлүм. Этникалык топтордун социалдык-маданий иденттүүлүгүн трансформациялоо проблемалары: каада-салттарды жана үрп-адаттарды өз ара байытуу. Жооптуу: с. и.к., Кошбакова Б. М.

4-бөлүм. Мамлекеттик үй-бүлөлүк саясат: көйгөйлөр, карама-каршылыктар жана издөө. Жооптуу: с. и. к., доц. Усубалиева А.А. КР Бжиминин илимий изилдөөлөр жана жаңы технологиялар бөлүмүнүн линиясы боюнча изилдөө иштери жүргүзүлүүдө, ага кафедранын доценти Жусубалиев А. Р. тартылган.

5-бөлүм. Мамлекеттик диний саясат жана диний иденттүүлүк: түзүлүшү, абалы жана өнүгүү келечеги. Жооптуу: с.и.к., доцент Малтабров Б.

Окутуучулардын жекече изилдөөлөрүнүн материалдары жана алардын студенттер менен биргелешкен иштери эл аралык, аймактык, ЖОЖдор аралык жана ЖОЖдор аралык конференцияларда берилет.

Студенттердин илимий-изилдөө иштери жогорку квалификациялуу атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. УИРСТИН жыйынтыктары илимий-практикалык конференцияларда, конкурстарда, олимпиадаларда, анын ичинде «илим жумалыгынын» алкагында берилет.

## А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору

Алгачкы социологиялык лаборатория А.Табалдиевдин демилгеси менен 1966-жылы Союздук республикалардын ичинен биринчилерден болуп Кыргыз мамлекеттик университетинде негизделген. Лаборатория Кыргызстандагы биринчи социологиялык борбор болуу мененсоциология илиминин биздин өлкөдө түптөлүү, өнүгүү жана социолог адистердин калыптануу процессинде өтө чоң роль ойногон.Ал азыр философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Табалдиев Асанбек Табалдиевичтин атын алып,  социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору катары кайрадан түзүлгөн.

Лабораториянын алгачкы башчылыгына өзүнүн окуучу-шакирти, кийин илимдин доктору, профессор Рахат Ачылованы дайындаган.

Ошол жылдары жаш таланттуу окумуштуу, кийинчерээк Республиканын Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү А. Табалдиев ар тармактагы окутуучуларды жана аспиранттарды, тарыхчыларды жана филологдорду, экономисттерди жана математиктерди: Ч.С.Айтбаева, М.Т. Артыкбаев, Р.А. Ачылова, Б. Баетов, К. Бектурганов, А.Н. Иваков, К. Иманканов, А. Карыпкулов, Я.А. Рисс, И.К. Кочербаева, Э.С. Кульматов, Т. Мааткaзиев, С.С. Нурова, К.Ормокеев, В.П. Сиротин, А.И. Тишин, Ш. Шакитов, Ш.Эгембердиев, Т. Эсенгельдиев, М.А. Эркебаев ж.б. чогултуп, социология лабораториясына бириктирген. Алар өз кезегинде кыргыз социология социалдык философия илимдеринин белдүү кадрлары болуп, алды академикке чейин жетишишкен.

Ушул кадамы менен социология илими жана билими боюнча мектеби түзүлгөн десек жаңылышпайбыз. Социологиялык лабораториянын базасында коомдогу жашоонун экономикалык жагдайлары, коомдун моралдык-нравалык, маданий-руханий жана үй-бүлөнүн күнүмдүк маселелери, эл аралык катнаштар, социалдык мобилдүүлүктүн жана коомдун социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшү сыяктуу орчундуу маселелерди социологиялык ыкмалар менен изилдеп баштаган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жана практикалык сунуштар Республиканын Башкаруу органдарына багытталган атайын каттар менен жөнөтүлгөн.

А.Табалдиевдин илимий мектебинде, анын окуучулары “социалдык философия” жана “социология” илимдеринин эки багыты боюнча адистешишкен. Этносоциологиянын Кыргызстанда калыптанышынын негиздери биздин университетте А. Табалдиев жана анын окуучулары тарабынан түзүлгөн деп айтсак жаңылышпайбыз. Бул процесс XX кылымдын 60-жылдары башталган. Кыргызстанда этносоциологиянын калыптануусунун биринчи этабы улуттар аралык мамилелердин маселелери жана майда элдерди социализмдин шарттарында өнүктүрүүнүн бөтөнчөлүктөрү боюнча социологиялык изилдөөлөрдү республикада биринчи болуп уюштурган Асанбек Табалдиевдин ысымы менен байланыштуу. Улуттар аралык мамилелерди изилдөөлөрдүн маселелердин жетиштүү кеңири спектрин: элдин экономикалык, социалдык жана руханий жашоосундагы улуттуктун жана интернационалдуулуктун байланышын; жаштарды интернационалдык жана

атуулдук жактан тарбиялоо маселелерин; этникалык аралык кагылыштар маселелерин; улуттук тилдердин коомдук функцияларын жана алардын улуттар аралык тил менен өз ара аракеттенишүүлөрүн күчөтүү келечектерин; Кыргызстанды экономикалык, саясий жана маданий жактан өнүктүрүүдө орус тилинин республикадагы улуттар аралык алакакатыштын каражаты катары ролун күчөтүүнү; улуттар аралык нике маселелерин жана дагы башкаларды өзүнө камтыган. Бул маселелердин баары А.Табалдиевдин төмөндөгү эмгектеринде: "Жаңы адам жана бош убакыт" (1962); "Салт жөнүндө ой" (1965); "Турмуштиричилик маданияты" (1966); "XXV съезд жана лениндик улут саясатынын салтанаты" (1972); "Октябрга эстелик" (1979); ошондой эле "Актуальные вопросы социологии исследования национальных отношений в СССР" макаласында ("Философские науки" журналы, 1972, №2) каралган.

2021-жылы социологиялык лаборатория "А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору" болуп кайрадан түзүлдү. Анын борбор катары кайра түзүлүшү бүгүнкү күндө да эмпирикалык социологиялык изилдөөлөргө талаптын күчтүүлүгүн кабарлайт. Анда студенттер, социалдык ишкерлер окуу жана өндүрүш практикасын өтөшөт, андан тышкары эмпирикалык социологиялык изилдөөлөргө катышып, жеке изилдөөчүлүк тажырыйбаларын топтошот, факультеттин окутуучулары, аспиранттар, докторанттар өздөрүнүн илимий темалары боюнча изилдөөлөрүн өткөрүп турушат.

Борборго А.Табалдиевдин атынын берилиши да мыйзам ченемдүү. Борбордун негизги милдеттери:

1. Ыкчам, үзгүлтүксүз социологиялык маалыматтарды берүү жана башкаруу чечимдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

2. Билим берүү кызматтарынын сапатын башкаруу жаатында университетте жүргүзүлүп жаткан иш-чараларга социологиялык колдоо системасын түзүү;

3. Коомдук пикирди изилдөө боюнча университеттин профессордук-окутуучулук курам жана студенттердин коомдук пикирин изилдөө;

4. Студенттерге социалдык-психологиялык көмөк: окуу процессине карата мамилесин жана көз карашын аныктоо; университеттин

окутуучулары менен студенттердин мамилелериндеги маселелерди изилдөө;

5. Социологиялык изилдөө материалдарынын негизинде маалымат базасын түзүү;

6. Студенттерди илимий изилдөө иштерине тартуу. Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттерин практикалык жөндөмдөрү үчүн маалымат топтоо, иштетүү жана анализдөө мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу;

7. Студенттер борбордун ишине кызматкерлердин методикалык жетекчилиги астында катышат. Социологиялык изилдөөлөр борбору студенттер үчүн негизги практикалардын бири гана эмес, ошондой эле өз алдынча өндүрүштүк бирдик болуп саналат;

8. Студент социологдор жана социалдык кызматкерлердин курстук жана дипломдук темалары, ошондой эле университеттин магистранттары, аспиранттары жана докторанттары үчүн диссертациялар боюнча илимий социологиялык эмпирикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

9. Илимий изилдөө иштеринде ар кандай этаптарында контролдоо катары аудиториялык көнүгүүлөрдү өткөрүү;

10. Изилдөөдө реалдуу процесстерди жана кырдаалдарды моделдөө жана колдонуу;

11. Изилдөөнүн бардык технологиялык чынжырларын студенттер менен өткөрүү;

12. Социологдордун кесипкөй коомчулугун калыптандыруу жана өнүктүрүү;

13. Абитуриенттердин кесиптик өзүн өзү аныктоолору боюнча иштерди уюштуруу;

14. Аймак таанууну социологиялык жактан колдоо. Үчүнчү тараптагы уюмдар менен акылуу маалыматтык-изилдөө кызматтарын алып баруу. Долбоорлордун ар кандай түрлөрү;

15. Учурда социологиялык борбор статистикалык маалыматтарды иштетүү үчүн атайын компьютердик программа SPSS менен иш алып барат. Социалдык илимдерде прикладдык изилдөөлөр үчүн иштелип чыккан коммерциялык статистикалык жактан алдыңкылардан болуп саналат. Бул программа окуу процессинде социологиянын бакалавр жана магистрлерин даярдоодо социологиялык маалыматтарды

талдоо, өлчөө теориясы, социологиялык изилдөөдөгү методика жана методология, изилдөө маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо ыкмаларында колдонулат.

16. "Социологиялык жана маркетинг изилдөөлөрдө маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоодо сандык ыкмалар" программалары боюнча квалификацияларды жогорулатууну жүргүзүү.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер институтунун А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөө социологиялык борбору төмөнкү багыттар боюнча колдонмо социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө:

1. "Улут биримдиги - өлкөнүн келечеги";
2. "Кесиптик иденттүүлүк" Ж. Баласагын атындагы КУУ кесипке багыттоо иштери жөнүндө";
3. "Ж. Баласагын атындагы КУУ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын баалоо" ж.б.

Бүгүнкү күндө бул борбордо социология илиминин магистрлери С.Д. Караева (борбордун директору) жана инженер-социологу Н.Б. Токоева иш алып барышууда. А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору коомдук процесстерди ыкчам изилдөө, жогорку теориялык деңгээлде, системалуу мониторинг кылуу жана объективдүү баалоо эң негизги милдети. Учурда ЖОЖдо базардык мамилелер шарттарындагы билим берүүчүлүк кызматынын сапаты боюнча социологиялык изилдөөлөр жигердүүлүк менен жүргүзүлүүдө.

**Адабияттар:**

1. Артыкбаев М.Т. Жизнь в образовании и наууке. – Б..: 2019. -208 с. С.70-108;

2. Ачылова Р.А. Кыргыз улуттук аң сезими жана мамлекеттик идеологиясы. – Б.: 2008.

3. Бектурганов К.Б. О становлении и развитии социологии в Кыргызстане. https:/naukarus.com/o-stanovlenii-i-razvitii-sotsiologii-v-Kyrgyzstane.

4. Исаев К. Кыргыз социологиясы.-Б.: 2009, - 191 б.

**5.** Табалдиев А. Философские и социологические произведения. – Б.: 2015. – 530б.

**Бөкөшов Ж.**
профессор, философия илимдеринин доктору
Кыргыз-Түрк “Манас” университети

## ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ: КЕЛЕЧЕК ТЕМАСЫ

Адам баласы ар дайым “эртеңин”, келечегин ойлойт. Ой-санасы азбы-көппү болочок окуя, милдет, иш чараларга арналат. Жаш курагына, кесибине, иш-кызматына, билимине, шыгына, маданиятына жараша “келечек” темасы адамдын ой-санаасында ар кандай учурда, ар кыл мүнөздө белгилүү бир орун ээлейт.

Адамзат тарыхына көз салсак, дүйнө өзгөрбөстөй көрүнгөн, турмуш ушул болумунда кайталана берчүдөй туюлган доорлор болгон. Демек, мындай коомдо адам келечегинен көп деле кам санаган эмес. Жүрө-жүрө экономикалык, технологиялык, социалдык, саясий жактан жашоо-турмуштун өзгөрүшү, жаңыланышы ыкчам боло баштады. Азыр дүйнө, турмуш өзгөчө ыкчам өзгөргөн доордо жашап жатабыз. Демек, келечекти татыктуу тосуш үчүн адам баласы атайлап камданыш керек, болочок окуяларды алдын ала көрө билишке үйрөнүшү зарыл, келечек тууралуу сабаттуу ойлоно алышы керек.

Келечек темасынан улам акыл-ой, илим-билим аймагына көз жүгүртсөк адегенде пайгамбарлар, көрөгөчтөр, олуялар, көзү ачыктар, оракулдар, бакшылар ж.б. өзгөчө касиетке ээ адамдар тууралуу ламыштар, аңыз кептер эске келет. Астрология тармагын, утопия жанрын белгилеш зарыл. Ал эми XX кылымда бул жаатта атайын илимий изилдөөлөр кеңири жүргүзүлө баштады.

Келечек маселесин теориялык жактан изилдөө тууралуу кеп кылганда академик О.А. Тогусаковдун эмгектерин белгилеш зарыл. Ал илимий изилдөө иш-аракеттериндеги алдын ала көрө билүү маселесин кең-кесири талдаган философдордон [Тогусаков О. А. 1984. Тогусаков О.А. 1994]. Ошондой эле кеп башында атайын белгилей кетчү жагдай “форсайт” (терминдин маани-мазмуну кийинчерээк аныкталат) форматындагы изилдөөлөр кыргыз тематикасына байланыштуу да пайда боло баштаганы [Абдибап к. У. 2019]. Албетте, форсайт жаатындагы изилдөөлөр Кыргызстанда мындан нары ар кандай тармакта, ар кыл

калыпта кеңири жүргүзүлөт деп ишенгибиз келет. “Өнүгүү концепциясы” же “Өнүгүү стратегиясы” аталган документтер ар кайсы (улуттук, тармактык) деңгээлде, ар кандай мөөнөткө эсептелип даярдалып, расмий түрдө кабыл алынып, көптөн бери эле башкаруу ишинде кеңири колдонулуп келе жатат. Мындай документтерде, сөзсүз, келечек темасына байланышкан билим, изилдөө, болжол, эсеп, пландоо жүргүзүлөт. Бирок, алар канчалык негиздүү жана жемиштүү болду, кандайча аткарылды, өзүн канчалык актады - бул башка маселе. Бул тарапта талдоо жана баалоо иштери жүргүзүлдүбү-жокпу, айтыш кыйын. Эгер форсайт кеңири колдонула баштаса, келечек көздөгөн иш чаралардын сапаты да артат деген ойдобуз.

Терминология жагдайында буларды белгилей кетишибиз ылайык болор. Келечекке байланышкан маселелерди изилдөө аймагы дүйнөлүк тажрыйбада “футурология”, “форсайт” же жөн эле “келечекти изилдөөлөр” аталып келет.

“Футурология” - глобал маселелерди изилдеген чоң илимий тармак. Анын өз жолу, милдети, тажрыйбасы, каада-салты бар. “Форсайт” - практикалык изилдөөлөрдүн өзүнчө форматы, методологиясы. Анын да белгилүү бир деңгээлде калыптанган жол-жобосу бар. “Келечекти изилдөө” түшүнүгү жалпы мазмунга ээ, тематикалык жактан кеп болуп жаткан багыттагы изилдөөгө тиешелүү бардык иш чараларды өз ичине камтыйт. Биз сөзсүз бул тажрыйбаларга таянабыз. Бирок, алдыбызга азыркы жагдай-шарттарга жараша конкрет милдеттерди койгон соң, биздин иш-аракет белгилүү бир өзгөчөлүктөргө, чектөөлөргө, жоопкерчиликке ээ. Ошондуктан биз азырынча теориялык жана практикалык изилдөөлөрүбүздү “футурономика” атап, муну термин катары колдонуп турганыбыз ылайык деп эсептейбиз. Ал эми изилдөө багытталган предметтик аймакты “футуросфера” атайбыз. Изилдөөбүздүн форматы жана методологиялык негизи “келечекти өздөштүрүү” аталат. Мындай аталыштар тек гана терминпоздуктун жана интеллектуалдык “көйрөңдүктүн” натыйжасы эмес. Биз колдонууга сунуштап жаткан жаңы терминдердин артында белгилүү бир теориялык жана методологиялык маселелер тургандыгын биздин изилдөөлөрдүн жүрүшүндө айгинелейбиз деген ишенимдебиз [Бөкөшов Ж. 2024].

Биздин түшүнүгүбүздө футурономика - келечекти андап-билишке, болочок окуя, иш чаралар тууралуу сабаттуу, жемиштүү ойлоно алыш

жөндөмүнө, келечекке алдын ала камданууга үйрөтө турган теориялык, методологиялык, практикалык, колдонмо (прикладдык) билимдер аймагы. Адам баласы инсан катары, кызматкер катары, жаран катары келечегин талдап, ойлоно билиши маанилүү. Мындай иш-аракетти жөнгө салган методология, аны ойдогудай аткарууга тиешелүү ыктар, куралдар болот. Дүйнөлүк тажрыйбага таянып, азыркынын талабына ылайыктап, өз өлкөбүздүн муктаждыктарын эске алып футурономика методологиясын иштеп чыгып, аны колдоно билишибиз зарыл.

Дагы бир жагдай - тил маселеси. Негизинен эне тилин колдонгон, орусча же англисче дурус билбеген муун катмары калыңдады. Мамлекеттик тил саясаты кыргыз тилинин илимде, экономикада, билим берүүдө, коомдук-маданий турмушта толук кандуу колдонулушун камсыз кылуу милдеттерин жигердүү коюуда. Демек, жаштарды “келечекти өздөштүрүүдө” сабаттуу ой жүгүртүүгө, ишенимдүү чечим кабыл алууга үйрөтүү маселелерин чечиш үчүн методологиялык жана методикалык курал-шаймандарды (анкета, маалымат жыйноо, көрсөтмө, нускама ж.б.) кыргыз тилинде даярдашыбыз зарыл. Ошондуктан, биздин изилдөөнүн, практикалык иш чаралардын бир милдети - футурономиканы кыргызча ишке ашыруу, футуросфераны кыргызча сыпаттоо.

Тилден улам белгилей кетчү дагы бир нерсе: кыргыз тилинде “утур”, “учур”, “утурлап”, “утурумдук” сыяктуу сөздөр бар. Алар латынча “футур” (келечек) сөзүнө үндөшүп турганын окурман ачык-айрым көрүп турат. Бул тараптагы этимологиялык тактоо-талдоолор да атайын кеп кылууга арзыйт деп ойлойбуз.

Адам адам болгону өз келечегин, эл-жердин келечегин, курчаган дүйнөнүн кийин кандай болорун, болочогун жамандыр-жакшыдыр ойлогон, билгиси келген, түшүнүүгө аракет жасап келген деп болжолдосок орундуу көрүнөт. “Кудай”, “тагдыр”, “табият”, “ай-аалам”, “жашоо-турмуш”, “өмүр-өлүм” сыяктуу түшүнүктөр, ар кыл миф, уламыш, жомок, тарых аркылуу, өзүнүн көргөн-билгени, күндөлүк иш-аракети, демейки тажрыйбасы аркасында адам баласы дүйнөнүн турум-турпатын, убакыттын маани-маңызын, жашоонун ыраат-тартибин алы жетишинче, зарылдыгына жараша акыл-эс элегине салып, баам-

дап-баалоого ынтызар болгон. Өткөн тууралуу улуулардан, ата-бабасынан уккан. Учур тууралуу өз тажрыйбасына ылайык ой жүгүрткөн. Келечекти да ойлоп-талдап билишке бир чети аргасыз, экинчи чети кызыгдар болгон. Бара-бара “келечек маселеси” боюнча “адистешкен” адамдар чыккан: пайгамбарлар, көрөгөчтөр, даанышмандар,олуялар, көзү ачыктар, оракулдар, бакшылар, жаачылар, далычылар ж.б. Келечекти алдын ала көргөн, жакын арадабы, узак мөөнөттөн соңбу, айтор, кийин болчу окуяларды алдын ала айткан мындай өзгөчө касиетке ээ адамдар тууралуу уламыштар, аңыз кептер бардык элдин тарыхында, маданиятында кезигери окумал журтка маалым.

Келечекти таанып-билиш аракети астрология тармагын (ай-жылдыздын абалына карап), утопия жанрын (кыялдагы жер, жашоо, коом тууралуу баяндар) жараткан. Кийин дүйнөлүк интеллектуалдык чөйрөдө “антиутопия”, “дистопия”, “гетеротопия” ж.б. түшүнүктөр чыкканын эскерте кетели. Албетте, келечекти иликтеп, талдап түшүнүү табият таануу илимдеринде, философияда, гуманитардык билимдердин айрым тармактарында тарых-тажрыйбага ылайык ишке аша баштаган.

Келечек тууралуу кептин (дискурстун, нарративдин) тарыхы узак. Миф, жомоктон баштап, көркөм-адабий, тарыхый, диний, илимий булактарды (тексттерди) герменевтикалык жактан атайлап изилдөө керек.

Ал эми келечек маселелерин теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн тарыхын адистер XX кылымдын 60-70-жылдарынан башташат. Адегенде мындай изилдөөлөр аскер ишине, согуш-коргонуу тармагына байланышта жүргүзүлсө да, бара-бара социалдык, экономикалык, технологиялык өнүгүштүн маселелерин кучагына кеңири камтыган. Азыркы учурда келечекти өздөштүрүүгө байланышкан билимдер тармагы академиялык статус алып, бул жаатта адистер жамааты калыптанып, илимий журналдар жана эмгектер жарыяланып, конференция-жыйындар уюштурулуп, окуу программалары жана окуу китептери түзүлүп, өзүнчө терминология орун алып, келечек маселелерин жакшы билет деген эксперттердин, авторитеттердин ысымы белгилүү болуп калды. Эң маанилүүсү АКШда, Европада, Япония, Австралия сыяктуу өлкөлөрдө колдонмо изилдөөлөр кеңири жайылып, келечек изилдөөнүн ык-жолдору (методдору) өзүнүн ишенимдүүлүгүн жана пайдалуулугун айгинелеп, БУУ, ЮНЕСКО сыяктуу эл

аралык уюмдар деңгээлинде келечекти изилдөө программалары ишке аша баштады. Колдонмо изилдөөлөр “форсайт” аталып, форсайттын ар кыл түрлөрү кеңири колдонулуп, форсайт методологиясы бышыкталып калды. Кошумчалай турган жагдай: бул англис тилиндеги сөз (foresight) кыргызча “алдын ала көрө билүү” дегенди туюнтат, кийин терминге айланып, өзгөчө илимди, өзгөчө методду атайт. “Форсайт” терминин алгач дүйнөгө атагы тараган жазуучу-фантаст Герберт Уэллс колдонгон. Ал 1930-жылы Би-Би-Си радиосуна берген маегинде “форсайт профессору” тууралуу, “форсайт илими” тууралуу кеп кылган. Кызыгы, ошол учурга тушташ, 1931-жылы атактуу философ Алфред Уайтхед Гарвард бизнес мектебинде лекция окуп, аны келечекти илимий изилдөөнүн бизнес үчүн кандай мааниге ээ экендигин негиздөөгө арнаган. Айтайын дегенибиз, XX кылымдын башында интеллектуалдар адамзат атынан келечекти илимий талдоо зарылдыгын белгилей баштаган. Ал эми XX1 кылым башында бул илимий тармак дүркүрөп өнүгө баштаганына күбө болуудабыз [Kristóf, T., Erzsébet N. 2023]. Азыркы Россияда келечекти изилдөө иштери кадимкидей жолго коюлганына күбө болуудабыз. Бул жаатта “ыкчам форсайт” аталган формат жемиштүү иштеп жатканын белгилегибиз ылайык [Песков Д. 2017].

Келечекти изилдөө тарыхы анчалык узак болбосо да, ушул кыска мөөнөттө дүйнөлүк ченемден караганда кыйла тажрыйба топтолуп калды. Ошондуктан кийинки жылдары илимий адабиятта бул тараптагы изилдөөлөрдүн сапаты тууралуу маселе атайын талдоого алынып, “алдын ала көрө билүү” канчалык деңгээлде өзүн актап жатат, “алдын ала айтуу” канчалык деңгээлде ишке ашып жатат дегендей суроолор орчундуу мааниге ээ боло баштаганы бекеринен эмес.

Чыгышта “Апендинин жол-жобосу” элге маалым. Апенди “Он жылда эшекти окуганга үйрөтөм” деп убада берип, падышадан акысын алат. Апендинин мындай жоругуна күбө болгондор аны бир чети шылдыңдап, бир чети ага жан тартып, “кийин кантип жооп бересиң, эч качан ишке ашпас нерсени убада кылдың” дешсе, ал “Он жылда же эшек өлөт, же падыша өлөт” деген жооп узатат. Башкача айтканда, кийин эмне болорун ким билет, азыр оюма келгенди айта берем дегендей мамиле да орун алышы ыктымал.

Бирок, келечек изилдөөнүн өзүнө тиешелүү жоопкерчилиги бар. Мындай изилдөөлөр демейде узак мөөнөт (10-20 жыл) көздөп жүргүзүлөт. Ошондуктан, бул багытта “Апендинин прнциби” эмес, илимий изилдөөнүн теориялык негиздери жана методологиялык талаптары тууралуу маселе өзгөчө мааниге ээ болушу зарыл. Айрым адистер бул маселеге көңүл буруп, келечекти изилдөөнүн сапатын талдап-баалоонун негиздерин аныктоого, чен-өлчөмдөрүн белгилөөгө умтулуп жатканы илимдин бул тармагы зирек абалга жетип калганынан кабар берет деп ойлойбуз.

Өткөн тарыхка айланат. Анын күбөлөрү бар. Өткөндө курулган имараттар, эстеликтер, жолдор, өткөндөн калган буюмдар, урандылар, издер; айтылып жана жазылып калган тарых, уламыш, аңыз; эсте сакталган окуялар; илим ырастаган мыйзам ченемдер, фактылар, маалыматтар. Өткөн азыр бар. Ал эстемде толукпу-жартылайбы сакталат. Тарых- өткөндүн сыпаттамасы.

Учур- биз жашаган мезгил, чөйрө, шарт. Учурдун күбөсү- биз, биздин жашоо-турмуш. Биздин кылган-эткенибиз, иш-аракетибиз учурдун мазмунун түзөт. Өткөндөн айрымаланып, учур ачык-айкын, дайын сыяктанат. Биз баарын көрүп-билип тургандайбыз. Бирок, чынында учурдун мазмунунда биз көрбөгөн, баамдабаган, баалабаган нерселер да көп экени талашсыз.

Ал эми келечек- бул алдыда боло турган, али чындыкка айлана элек, чындыкта өз ордун ээлей элек нерселер, иштер, окуялар. Келечек- “азырынча жок”. Ошондо “жокту” кандайча көрөбүз, кантип билебиз, кайсы жагынан ал тууралуу кеп кыла алабыз? Бирок, келечек кайсы бир жагынан бар. Келечек болуму (келечек болуш) өзгөчө, өткөндөн жана учурдан айрымаланган түргө, даражага ээ. Философия илиминин тили менен айтканда, келечектин өзүнө тиешелүү онтологиялык статусу бар. Демек, маселе- келечекти ошол өзгөчө турумунда, болумунда кантип таанып-билебиз, көрө алабыз жана ага кандай мамиле жасашыбыз абзел- ушунда.

Ушул мааниде эске алчу жагдайлар мындай. Биринчиден, өткөн, учур жана келечек ич ара байланышкан, түбү-туташ нерселер. Аларды бириктирип турган маңыз - убакыттык касиет, убакытка тиешелүүлүк. Убакытты үч ченемге ажыратыш убакыттын өзүнүн маани-маңызын түшүнүүнүн негизинде жүрөт. Бул ой бир караганда, чындыктан алыс,

спекулятив турумда, асмандаган кыязда көрүнүшү мүмкүн. Ал эми чынында тереңдетип ойлонсок өткөндү, учурду, келечекти жиктеп талдоонуннегизинде убакыттын өзү, анын түпкү жана бүтүн болуму турганына ынанышка туура келет. Мартин Хайдеггер муну философиялык жактан "Болум жана убакыт" (1927) деген аталыштагы эмгегинде [Хайдеггер М. 1997] негиздеген, кийинки эмгектеринде (айрыкча "Философияга салым (окуя тууралуу)" аталган экинчи чоң чыгармасында [Хайдеггер М. 2020] ачыктаганга аракет кылган. Ал убакытты үч ченемге ажыратыш - бул демейки аң-сезимдин иши, атүгүл Гегелдин убакыт тууралуу көз карашы ошол демейки ой-түшүнүктүн чегинде калган деп сындайт. Албетте, мындай тыянактын, баанын талаштуу жактары бар. Деген менен, убакыттын философиялык мааниманызын Хайдеггердей терең түшүнгөн, ачкан ойчул жок. Айтайын дегенибиз, убакытты өткөнгө, учурга, келечекке жиктеп, алардын өз алдынча касиеттерин концепт деңгээлинде чечмелеп түшүнүш дегеле убакыттын өзү эмне экенин түшүнүшкө таянып турарын белгилеп кетүү керек.

Экинчиден, өткөн, учур жана келечектин уланмалыгын, ич ара байланышын, бирин бири шарттаганын тарам-тарамдап, ар жагынан изилдеп түшүнүш зарыл. Өткөндөн жана учурдан келечекте эмне уланат, эмне калат, кандай түрдө турум-болумун кийинкиде сактайт, кандайча өзгөрүп-өсөт жана келечекте кандай таптакыр жаңы, күтүлбөгөн, ойго келбеген нерселер болушу ыктымал - адам баласына бул кызык жана керек. Бул багытта, өткөн менен келечектин, учур менен келечектин карым-катышы өзүнчө карала турган жагдайлар бар экенин, мындай эки байланыштын өзгөчөлүктөрү барлыгын эске алыш зарыл.

Үчүнчүдөн, келечекти таанып-билиш гана кыйын эмес. Өткөндү толук жана туура таанып-билиштин да өз кыйынчылыктары бар. Бекеринен Ф. Шлегель тарыхчы - бул артка карай көзү ачыктык кылган пайгамбар деп айтпаса керек (Борис Пастернак жаңылып, муну Гегель айткан деген ыр саптарын жазган). Ошондой эле азыркы форсайт адабиятта кезиккен "тарых - бул форсайттын артка карай перспективасы" деген мүнөздөмө тамаша кейиптеги гана сөз эмес. Тарых теориясына жана тарых философиясына баш баксак, өткөндү таанып-билишке тиешелүү кыйынчылыктар аз эмес экенине көзүбүз жетет. Ал эми өзү-

бүз жашап жаткан турмушту, бизди курчаган дүйнөнү толук жана таамай-таасын таанып-билиш деле оңой эмес экени баарыбызга маалым. Демек, келечекти таанып-билиш гана кыйын эмес. Кеп - анын өзгөчөлүгүндө, ошого ылайык иликтөөнүн, изилдөөнүн жарактуу жолдорун, ыкмаларын, куралдарын тандай алышта, келечек менен иштөөнүн өзгөчө максат-милдеттерин түшүнүүдө.

Келечекти философиялык талдоонун үч багытын өзгөчө белгилеш зарыл. Биринчиси - онтологиялык талдоо. Же "келечектин онтологиясы" десек да жарашат. Келечектин өзү эмне? Ал кандай мааниде "бар"? Келечек деген кандай болот? Адам баласынын жашоо-турмушунда келечектин орду кандай? Ушул сыяктуу суроолорго философиянын "онтология" аталган тармагы жооп издейт. Натыйжада тигил же бул кыязда келечектин табияты, маңызы чечмеленет. Демек, "келечектин онтологиясы" келечекти карап-көрүүнүн, ага тиешелүү маселелерди түшүнүүнүн, келечекке мамиле кылуунун түпкү негизин түзөт. Экинчиси - эпистемологиялык (гносеологиялык) талдоо. Же "келечектин эпистемологиясы" десек болот. Келечекти адам кантип таанып-билет? Келечек тууралуу билим кандай мүнөзгө жана мазмунга ээ? Келечек тууралуу көргөн-билгенибиз эмнеге таянат, чын-төгүнү кантип айгиненелет? Мындай суроолорго эпистемология аркылуу жооп издейбиз. Үчүнчүсү - методологиялык талдоо. Келечекти кантип таанып-билебиз? Келечекке байланышкан ой-түшүнүк, билим-илим кандай негизде, кандай шартта, кайсы курал-шаймандардын жардамы аркасында калыптанат? Бул багытта, демек, келечекти иликтеп-изилдөөнүн жана келечекке мамиле жасаштын жол-жоболору, ык-эптери, калыптары, нормалары талдоого алынат.

Албетте, келечекти философиянын алкагында иликтөө кеңири аймакты камтыйт. Ага аксиологиялык, этикалык, феноменологиялык, социалдык, саясий ж.б. маселелер кирет. Ошондой эле философиянын тарыхына тиешелүү өңүттөр да бар. Айталы, И. Канттын философиясындагы келечек тууралуу ой-түшүнүктөр. Көпчүлүк окурмандарга маалым: Канттын айтылуу суроолору бар.

Мен эмнени биле алам?

Мен эмне кылышым керек?

Мен эмнеге ишенсем болот?

Адам баласынын атынан ушул үч суроону коюп, улуу ойчул философия ушул суроолорго жооп издеши зарыл деп эсептеген. Ал эми бул үч суроо бир эле суроону түзөт- Адам деген ким?- деп ырастайт. Эми баамдап көрсөк, бул улуу үч суроонун мазмунунда келечек тууралуу ой турат. Алар келечекти көздөй коюлуп жатат. Канттын антропологиясында адам баласы келечекти кантип “алдын ала көрөт”, келечек тууралуу кантип “алдын ала айтат” деген суроолор да олуттуу каралат. Муну менен айтайын дегенибиз - философиянын тарыхына сересеп салып, мурунку акылман-ойчулдар келечек темасына байланышкан кандай маселелерди козгошкон, кандай көз караште болушкан - буларды иликтешеибиз да маанилүү.

Дагы бир жагдай - адабиятта “келечек философиясы” деген түшүнүк кездешет. Аны америкалык философ Ричард Рорти киргизген. Рорти келечек темасын философиянын негизги суроолорунун катарына кошуп, ушул багыттагы изилдөөлөр өзүнчө тармакты түзөт деп болжогон [Рорти Р. 1994]. Деген менен, азырынча анын айтканы орундалды деп айтыш кыйын, философиялык изилдөөлөр тематикалык биримдик түзө элек.

Келечек маселелерин философиялык алкакта талдоо тууралуу кеп кылганда, арийне, башка атактуу философтордун ысмын атабай кете албайбыз. А. Бергсон, Х. Ортега-и-Гассет, Ж-П. Сартр, Ж. Делез, Дж. Агамбен ж.б. Биздин оюбузча, мындай тизмеде келечектин онтологиялык маңызын терең талдоодон өткөзгөн Мартин Хайдеггердин ысмы өзгөчө орун ээлейт деп эсептейбиз.

Жалпылай айтканда, келечектин маани-маңызын иликтеп-изилдөөдө философиянын алдында дагы орчундуу милдеттер турарын белгилегибиз келет.

Ошондой эле келечек темасында көркөм адабият тажрыйбасы да атайын көңүл бурууга арзый турганын баса көрсөтсөк ашык болбос.

Биздин максат - келечек көздөгөн ойломдун методологиясын өнүктүрүш жана анын айрым элементтери жөнүндө билим, маалымат бериш жана талапкерлерге үйрөтүш.

Футур-методология бай мазмунга жана татаал түзүмгө ээ. Аны өздөштүрүштүн жана колдоно билиштин зарылдыгы шартка, куракка, ишке, шыкка, максатка ж.б. жагдайларга жараша болот. Ар бир адам келечек тууралуу кайсы бир кыязда ойлонууга мажбур болгон соң,

тиешелүү максатка ылайык тигил же бул футур-методду же алардын бир нечесин айкалыштырып колдоно билсе, ал келечекке кайсы бир деңгээлде даяр, камдуу болот деп ишенебиз.

Демек, мындай ойлом методологиясы креатив ойлом методологиясын, сынчыл ойлом, стратегиялык ойлом, аналитикалык ойлом ж.б. методологиясын өзүнө кайсы бир жагынан камтышы керек.

Мындай өздөштүрүү билишти, машыгышты, рефлексияны, артикуляцияны талап этет.

Адамдын келечекке карата мамилесин мындайча жиктесек болот:

- келечекти кабылдоо: сезим, элестетүү деңгээлинде аткарылат; адам келечекке үмүт артат, кайсы бир нерселерди күтөт, кыялданат, кубанат, чочулайт ж.б.;

- келечекти ойлоо, таанып-билүү: түшүнүктөр, логикалык талдоо, маанилеп териштирүү деңгээлинде ишке ашат; адам келечекти (футуросферага тиешелүү маселелерди) ачыктап таанып-билишке умтулат, түшүнүктөр (концепттер) аркылуу чечмелеп аныктоого аракет кылат;

- келечекти изилдөө: атайын изилдөө иши аркылуу аткарылат; белгилүү бир теориялык, методологиялык негиздерге таянып, белгилүү бир илимий изилдөө куралдарын (инструменттерин) колдонуп, белгилүү бир талаптарга ылайык тигил же бул футурономикалык маселени изилдөө, тиешелүү натыйжага жетүү;

- келечек стратегиясын аныктоо: алысты көздөгөн иш-аракет багыты деңгээлинде аткарылат; атайын таанып-билүү, изилдөөлөргө таянып, узак мөөнөткө эсептелген иш-аракет багыты, анын шарттары жана талаптары, ошолордун негизинде тактикалык маселелерди аныктоо, чоң-майда иштерде ошол багытты кармануу;

- келечекти куруу: бүгүнкү жана эртеңки (жакын аралыктагы) иш-аракеттер алкагында аткарылат; жогоруда белгиленген иштерге таянып, келечекке кам көрүү, келечекке тиешелүү чечимдерди кабыл алуу, “жакшы” келечекке жетишке көмөк болчу чараларды жасоо, “каалаган” келечекке жол салуу.

Келечекти таанып-билүү, изилдөө белгилүү бир убакыт кыйырына, мөөнөткө эсептелип аткарылат. Келечек эксперттери бул жагынан убакыттын 3 тилкесин ажыратып карашат: жакынкы келечек (2-3 жыл), ортоңку келечек (5 жылдын нары жак-бери жагы) жана алыскы келечек (10 жылдан наркы).

Келечекти өздөштүрүүнүн субъектке (акторго) байланышкан деңгээлдери да ар кандай:

- инсан, жеке адам (индивид);
- уюм (корпорация, мекеме, фирма ж.б.)
- тармак (сектор, коомдук жашоо-турмуштун тигил же бул салаасы);
- мамлекет;
- адамзат, дүйнө (глобалдык масштаб, бүтүндөй цивилизация).

Келечекти өздөштүрүүнүн бул 3 (субъект, аракет, мөөнөт) тарабын байланыштырып, "келечек өздөштүрүү кубун" түзсөк болот жана анын мазмунун ачыктоо мүмкүнчүлүгү алдыга коюлган максат-милдеттерге жараша ар кандай болушу ыктымал. Мындай кубдун ичин толтуруу же келечек мейкинин белгилүү бир мазмун менен аныктоо ишин биз "контентуализация" деп атайбыз.

Баса белгилөөчү жагдай: келечекти өздөштүрүү - биз үчүн келечекти изилдөөнүн өзгөчө платформасы, парадигмасы. Ал келечек менен "иштөөнүн", алек болуунун ар кыл түрлөрүн өз кучагына камтыйт жана алардын арасындагы байланышты белгилүү бир иретке салат деп эсептейбиз. Муну негиздөө жана теориялык, практикалык изилдөөлөдүн негизинде бышыктоо биздин болочок максатыбызга кирет.

Жогоруда белгиленгендей келечекти изилдөөнүн методдору көп жана ар кандай.Бул ыкмаларды "форсайт ромб" [Поппер Р, 2012] аркылуу ireттесек болот. Ромбдун төрт бурчунда "экспертиза", "чыгармачылык", "ич ара аракет", "далилдүүлүк" жайгашкан, ичинде методдор, алардын максатына, мүмкүнчүлүгүнө жараша төртөөнүн кайсынысына жакын болсо, ошол жерден орун алат.

Форсайттын теориясы жана методологиясына келгенде мындай жагдай эске алынышы керек. Форсайттын отчету бар, аткаруучулар текст түзүшөт. Алар эксперттердин, тиешелүү адистердин жана кызыгдар тараптын ой-пикирин иликтешет. Ушулар форсайттын теориясына жетиштүү маалымат, булак боло алабы? "Катышуучунун" көз карашы башка. Сыртынан баамдаган-байкаган адамдыкы башка. Демек, теориячы жана методолог дагы башка жагдайларды, маалымат булактарын эске алышы зарыл [Marjolein B. A. et al. 2010. P.35].

Келечекти изилдөөнүн методологиялык маселелерине байланыштуу мындай жагдайларга көңүл бургубуз келет. Келечекти изилдөө көп

кырлуу: ар кайсы илимдер (экономика, менеджмент, социология, психология, экология, педагогика ж.б.) тарабынан, ар кандай деңгээлде жана масштабда аткарылышы мүмкүн, корпоративдик жана глобалдык мүнөздө болушу, стратегиялык жана тактикалык максатта жүргүзүлүшү ыктымал, ар кандай платформада (форсайт, инновация, алдын алуу ж.б.) ишке ашышы мүмкүн. Ошого жараша түрлүү методологиялык маселелер келип чыгат.

Башка илимдердин арасында философия өзүнүн теориялык жана методологиялык кызматын аркалайт. Кеп ким буга канчалык маани берет – мына ушунда.

Канадалык илимпоз Р. Состак дүйнөнүн ар бир университетинде тарых кафедрасы бар, бирок айрымдарында гана келечек изилдеген структура иштейт деп кейийт. Ал “Дүйнөлүк тарыхка маани бериш” (2021) эмгегин жарыялаган соң “Келечекке маани бериш” (2022) деген эмгегин сунуштады. Айтайын дегеним, өткөндү маанилеп изилдеген окумуштуу келечекти да маанилеп изилдеш зарылдыгын айгинелеп, мазмундуу ойлорун ортого коюп олтурат. Состактын айткандарына басым жасап жатканыбыздын дагы бир себеби, ал дисциплина аралык изилдөөлөрдүн методологиясы боюнча да белгилүү адис. Ал эми келечек көп илимдер биргелешип изилдей турган предмет экени талашсыз. Эмгегинин кириш сөзүндө келечекти изилдегендердин атынан биз келечекти изилдөөнүн түйүндүү маселелери жаатында макулдашууга жетиштик, келечекти изилдөөнүн жолдорун кеңейтип, куралдарын байыттык, бирок, кайсы жолдор алгылыктуу жана каалаган келечекке кантип жетсек болот - бул жаатта ойдогудай макулдашууга жете элекпиз деп, биздин оюбузча, жагдайды туура баалайт [13, p. 1].

Жыйынтык иретинде ток этерин айтсак, жаңы доордун талаптарына ылайык, элден калбай, көз каранды болбой, жаңылыкты өз учурунда өз кызыкчылыктарыбызга жараша колдонуп, өлкөбүздүн өсүшүнө, элибиздин бейпил жана жетиштүү жашашына шарт түзүү максатында биз да “келечекти изилдөөлөрдү” колго алышыбыз керек.

**Адабияттар:**

1. Абдивап кызы У., Зулпуева Д.А., Ибраимова С.М. 1919. Стратегическое социально-экономическое управление развитием южных регионов Кыргызской Республики: целевые программы и форсайт. //

Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 11, 2019. С.114-119.

2. Бөкөшов Ж. 2024. Келечекти өздөштүрүү. (Футуросфера. Футурономика. Форсайт). Бишкек. 115 б.

3. Песков Д. (и др). 2017. Методология rapid foresight. Москва. 98 с.

4. Поппер Р. 2012. Мониторинг исследований будущего // Форсайт Т. 6. № 2. 2012. С. 56-75.

5. Рорти Р. 1994. Философия и будущее. Лекция // https://gtmarket.ru/library/articles/2673.

6. Тогусаков О.А. 1984. Философский анализ проблемы предвидения. Фрунзе. Илим. 124 с.

7. Тогусаков О.А. 1994. Предвидение как функция науки. Бишкек. Илим. 287 с.

8. Хайдеггер М. 1997. Бытие и время. Москва. 347 с

9. Хайдеггер М. 2020. К философии (О событии). Москва. 614 с.

10. Kristóf, T., Erzsébet N. 2023. The Story of Futures Studies: An Interdisciplinary Field Rooted in Social Sciences. Social Sciences 12: 192. https://doi.org/10.3390/socsci12030192

11. Kuosa, T. 2016. The evolution of strategic foresight : navigating public policy making. London. Routledge. 259 p.

12. Marjolein B. A. (et al.). 2010. Foresight in action : developing policy-oriented scenarios.// DOI: 10.4324/9781849775748

13. Szostak R. 2022. Making sense of the future. Routledge. 326 p.

**Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович**
философия илимдеринин доктору, профессор,
КР УИА А. Алтымышбаев атындагы
философия институту
**Алымкулов Замирбек Аманбекович**
философия илимдеринин доктору, доцент,
Ж. Баласагын атындагы КУУ

## КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯ ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК СЕГМЕНТТЕРИ

Философия бүгүнкү калыбына чейин кыйла доорлорду басып өттү: адегенде "илимдердин илими" аталып, улам мезгил менен мейкиндиктин айкалышына жараша жаңы форма, мазмунга ээ болду. Ал башка кубулуштар, көрүнүштөр сыяктуу эле зили диалектиканын жалпы мыйзамдарына баш ийет. Башат алгандан бүгүнкү күнгө чейинки анын өнүгүшү "карама-каршылыктын күрөшү жана биримдиги", "сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүшү", "танууну тануу" сыяктуу жалпы мыйзамдардын көрүнүшү. Категориялар таанып-билүүнүн инструменттери гана эмес, ал философия тарыхынын урунтуу, түйүндүү учурлары (моменттери). Философия тарыхый-логикалык процесс: ал дүйнө түзүлүшүнүн өзгөрүп-өнүгүүсүнүн негизин түзгөн жалпы мыйзамдардын нугунда жөнөкөйдөн татаалга багыт алып, илгерилеп-кечеңдеп келген категориялардын баскычтары.

Философия тарыхы – философия илиминин теориясы менен логикасы: анткени, дүйнө түзүлүштү, болмушту, тааным теориясын жана ой жүгүртүүнү диалектикалык биримдикте иликтеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү, алардын түп негизин түзгөн, универсал мыйзамченемдер жөнүндөгү философия илими тарыхый жана логикалык процессти жалпылоого негизделген. Ал - тааным процессинин логикасы: учурдагы теориялык концепциядан, методологиядан келип чыгып, философиянын өтмүшүн иликтейт, келечегин аныктоого пайдубал болгудай жоболорду иштеп чыгууга багытталат. Аларды анализдеп, синтездеп, тезис-антитезис-синтез ыкмасы менен соңку илимий теорияларды аныктайт: кандай гана концепция болбосун, ал тигил же бул нуктагы көз караштын тарыхый өнүгүүнүн жалпыланган көрүнүшү.

Философия тарыхы илиминин милдети – рух менен табияттын, ойлом менен болмуштун, реалдуулук менен идеалдуулуктун карым-катнашын аныктаган мыйзамдарды, түшүнүктөрдү, философиялык дүйнө таанымдын эволюциясын жана алардын ойлом процессинде, аң-сезимде чагылышын изилдөө. Ошону менен бирге философиянын жаралышына түрткү болгон факторлорду; тигил же бул доордогу (аймактагы) дүйнөкараш системаларды, алардын философиянын тарыхый логикасындагы ордун; ар-кыл концепцияларды (агымдарды, багыттарды), алардын маңыз-мазмунун, калыптанышын, өнүгүшүн, күрөшүн; философ-инсандардын окууларын, алардын философияга кошкон салымдарын же доор, конкрет-тарыхый кырдаал менен түшүндүрүлгөн мүчүлүштөрүн; диалектикалык логиканын (анын жоболорунун) калыптанышын ж.б.у.с. проблемаларды иликтейт, жалпылайт. Алдын ала белгилей кетүүчү нерсе – философия тарыхы түшүнүгү менен “тарых философиясы” түшүнүгүн чаташтырбоо абзел: эгер биринчиси философиянын диалектикалык логикасы катары аныкталса, экинчиси – коомдук-социалдык, руханий кубулуштарды иликтөө менен байланышкан. Ырас, бул эки түшүнүктү бири-бирине карама-каршы кароо же эгиз козудай окшоштуруп коюш ылайыксыз, тескерисинче, буларга жалпылык, ошол эле учурда айырмачылык да мүнөздүү.

Философия тарыхы илими байыркы доордо эле пайда болгон, белгилүү философтор Платон, Аристотел ж.б. өздөрүнө чейинки акылмандардын ой-пикирлерин анализдеп, аларды жалпылаштырып, бир бүтүн система (окуу) түзүшкөн. Ошондуктан соңку илимий концепциялык системаларда, аларга чейинки окуулардын, түшүнүмдөрдүн орду дайын. Бирок, ошентсе да философиянын тарыхына карата коошпогон кайчы пикирлер арбын, алардын айрымдары аны жөн гана бири-бирине байланышпаган пикирлердин, концепциялардын жыйындысы катары карашса, кай бирлери аны абсолюттук идеянын (рухтун) туундусу катары мүнөздөйт. Гегелдин белгилүү “Философия тарыхы боюнча лекцияларынан” [1] кийин бул илимий тармак чыныгы маанисин алган, тарыхый-философиялык процесс, толгон-токой адашуулардын, жалпылыктардын же бири-биринен алыс турган окуулардын жөнөкөй гана механикалык жыйындысы эмес, анын улам илгерилеп отурган мыйзамченемдүү кыймыл экендиги далилденди. Философия

конкреттүү-тарыхый мүнөзгө ээ, анын өзгөчөлүгү өз мезгили, өз доору менен түшүндүрүлөт. Учур алкагы, объективдүү кырдаал-шарт мезгил жана мейкиндиктин айкалышы менен туюндурулган доордун квинтэссенциясы болгон философиянын жетишкендигин, чектелгендигин аныктап турат. Адам скелети аны каптап турган терини жарып чыгалбаган сымал, ойчул да өз доорун аттап кеталбайт. Анткени менен бул бүтүмдү өз доорунан озуна ойлонгон философтор болбойт деп түшүнбөө керек. Философиялык концепциялардын маңызы, алардын прогрессивдүү же регрессивдүү жагдайлары, акыйкатка-чындыкка окшоштугу, мезгилден озуп кетиши, алар козгогон проблемалардын түбөлүктүүлүгү жана гносеологиялык өзгөчөлүгү белгилүү дихотомиянын өңүтүнөн ой менен реалдуулуктун табигый карама-каршылыгынан чыгып түшүндүрүлөт. Ойдун күлүктүгү анын өзүнөн-өзү негизделгендиги, салыштырмалуу өз алдынчалыгы. Ойлогон ойдун түбү барыпкелип, “кысталган” турмушка баш ийиши, эгер ой жүгүртүү же анын натыйжасы болмуш, табият, дүйнө түзүлүшүнүн (демек, диалектиканын) мыйзамдарына дал келгендиги субъект-объекттилик мамилелерди бир жактуу аңдоого, түшүнүүгө байланышкан.

Философия – тынымсыз өнүгүп турган жандуу кубулуш, демек, анын табиятында өнүгүүнү шарттап турган карама-каршылык бар, ал, ой менен предметтин өз ара катнашынан көрүнөт. Мына ушул маселенин тигил же бул көз караштар алкагында чечмелениши философторду түрдүү багыттарга (материализм идеализм ж.б.) бөлүп, ал эми алардын ортосундагы тыйылбаган идеялык философиянын улам бийиктешине шарт түзгөн. Философиянын багыттарга же мектептерге бөлүнүшү бирине-бири тиешеси жок обочолонгон көрүнүш катары бааланбайт, тескерисинче, кандай гана багыт болбосун, ал өзүнүн атаандашы менен диалектикалык биримдикте жүрөт, алардын ортосунда концептуалдык айырмачылыктар менен бирге жалпылыктар да жок эмес. Мындай бөлүнүп-жарылуунун негизин рух менен табияттын карым-катнашы жөнүндөгү талаш-тартыш түзөт. Философиянын жаралышы, өнүгүшү (тарыхы) дал ушул маселе менен түздөн-түз шартталган: жаратылыштын байыркы адамдарга белгисиз “жашыруун” сыры аларды “адашууга” алып келген, б.а. адам өзүнүн маңызын өзүнөн обочолонтуп, аны өзүнө-өзү карама-каршы койгон. Жара-

тылыштагы табигый процесстер адам же анын турмушу менен түспөлдөштүрүлүп, жандуу кыймылдагы көрүнүштөр-кубулуштар адамдын турпатына салыштырылган, ар бир күтүүсүз, сырдуу окуялардын далдаасында аларды болтуруп, ачыкка алып чыгып жаткан, көзгө көрүнбөгөн, бирок тирүү жандык кейпиндеги ирреалисттик кейипкерлер тургансыган. Натыйжада, алардын аң-сезиминде адам кейпиндеги ар кандай периштелер, кудайлар пайда болуп, объективдүү кубулуштардын түпкү себеби өздөрүнүн жеке эркине-демине кыйыштырылган. Ушундай жол менен дүйнөгө диний мифологиялык көз караш жаралган. Кийинчирээк, жогорудагы фантастикалык кейипкерлер, элестер, образдар, адамдын маңызы, ойломунун ой түшүнүгүнүн, аң-сезиминин туундусу экендиги баамдалгандан тартып, философия өзүнүн конкреттүү предметин тапкан б.а. философия диний-мифологиялык көз караштын алкагында аны жерүүнүн натыйжасында гана пайда болгон. Кыргыз философия илими “Философиянын генезиси” деген баштапкы тарыхый-философиялык проблеманы аттап кете албастыгы мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени, элибиздин тарыхында жеткилең иштелип чыккан философиялык илимий системалардын мурда болгон-болбогону белгисиз. Ал эми философиянын негизги маселелеринин элдик традициялардын айдыңында чечмелениши түбү барып жогорудагы философиянын генезиси (жаралышы) маселесине байланышкан жана ал маани-маңызы боюнча ошол проблеманын алкагына кирет. Демек, бул проблемага токтоло кетүү парз.

Философия тарыхы илиминде анын жаралышы (генезиси) жөнүндө ар кыл кайчылаш концепциялар (түшүнүмдөр) бар: мифогендүү түшүнүм философиянын келип чыгышын миф менен; динийгендүү түшүнүм аны диний ишеним менен; ал эми сциентизм (латын сөзүнөн билим, илим) болсо, философиянын жаралышын алгачкы табигый илимий башталмалар, түшүнүктөр (рудименттер) менен байланыштырат. Бул ой-пикирлер тегин жерден пайда болгон эмес; философиянын жаралып-торолушунда жогоруда аталган факторлордун тийгизген таасири абдан чоң. Аң-сезимден сырт объективдүү мыйзамдардын амирине жараша адам ишмердиги (практика) ойломдун мазмун-формасы өнүгүп-өзгөрүп келген, дүйнөгө жалпы түшүнүктөр жана алардын өз ара өтүшмөлүгү аркылуу мамиле жасоодо, б.а. объективдүү дүйнөгө

субъективдүү (логикалык формалар аркылуу) мамиле жасоодо миф-тин, диндин жана илимий рудименттердин таасири болбой койгон эмес. Миф, дин байыркы илимий түшүнүмдөр (рудименттер) акыл-эс-тин бийиктеп, аң-сезимдин ыкчам өнүгүшүнө, объективдүү кубулуш-тардын субъективдүү образын түзүүгө зор түрткү берген да, акырында философиялык түшүнүк – категориялардын системасы жаралып, ка-лыптанышына алып келген. Конкреттүү тарыхый кырдаалга жараша турмуш койгон талапка ылайык диний-мифологиялык түшүнүмдөр, алар ичине камтыган стихиялык мүнөздөгү илимий-мажес туюнтма-лар акыл-ойдун предметине айланган. Ырас, ошондой концепция-ларда жогоруда учкай белгиленген жүйөлүү жагдайлар менен катар баёо, калпыс жактар да бар. Философиянын жаралышын мында бел-гиленген факторлордун бирине гана байланыштыра салуу бери бол-гондо диалектикалык логиканын негизги жоболоруна “объектив-дүүлүккө”, “көп жактуулукка”, “тарыхтуулукка” түк коошпойт. Фило-софия, анын жаралышы, жалпылап айтканда тарыхы жандуу диалек-тикалык процесс, демек, анын пайда болушуна жогоруда көрсөтүлгөн факторлордун өтмө катар биримдиги же алардын өз ара тыш дүйнө менен карама-каршылыгы түрткү болгон. Бул пикирди философиянын табиятында сакталып калган байыркы факторлордун “изи” ырастап турат, бирок философия алардан (алардын бүгүнкү күндөгү формала-рынан) айырмаланып, объективдүү акыйкатка диалектикалык жалпы категориялар аркылуу алака жасоону иликтейт. Кыскасы, сөзгө алын-ган үч фактор, алардын өз ара байланышы философиянын жаралышын шарттады-түптөдү, акырындап, жашоо-турмуштун өр тартышына ылайык предметтүү ишмердүүлүктүн практикалык жүрүшүндө ал-гачкы табигый илимдин башталмаларынын (рудименттеринин) өрчү-шүнүн натыйжасында миф, дин же жалпы эле түшүнүктөр филосо-фиянын объектисине айланат, б.а. предметтүү дүйнөнү предметтер ар-кылуу эмес, алардын идеялык чагылышы, категориялар, туюнтмалар аркылуу таанып билүүгө шарт түзүлөт.

Философия тарыхы – тааным теориясын өнүктүрүүнүн жана диа-лектикалык логиканы (философияны) жугумдуу өздөштүрүүнүн за-рыл шарты. Экинчиден, ал бүгүнкү күндө бай түшүнүктөрдүн систе-масына эгедер, анткени анын мазмуну кылымдаган узак тарыхый про-цесстин – өзгөчө илим тармак философия тарыхынын натыйжасы,

жыйындысы. Философия (онтология, гносеология жана логиканын биримдиги) диалектика катары бүтүндөй адамзаттын тааным (илимий теориялык) практикасынын жыйындысы. Бирок философиянын тарыхы башка илимий тармактарга караганда айрым бир артыкчылыкка ээ, анткени ал конкреттүү илимий тармактардын жетишкендигинин же жалпы эле адамзат тарыхый тажрыйбасын жалпылап турган логикалык (диалектикалык) категориялардын жаралышынын жана өнүгүшүнүн көрүнүшү. Демек, философия тарыхы, туташ эмес, тек гана кезектешкен эмпирикалык мүнөздөгү ойлордун тутуму эмес, категориялардын өнүгүшүндө диалектиканы жана тааным-теориясын өздөштүрүүнүн жана өркүндөтүүнүн жолу. Эң оболу азыркы диалектикалык категориялардын маңыз-мазмуну философиянын өнүгүшү менен кылымдар бою калыптанып “түздөлүп”, “оңдолуп” келгенин аңдабай туруп, өткөнчакка, учурчакка, келерчакка аналитикалык (диалектикалык ой жүгүртүү аркылуу) мамиле жасоо мүмкүн эмес. Философиянын тарыхын түпнускада өздөштүрбөй туруп, философ болуу же логикалык-тарыхый материалды диалектикалык аңыздан иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Философиянын тарыхын өздөштүрбөй туруп, “философтук кылуу” ансыз да белгилүү нерселерди кайталоого же тарыхый процесске үстүрт мамиле жасоо дегенге жатат.

Философия тарыхын иликтөөдө анын позитивдүү жагдайларына же жетишкендиктерине гана кайрылуу нака илимий иштин логикасына сыйбайт. Философия парадокско бай, ал логиклык категорияларды илимий аныктоо жайында жетишкендиктер же натуура, калпыс пикирлер менен коштолгон кыйла узак тажрыйбага ээ. Андыктан философия тарыхындагы алгылыктуу жагдайлар менен бирге алгылыксыз, калпыс жактардын изилдениши акыйкат илимий (философиялык-логикалык) теориянын (диалектиканын) калыптанышын камсыз кылат. Ошондуктан философиянын тарыхы, анын жоболору, категориялары, мыйзамдары үчүн байыркы диалектика менен бирге софистиканы, Демокрит, Эпикур менен бирге Платондун, Плотиндин, Аль-Фараби, Ибн Сина, Ибн Рушд менен бирге Аль-Газалинин, Спиноза менен бирге Локкту, Гольбах, Кант, Гегель, Фейербах ж.б. ар кыл позициядагы философтордун концепцияларын анализдеп, жалпылап синтездөөнүн натыйжасында гана диалектикалык-материалисттик философияны түзүү жана өздөштүрүү мүмкүн. Демек, философия табияты

боюнча интернационалдык кубулуш, ал тигил же бул эл, аймак, инсан менен байланыштуу эмес, тескерисинче, улам кийинки система мурдагы системаларга таянып, жаңы кырдаалга жараша өнүгөт-өзгөрөт, карама-каршы маанидеги концепциялар бири-биринен таптакыр окчуңдап кетпестен, бири-бирине өтүп, бири-бирин толуктап турат. Кандайдыр бир орчундуу маселенин эки башка позициядан интерпретацияланышы (түшүндүрмөлөнүшү) алардын өзөгүн түзгөн философиянын өнүгүшүнө алып келет. Карама-каршылыктын күрөшү, тогошу жана чечилиши же булардын түшүнүктөр дүйнөсүндөгү көрүнүшү: кайчылаш (каршылаш) ийкемдүү түшүнүктөрдүн бирине-бири өтүшү аркылуу чөйрөнүн адекваттуу (чексиз чындыкка жакындаган) картинасы түзүлөт.

Философия тарыхы илиминин дагы бир маанилүү маселеси – кыргыз философиясына түздөн-түз байланышкан философиянын өнүгүшүн этаптарга бөлүштүрүү. Философия илимий кубулуш катары илгерилеме-кечеңдеме мүнөзүндөгү татаал диалектикалык процессти баштан кечирди: бүткөн бир пикирге келбеген, дүңүнөн мүнөздөлгөн система сыңары пайда болуп, философия акырындап өз предметине, имманенттүү маңызына жеткен. Анын өнүгүшү ички табиятына мүнөздүү карама-каршылыктын негизинде жүзөгө ашты. Демек, философиянын тарыхы сапаттык айырмачылык-окшоштуктарга ээ, кандайдыр тарыхый этаптардан турат, ушуга жараша философия тигил же бул кырдаалга байланышкан ар кыл конкреттүү тарыхый формага ээ. Ал этаптар “кытай чеби” менен бөлүнүп, обочолонгон “абстракттуу катаал” алкак менен чектелген эмес. Тескерисинче, философиянын өнүгүшү туура концепцияларга, доорлорго, мезгилдик бүктөмдөргө бөлүштүрүү анын логикасын түшүнүп, туура туюнтууга шарт түзөт. Бул маселе абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү методунун жана тарыхый-логикалык жобонун өңүтүнөн жүзөгө ашырылат, ушунун өзү философияны этапташтыруу анын түйүндүү, зарыл жагдай-учурларын аңдап билүүгө жана анын табиятын, ички логикасын түшүнүүгө шарт түзөт. Философиянын өнүгүш (тарыхый) логикасына таянбай, анын калыптанышында кездешүүчү кокустуктарды түшүнүү мүмкүн эмес, аны этапташтыруу же болбосо, “жалпылык” менен “жекеликти”, “маңыз” менен “кубулушту”, “сапат” менен “санды” чаташтыруунун

негизинде философиянын тарыхын изилдөөдөн сак болуу абзел. Этапташтыруунун эки жолу бар – бул маселе кыргыз философия тарыхын иликтөө үчүн чоң мааниге ээ. Алар: тигил же бул “белгини” (атрибут) эш тутуп, доорго бөлүштүрүүнүн формалдуу (абстракттуу) жолу, экинчиси – нерсенин ички табиятына мүнөздүү карама-каршылыктын негизинде доорго бөлүштүрүүчү диалектикалык жол. Мындай доорго бөлүштүрүүнүн биринчи жолу эмпирикалык деңгээлге мүнөздүү жана изилдөөнүн баштапкы учурунда колдонулат. Ырас, бул жолдун дурус-буруш жактары бар: дурусу мындай жол тигил же бул этаптагы айрым бир система жөнүндө толугураак, көбүрөөк кабар берет; бурушу – этаптардын ортосундагы логикалык байланышка басым жасалбайт, нерсенин өнүгүшү анын негизиндеги карама-каршылыктын өнүгүшү (күрөшү, чечмелениши) менен байланыштуу экендигине басым коюлбайт. Философиянын тарыхын – илимий-концептуалдык аңыздап назар салуу үчүн философиянын өнүгүшүн системалык-бүтүмдүктө иликтөө үчүн экинчи жол ылайыктуу.

Кыргызстандагы философия тарыхынын илими жалпы эле, жогоруда белгиленген “философиянын генезиси” маселесине байланышкан. Анткени соңку мезгилдерге (50-жылдарга) чейин илимий-концептуалдык, теориялык деңгээлдеги бир бүтүн философиялык билимдердин системасы таралбаган. Ал эми бизге белгилүү элдик традициядагы (демейки аң-сезим деңгээлиндеги) философиялык мүнөздөгү маселелер жалпыга маалым “протофилософияга” тамырлаш. Элибиздин эпикалык эс-акыл дүйнөсүндөгү “акылгөй” көрүнүштөр философия эмес, “философема” болуп саналат, б.а. тигил же бул ой тутумдарында рух менен табияттын карым-катнашын, космостогу (дүйнө түзүлүштөгү) адамдын ордун акыл-эс ойломдун формалары аркылуу туюндурган философиялык дүрмөткө ээ пикирлер бар. Мындай икирлерди жалпылап, алардын негизин тактоо аркылуу элибиздин дүйнө туюмун, дүйнө түшүнүгүн аңдай билүүгө жол ачылат.

Эми философия тарыхын, анын ичинде кыргыз философиясынын татаал динамикасын иликтөөнү жүзөгө ашырыш үчүн зарыл болгон айрым метафилософиялык парадигмаларга токтолобуз.

1. Методология.

Методология жана анын татаал табияты тууралу салмактуу сөз-ой айтуу өтө коопту жана жооптуу. Анткени бул-жалпы ой-жүгүртүүнүн

“туу чокусу” же лейтмотиви болуп эсептелген феноменологиялык таанным кубулушу, өзүнүн “универсалдуулугу” менен илимий изилдөөлөрдүн пайдубалын түзөт жана ал азыркы илимий тармактардын бүтүндөй (табигий, коомдук, техникалык) комплекси аркылуу ишке ашат. Демек, биз бүгүн талкуулайлы деп жаткан маселени - методологияны кандайдыр бир илимий тармак же ойчул, окумуштуу инсан менен байланыштыруу адилеттүүлүккө жатпайт. Мындай бүдөмүк учурда, биздин максат-ой жүгүртүүнүн теориясына азыркы мезгил бүктөмүнүн өңүтүнөн астейдил акылназар салып көрүү.

Ири алды менен биз бүгүн сөз кылалы деп жаткан олуттуу маселенин омоктуу жагдайлары жөнүндө сактанып сөз кылардан мурун биз мээлеген бутага өбөк-жөлөк боло турган бирин-экин ой бүтүмдөргө атайлап басым жасай кетели:

Биринчиден, адатта тигил же бул түшүнүк эмес ал жөнүндөгү биздин түшүнүк-түшүнүмүбүз “эскирерин”, ошондой эле кандай гана түшүнүк, категория, жобо болбосун ал бири-бири менен кыйма-чийме байланышта болгон рух менен табияттын, ойлом менен тарыхтын ширөөсүнөн бүткөн дүйнө түзүлүштү, дүйнөнү чектөө экендигин эстен чыгарбоо зарыл.

Экинчиден, диалектикалык логиканын чыныгы табияты менен аздыр-көптүр тааныштыгы бар идирөктүү инсан “дулөй пикирден” (категорическое суждение) алыс болот, анткени, эгерим бүгүнкүбүз эртеңкибиз, ал эми эртеңкибиз бүгүнкүбүз менен чектелип турат. Чексиз турмушту чектелүү ой-пикирибиз менен ченей албайбыз.

Үчүнчүдөн, методология же анын чордонун түзгөн диалектикалык логика “эскирген” жок ал жөнүндөгү биздин ой-түшүнүгүбүз “эскирди”. Сонку мезгилде модага айлангандай билип-билбей же “көбүктөгү баланы байкабай” Марксты, Гегелди танып алардын жандуу адамзат тарыхы тастыктаган албуут-кабалтең (сөздүн ой маанисинде) Логикасын тануу нака методологиялык бечелдиктин белгиси.

Төртүнчүдөн, так ушул методологиялык бечелдик жакырдык чабал, илимий эмес иштердин эгиздеп-сегиздеп жаралышын шарттоодо. Башкасын айтпаганда да өзүбүз үчүн “илимий” көрүнгөн эмгектерибиздин обьектиси менен предметин так ажырата албай жүрөбүз.

Бешинчиден, бурмаланбай туура аныкталган методология илимий ой жүгүртүүлөрдүн чабытын чектебейт (мындай пикирлер жок эмес),

тескерисинче чыгармачылык кудуретине дем берет, таңдайы кургап карайлап турган ойкердин суусунун кандырат. Ушундан улам Вернадский Кантка, Маркс Гегелге, Эйнштейн Спинозага, Гейзенберг Платонго, Выготский Декартка, Ульянов, Ильенков Маркска кайрылбаса керек. Мындай, аба жетпей тумчугуп турганда “методологиялык кислород” же илимий таасир, өтмө катар байланыштын уңгулуу дүмүрү бараандуу ой жүгүртүүнүн дүбүртү, ойлом диалектикасы. Демек, методология - илимий таяныч, мындай экендигин бардыгыбыз билебиз же туябыз, бирок анын табиятын, эмне экендигин элестете албайбыз. Биздин туюм (инстинкт) деңгээлиндеги абалыбыз табийгый тектүүлүк болгону менен, маданий тексиздик жана зили барып илимий жалпылоолорго кудуретсиз чабалдыгыбызды аныктап турат. Илимий иштерибизде “тезис” болсо да, “антитезис” жана “синтез” жок болуп турат. Ал эми “тезисти”, айталы илимий иштин максатын, так аныктап, бирок ага жетүүнүн “ийне менен кудук казгандай” жолун (антитезис менен синтезди) тандай-баамдай албасак, ал биздин чайыттай күндүздөгү караңгылыгыбыз.

Алтынчыдан, методологиялык жакырдык биздин илимий чабалдыгыбыз же жалкоолугубуз, билимибиздин тайкылыгы менен түшүндүрүлбөйт, анын субъективдүү шекилдеги объективдүү мүнөзү бар. Илимий тармактардын ашкере ажырымдап-бөлүнүшү, же диверсификацияланышы (дифференцияланышып), алардын ортосундагы жалпылыктарды туя-билүүдөн алыстатат. Көптөгөн конкрет илимий ачылыштар эки же андан көп илимий тармактардын кайчылаш- кесилишинен, ал эми маданий ренессанстар ар башка маданияттардын кайчылаш-кесилишинен, кагылышынан улам жаралат. Ал эми мындай кырдаалдын өбөлгөсү-методология, ал бир илимий алкактан экинчи илимий алкакка умтулууга шарт түзөт. Бул, методологиянын кудуреткубатын гана эмес, анын зарылдыгын жана анын табияты бардык илимий тармактарды ошондой эле дүйнө түзүлүштү: табиятты, коомду жана ой жүгүртүүнү жендеп турган жалпы мыйзамченемдүүлүктөр менен байланыштуу экендигин аныктап турат.

Жогоруда астейдил айтылган ойлорду жалпылап илимий жактан негизделген, каньк методология бул бүгүнкү күндүн зарылдыгы жана ал илимий кокустуктардан алдын-ала коргоп ар бир илимий иштин тезисин, антитезисин жана синтезин камсыз кылып, жалпылык менен

жекеликтердин, бүтүндүк менен бөлүктөрдүн ажырагыс, өтмө катар, кайчылаш, кыйма-чийме байланышын аныктоого өбөлгө түзөт. Методология - бул илимий ийгиликтин ачкычы, тетик акылдын белгиси жана илимий ой жүгүртүүнүн кылымдар бою калыптанган бийик маданияты. Илимий иш, эмгектер алардын авторлорунун акыл парасатынын таразасы жана нарк-насилинин өлчөм-көрсөткүчү. Андыктан ар бир илимпоздун же илим менен алпурушам деген инсандын ыйык милдети - көрөңгөлүү методологиялык камылга. Демек, эмне кылуу керек? Туура ой жүгүртүүгө "үйрөнүү" жана үйрөтүү зарыл. Демек, ойлом маданиятын калыптандыруу зарыл.

Парадигма 2. Ойлом маданияты

Философия менен психология таасын далилдегендей, акыл-эс-табияттын даяр белеги эмес, ал адам баласынын социалдык-тарыхый өнүгүшүнүн үзүрү, б.а. социалдык-тарыхый "белек". Ар бир пенде жаратkандан тулку-бойго, мээ-түзүлүшкө ээ, булар акыл-эстин, ойломдун табигый булактары, негиздери (органдары). Бирок, алардын мүмкүндүктөн чындыкка (жөндөмдүүлүккө) айланышы үчүн белгилүү бир шарттын болушу зарыл. Адатта, акыл-эс, ойломдун өнүгүшүнө ыңгайлуу же ыңгайсыз шарттар бири-бири менен кыйма-чийме байланышта болот, ошондуктан ири алды менен аларды (ал шарттарды) айрымалоо зарыл. Айрым психологиялык жана педагогикалык эксперименттер айгинелегендей мүмкүнчүлүк-дарамети бирдей эки индивиддин эки башка шартта эки башка жөндөмдүүлүккө ээ болушу ушундай жагдай менен түшүндүрүлөт. Демек, ыңгайлуу педагогикалык кырдаалды түзүү үчүн зарыл шартты тандоо зарыл. Ушундан улам бардык эле учурда бардыгын туубаса тукумкуучулук (ген) менен байланыштыра берүү калпыстык. Негизинен бардык балдар бирдей мүмкүнчүлүккө ээ, буга улам кийинки муундар мурда кылымдар бою калыптана турган жөндөмдүүлүктөрдү кыска мезгилде, тез "ойноп эле" өздөштүрүүсү күбө. Аткени, алар бабалары басып өткөн жолду, алардын жаңылыштык-калпыстыктарын кайталабайт. Гегелден шилтеме: "... то, что в более ранние эпохи занимало зрелый дух мужей, низведено до познаний, упражнений и даже игр мальчишеского возраста ..." [2, 15-б.].

Ушундан улам, ар бир адамдын акыл-эсинин акырындык менен калыптанышы кылымдарды камтыган бүтүндөй адамзаттын рухий тарыхынын күзгүсү. Курсактагы баланын тогуз айда бир клеткалуу организмден ымыркайга айланышы бүтүндөй органикалык эволюциясынын микромоделин туюндуруп турат. Демек, педагогикалык процесс менен биологиялык торолууну туура айкалыштыруу - ойлом маданиятын калыптандыруунун түпкү булактарынан. Ошондуктан, татаалдан жөнөкөйгө эмес, жөнөкөйдөн татаалга багыт алганда гана тарбия, билим берүүнүн сиңиримдүүлүгү артып пайдубалы бекем болот.

Мындай учурда түшүнүү, ишенүү, билүү эмес “жаттоо” адаты пайда болот. Эмне себептен, кандайча, кантип тигил же бул, тигиндей же мындай болду деген суроонун “ички логикасын”, жандырмагын билбей туруп, өздөштүрүлгөн түшүнүк-түшүнүм (билим) - мажес билим. Мындай мажестиктен арылуунун жолу – “онтогенездик эпистемада” же билимдин предметтик маанисин ачып берүүдө. б.а. тигил же бул түшүнүм (билим) кандай жөндөмдүүлүктүн натыйжасында пайда болсо, дал ошондой жөндөмдүүлүктү (бейдалил түшүнүм, билимди эле эмес) калыптандыруу зарыл. Бейдалил билим алгандар, билгендерин сырт чөйрө менен айкалыштыра албайт, тескерисинче сырт чөйрөнү өз билгендеринин жыйындысы иретинде пайдаланат, натыйжада мындайлар эгерде мугалим болсо “өзүнө окшогон” окуучуларды же, илимпоз болсо “өзүнө окшогон” окутуучуларды тарбиялайт. Алар чыныгы турмушка өздөрүнүн эмес, өзгөлөрдүн “көзү” менен карап калышат. Үстүрт түшүнүк, догма ушундай жол менен пайда болот. Математиканы билбеген, бирок ал жөнүндөгү адабияттарды, пикирлерди билген педанттык (Маркс) ушундай жол менен жаралат.

Натыйжада карама-каршылыктын чыйралып жандандырылышын түшүнүп, түшүндүрө албаган “эклектиктер” чыга келет. Мындай “эклектизмдин” маңызы - жооптун суроого эмес, суроонун жоопко ыңгайланыштырылгандыгында, б.а. “даяр” жоопторду (формулаларды, эрежелерди, мыйзамдарды) билип, бирок алардын жаралышын шарттаган суроолорду (проблемаларды, карама-каршылыктарды) түшүнбөгөн педанттык. Жооптордун табиятына түшүнбөгөндөр, алардын диалектикасын кантип билип-туят, алар күндүз, чак түштө түз жолдо мүдү-

рүлүшөт. Бүгүнкү жооп, эртеңки суроо, буга классикалык жана классикалык эмес илимдин кайчылашы, Ньютон менен Эйнштейн жана Дарвин, Энгельс менен Пригожин күбөө.

Демек, ойлом маданиятын калыптандырыш үчүн догматика, эклектиканы эмес, диалектиканы өздөштүрүүбүз зарыл. Аалам түзүлүшүнүн көп кырдуулугу жана ар түрдүүлүгү, алардын кыйма- чийме өз ара байланыштары, карама-каршылыктар дүйнөсү чексиз өнүгүүнү шарттайт. Улам илгери умтулуп, билимибиз өрчүп, анын масштабы кеңейген сайын, билгенибизден билбегенибиз көбөйө берет.

Интеграция жана дезинтеграция, глобализация жана локализация үзөнгүлөш, тизгиндеш өзүнүн гана пикирин туура деп, өзгөлөрдүкүн тангандык-балалыкка мүнөздүү "эгоцентризмдин" көрүнүшү. Белгилей кетүүчү нерсе балалык "эгоцентризмден" арылыш үчүн чодордун аракети эмес, курбалдаш тең балдардын талаш-тартышын жараткан педагогикалык шартты түзүү абзел. Бала кезинен мындай шартта тарбияланып, өзгө пикирди да урматтап же анын да туура жактарын баамдай алганда гана сынчыл ой жүгүртүү, ойлом маданиятынын кыймылдаткыч күчү пайда болот.

Сынчыл ой жүгүртүү башкалардын пикирлеринин курмандыгы болуудан куткарат. Шектенүү-тааным башаты же талаштан тактык жаралат деген ойчулдардын учкул сөздөрү ушундан улам жаралган. Айтор, экиге экини кошсо канча болот деген суроого "төрт" деп жооп берип, аны аксиома катары эсептегендерден мыкты математиктер чыкпаса керек (мыкты эсепчилер чыгышы мүмкүн). Эки тамчы сууну канчалык кошсоң да "төрт" пайда болбойт. Ойлом маданиятын калыптандырыш үчүн муну туура түшүнүү абдан олуттуу.

Диалектикалык логиканын маңызы-табият, коом, ой жүгүртүүдөгү өнүгүү ички айырмачылыктан тамырланып андан соң ички карама- каршылык катары курчуп күрөш аркылуу чечилүүчү кубулуш. "Карама-каршылык-чындыктын критерийи, ал эми карама-каршылыктын жоктугу-адашуунун жаңылануу критерийи" [3, 265-б.] деген Гегелдин парадоксу диалектикалык логиканын башаты. Ал эми бул башаттын тамыры-байыркы Зенондун «көрүп, угуп турганыңа ишенбе, аны иликте (изилде) деген насаатында.

Парадигма 3. Абстрактуулук жана конкреттүүлүк

Бул категориялар-табият, коом, ой үчилтигине бирдей тиешелүү универсалдуу түшүнүктөр жана алар аталган үчилтиктин өнүгүүсүнүн жалпы формаларын туюндурат. Абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө (восхождение от абстрактного к конкретному) методу чындыкты теориялык жактын чагылдыруунун ишенимдүү ойлом жолу (Маркс). Алар жалпылык менен жекеликтин, бүтүндүк менен бөлүктөрдүн өз ара алакасын туура аңдоого мүмкүнчүлүк түзүп, натуура же эмпирикалык көз караштардан арылууга көмөктөшөт.

Конкреттүүлүк кандайдыр нерсе же кубулуш эмес, көп кырдуулуктун биримдиги, ал өзүнүн этимологиясынан улам (сращенное-бириккен) бириккен нерсе-кубулуштун, же бүтүндөй системанын, ошондой эле же түшүнүк-түшүнүмдүн мүнөздөмөсү катары пайдаланыла берет.

Абстрактуулук обочолонгон акыл эстин формасы эмес, ал конкреттүүлүктүн салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ бир жактуу, толук эмес көрүнүшү (моменти). Анын салыштырмалуу өз алдынчалыгын абсолютташтыруудан же өз ара биримдиктеги көп кырдуу, көп жактуу конкреттүүлүктүн «кырларын», “жактарын” өз алдынча, бири-бирине көз карандысыз кубулушка айландыруудан эмпирикалык тар көз караштар жаралат.

Теориялык чабалдык же эмпирикалык чектелүү ойлом менен чындыктын «дал» келишин ойдун чындыкка карата же чындыктын ойго карата өзгөчөлүгүн эмес, тескерисинче бул карама-каршылыктын өз ара биримдиктеги төп келишин (тождество) туюндурат. Алар ойдун нерсеге же “теориялыктын” “эмпирикалыкка” карата мамилесин эмес, тескерисинче, биримдиктин ажырымдалышын, бүтүндүктүн бөлүктөргө бөлүнүшүн же жалпылык менен айырмалыктын биримдигин туюндурат.

Эгерде методология жалпылык (конкреттүүлүк) болсо, метод анын бир “жагы”, “кыры” (абстрактуулук). Бүтүндүк (целое) бөлүктөргө (части целого) эмес, тескерисинче, бөлүктөр бүтүндүккө баш ийип турат. Бул жобону түшүнүп-түшүнбөй бузуу бөлүктөрдү абсолютташтырууга, мистификациялоого алып келет жана диалектикалык логикага түк коошпойт. Ошентип, методду методология менен алмаштыруу философияны синергетика менен алмаштыруу сыяктуу кеп. Методдун методологиядан окчундашы (отчуждение) жалгыз даректын

далдаасындагы калың токойду көрбөгөнгө тете. Методологиялык сокурлук же илимий тайкылыктын фактору. Бирок, ушул эле убакта методология методду алмаштыра албайт, анткени ал салыштырмалуу өз алдынчалуулукка ээ.

Абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө аркылуу методологиянын эле эмес методдордун (мисалы: анализ - синтез, индукция - дедукция ж.б.) да диалектикалык табияты таасындалат. Жекеликтин далдаасында (имплицитно-скрытно-жашыруун) жалпылык, бөлүктөрдүн далдаасына бүтүндүк, анализдин далдаасында синтез, индукциянын далдаасында дедукция, методдун далдаасында методология бар. Ошол эле учурда экинчиси (жалпылык, бүтүндүк, методология) биринчиси (жекелик, бөлүк, метод) аркылуу (эксплицитно) такталат, туюндурулат жүзөгө ашат.

Абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө тиги же бул предметти таанып-билүү үчүн ойдон чыгарылган ыңгай эмес, ал түшүнүктөр, түшүнктөрдүн аракети, “кыймылы” аркылуу тигил же бул нерсенин (объектинин) объективдүү өнүгүүсүн туюндуруу болуп эсептелет. Ушундан улам ал методологиялык мүнөзгө ээ жана баардык илимий тармактарга тиешелүү.

Парадигма 4. Логикалык жана тарыхыйлык

Логикалыктын тарыхыйлыкка карата мамилеси же классик ойчулдар белгилегендей “илимий өнүгүштүн” “чыныгы” өнүгүшкө карата мамилеси жогоруда азыноолак аныкталган абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө ыкмасы менен түздөн-түз байланыштуу. Анткени, бул ыкма аркылуу “чындыктын” логикалык жактан чагылдырылышы анын негизин түзгөн тарыхый процессти (нерсе, кубулуштун жаралышын, калыптанышын, өнүгүшүн ошондой эле жок болушун) туюндурат.

Логикалык процесс менен тарыхый процесстин дал келиши диалектикалык өңүттөн гана туура аңдалат жана ал карама-каршылыктын биримдигинин жана айрымачылыгынын тогошу (тождество) аркылуу түшүндүрүлөт. Бул ыңгайды туура түшүнбөй туруп абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө ыкмасын ыгына жараша колдоно билүү мүмкүн эмес Логикалык процесс менен тарыхый процесстин дал келиши механикалык дал келүүчү мүнөзге ээ эмес, ар биринин өзгөчү-

лүгү бар жана ушундан улам алардын өз ара байланышы диалектикалык табиятка ээ. Тарыхыйлык же тарыхый процесс тигил же бул нерсе, кубулуш, объектинин "чыныгы" тарыхы эмес, алардын концептуалдык тарыхы.

Ой-түшүнүктүн тарыхын чыныгы тарых менен салыштырбай туруп иликтөө мүмкүн эмес, ошондой эле, чыныгы тарыхты ал жөнүндөгү түшүнүктөрдү аңтарбай туруп түшүнүү мүмкүн эмес. Соңку теория ага чейинки концепцияны сынчыл эс-акылдын элегинен өткөрбөй, аңдабай туруп пайда боло албайт. Фактыларды теориялык жактан анализдөө жана ойлом (ой, түшүнүк, категория) тарыхын сынчыл өңүттөн аңдай билүү абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өрүштөө ыкмасы аркылуу иликтөөгө алынган бир эле объектинин логикалык жактан туюндурулушунун ажырагыс биримдиктеги эки жагы.

Тарыхый ыкманы эш тутканда тигил же бул көрүнүш, кубулуш өзү пайда болгон тарыхый кырдаалдын өңүтүнөн аңдалат (историзм ыкмасы) ал эми логикалык ыкма ошол эле көрүнүшкө, кубулушка кийинки тарыхый стадиянын өңүтүнөн назар салат. Ушул жерден учкай белгилей кетүүчү нерсе «историзм» ыкмасы тигил же бул нерсе- кубулушту кандайдыр тарыхый алкак менен чектөө эмес, тескерисинче аны кийинки логикалык туюнтмалар менен салыштырып кароодо. Башкача айтканда, «историзм» ыкмасы тарыхый эле эмес "логикалык" жагдайга ээ. Логикалык жагдайдын артыкчылыгы (сонку логикалык, илимий туюнтмалардын артыкчылыгы) нерсени мурда бай калбаган жактарын ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Логикалык ыкма азыркы, соңку учурду аңдоо жолу болсо, тарыхый ыкма кечээкини теориялык жактан түшүндүрүү болуп эсептелет. Бирок бүгүнкү менен кечээки бир-бүтүндүктүн өнүгүү процессиндеги эки башка стадиясы экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Эски же мурдакы теориянын (концепциянын) рационалдуу уңгусу кийинки, соңку теориянын (концепциянын) маани-мазмунуна, анын абстрактуу жагдайы катары, толук жуурулушуп кетет. Бул кырдаалдан "логикалыктын" "тарыхыйлуулукка" карата мамилесинин эки жагдайын көрүүгө болот: биринчиси, объекти (нерсеге, кубулушка) караганда ал жөнүндө түшүнүм, түшүнүк алда канча тез өнүгөт-мындай абал көбүнчө так табигый илимдерге мүнөздүү; экинчиси, тескерисинче объект (ку-

булуш) тез өнүгөт да логика (илим) объектинин (кубулуштун) эволюциясын чагылдырат-мындай абал адатта коомдук илимдер үчүн мүнөздүү.

“Логикалык” менен “тарыхыйлык” же логикалык процесс менен тарыхый процесстин абстрактуулуктан конкреттүүлүккө тогошу (төп, дал келиши) даяр, өзүнөн-өзү боло калчу нерсе эмес, ал узак түйшүктүү теориялык изилдөөлөрдүн натыйжасы. Логикалык өнүгүүнүн негизи болгон улам ерчуген сайын логикалык конкреттуу кубулушка айланган тарыхый өнүгүш өзүнөн-өзү даяр констркуция эмес, ал татаал ойлом процессинин түйшүктүү үзүрү, натыйжасы. Тигил же бул предметти тарыхый өңүттөн аңдоо ал предмет жөнүндөгү жалпы түшүнүктөрдүн болушун талап кылат, болбосо тигил же бул факт ошол предметке тиешелүү экендигин белгилөө мүмкүн эмес. Жалпы конкреттүү түшүнүктүн (методологиянын) мажес, калпыс болушу предметтин тарыхый генезисин иликтөөгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Мындай учурда “киришүү постулаты”, баштапкы илимий бүтүм (старт) антитарыхыйлык мүнөзгө ээ болот.

Логикалыктын конкреттүүлүккө карата мамилеси-тигил же бул маселени конкреттүү-тарыхый түшүнүүнүн ажатын ачып берет. Демек, эмпирикалык материалды адекваттуу аңдоо учун аны так, даана тарыхый кубулуш катары кароо абзел. Бул үчүн анын тарыхый-генетикалык жагдайын, эволюциясын антарып чыгуу анчалык зарыл эмес, ал тургай айрым учурда аны бүгүнку күндүн логикалык бийиктигинен түшүндүрүү да мүмкүн эмес. Мисалы, элементардык физикада А ^ Б бөлүкчөсүнө айланат, ал эми ал-Б элементардык бөлүкчөсү В жана А бөлүкчөлөрүнө айланат.

Мындай кырдаалда кайсы бөлүкө генетикалык булак экендигин аныктоо кыйын, мүмкүн эмес. Логикалык жалпы конкреттүү тыянак (түшүнүк) нерсенин адекваттуу эволюциясын аныктоого мүмкүндүк берет.

Мындай бүтүмдүн түшүнүк-түшүнүмдүн онтологиялык негизиазыркы болумушта (нерседе, кубулушта) өтүмүштүн (учур чакта өткөн чактын) өзгөртүлгөн (мүмкүн өтө кичирейтилген) түрү сакталып калат жана бул болжолдуу логикалык конструкция тарыхый реконструкциянын булагы болуп эсептелет.

Тарых, логикалык, диалектикалык өңүттөн алып караганда, бир эле пайдубалга ирети менен бир нече кабатты куруу эмес, ал бир кабаттын (бүтүндүктүн) бузулуп, экинчи "кабатка" (бүтүндүккө) айланышы, оңдолуп, түзөлүп, бирок ошол материалдар аркылуу айланышы

Өнүгүүнүн улам кийинки стадиясы анын өзүнө чейинки формаларын камтып турат. Тарыхый процесстеги оболку өбөлгө, уңгулуу урук, логикалык процессте түйшүктүү таанымдын үзүрү, натыйжасы. Демек, логикалык процесс тарыхый процесстин ажатын ачат, ошол эле мезгилде анын (логикалык процессттин) негизин тарыхый өнүгүш түзөт. Өбөлгөнүн (себептин) үзүргө (натыйжага) айланышы ой таанымдын "тарыхый" кызматы.

Логика менен тарых (логикалык менен тарыхыйлык же логикалык процесс менен тарыхый процесс) дал келет, төп келет, тогошот, анткени биринчиси (логика) экинчисин (тарых) чагылдырат. Бирок өйдөдөгү, жогорку өнүккөн логикалык форма төмөнкү логикалык форманын чектелген абстрактуулугун ачып бере албайт, аны тарыхый процесс гана аныктайт. Анткени логика үчүн өнүккөн форма баштапкы "постулат" болуп эсептелет. Натыйжада, мистикалык сымал кырдаал түзүлөт: теорияда баласы атасын, рух реалдуулукту (материяны) жаратат. "Логика" жогортон төмөнгө, татаалдан жөнөкөйгө, ал эми тарых төмөндөн жогоруга, жөнөкөйдөн татаалга багытталат. Бирок, алар бир эле убакта бири биринен окчундаган жана бири бири менен тыгыз байланышкан процесс. Бул процесстер-диалектикалык окчундоонун (отчуждение) көрүнүшү. Логикалык процесс менен тарыхый процесстин айрымачылыгы, б.а. алардын бири биринен диалектикалык окчундоосу "логика" менен "тарыхтын" дал келишин же логика бул туура, адекваттуу аңдалган тарых экендигин тана албайт. Логиканы объективдүү реалдуулук катары, ал эми тарыхты диалектикалык кубулуш катары түшүнүү зарыл.

Тыянак: демек, нукура илимий изилдөө көп кырдуулуктун биримдиги болгон конкреттлүктөн анын бир кырын түзгөн абстрактуулукка багытталып (логикалык процесс), тигил же бул нерсе, кубулуштун эволюциясын, анын кандайча жаралып, кандай этаптарды басып өтүп өнүккөнүн жана анын азыркы карама-каршылыктуу табиятын ачып берүүсү зарыл (тарыхый процесс). Мындай критерийге жооп бербеген

илимий иш илимий жалпылоолордон куржалак калат, ал доксографиялык мүнөздөгү тарыхый колейдоскопко айланат.

Методологиялык мүнөздөгү жоболорду: абстрактуулук менен конкреттүүлүктү, логикалык менен тарыхыйлыкты, алардын кыймылдаткыч күчү болгон ички каршылыктарын же жалпы эле диалектикалык логиканы өздөштүрөй туруп чыныгы илимпоз, теоретик болуш кыйын. Азыркы учур жекеликтен жалпылыкты көрө билген же жалпылыктан жекеликти беле билген мыкты методология менен куралданган ойчулдарга чаңкап турат.

Адамзат тарыхынын туундусу болгон “түбөлүк” чындык биз билип-билбей, түшүнүп-түшүнбөй тана бергенден жок болуп кетпейт.

Парадигма 5. Синергетика.

Кийинки кездерде адамзат акыл-эсинин жетик символу катары жаралган, салыштырмалуу жаңы универсалдуу илимий багыт - синергетиканын өнүгүшүнө конкреттүү табигый так (математика, физика, химия, биология ж.б.) жана гуманитардык (философия, экономика, психология ж. б.) илимий тармактардын тааным жаатындагы ийгиликтери түрткү болуп, анын өзүнүн терминин колдонгондо “дүүлүгүү резонансын” жаратты. Азыр синергетика өз мезгилиндеги Коперник, Ньютон, Дарвин, Эйнштейн, Вернадскийге тиешелүү теориялар сыяктуу масштабдуу концептуалдык мүнөзгө ээ.

Синергетика, кокустуктун структура түзүүчү кудуретине басым жасайт, механикалык дүйнө түзүлүш картинасына коошпой кокустукка негизденет. Ал кандайдыр тең салмактуулукка, стабилдүүлүккө ээ болуп, белгилүү деңгээлде уюмдашкан объектилер кокустуктардын мерчемдүү аракеттеринин натыйжасы; нерсенин өзгөрүшү, башка жаңы сапатка өтүшү кайткыс (необратимый) мүнөздөгү кокустуктун үзүрү. Кокустук синергетика үчүн белгилүү бир кырдаалда өздүк уюмдашууну (самоорганизация) камсыз кыла турган негизги, өзөктүү түшүнүк. Абстракциялардын жалпы тутумун түзгөн конкреттүү табигый феномен ал өзү пайда болгонго чейинки татаал системадагы кокустуктардын кагылышынан улам түзүлгөн өздүк уюмдашуунун натыйжасы. Тең салмактуулук, стабилдүүлүк алыстап, өзү уюмдаша баштаган системалар “термелүүдөн улам тартиптешип” (упорядоченность через колебание), И. Пригожиндин термини менен айтканда диссипативдик (өздүк уюмдашкан) курамды түзөт. Көпчүлүк учурда чектен чыкпаган

кокустуктар айрым бир учурда стабилдешип, жаңы типтеги мамиле-байланыштарды жаратып, ошол өзгөрүүгө туш болгон системада диссипативдик структуранын бар экендигин далилдейт. Концептуалдык мазмуну боюнча "синергетика" жана "диссипативдик структура" түшүнүктөрү бири-биринен айырмаланбайт. Айталы, "диссипативдик структура теориясын" иштеп чыккан бельгиялык окумуштуу И. Пригожин жалпы эле өздүк уюмдашуу концепциясын, дүйнө караштык (методологиялык) негиздерин конкреттүү илимий фактылар менен ачып берет [4]. Ушундан улам, "диссипативдик структура" түшүнүгүн "синергетика" түшүнүгүнүн башкача аталышы (синоними) деп койсок болот.

Синергетиканы жаңы концептуалдык парадигма катары кыскача үч түшүнүк: "сызыксыздык" (нелинейность), "өздүк уюмдашуу" (самоорганизация) жана "ачык системалар" аркылуу мүнөздөөгө болот. Ал ачык сызыксыз системалардагы кокустуктардын табияты аркылуу жаңы сапаттык алкактын түзүлүшүн ынанымдуу далилдеп, философиялык мүнөздөгү методологиялык парадигманын жаралышына өбөлгө болду. Анткени, дисциплиналар аралык проблеманы татаал системалардагы өздүк уюмдашуу процесстерин изилдөө менен синергетика кокустук менен зарылдыктын өтмө катар байланышы, ажырагыс биримдиги аркылуу диалектиканы объективдүү табигый өнүгүүнүн, таанымдын логикасы катары толуктап, болмуштун универсалдуу, жалпы, мыйзамченемдүү жобосун дааналап таасындайт. Синергетиканын негизги принциптери методологиялык мүнөздө, себеби ал кокустукту зарылдык катары таанып, стабилдешкен кокустук же "дүүлүгүү резонансындагы" кокустук жаңы типтеги зарыл байланыш-мамилелерди түптөп, андан соң өзү объективдүү зарылдыктын имманенттүү моментине айланарын айгинелейт. Бирок, ошону менен бирге, синергетика философияны алмаштырбайт, анын айрым жоболорун тактап-кошумчалайт,

Тең салмактуулукту, стабилдүүлүктү камсыз кылган башкаруу системасы анын негизги нуктан чыгып кетүүсүнө жол бербейт, ар кандай кокустуктарды кучөтпөй жөнгө салып коет. Бул кибернетикадагы терс кайтарым байланыш, ал эми синергетикада, тескерисинче, "оң кайтарым байланыш" принцибине басым жасалат: тең салмаксыз сис-

темаларда кокустуктун таасири күчөйт, натыйжада эски структура бузулуп, анын ордуна жаңысы пайда болот. Синергетиканын бул принциби ("оң кайтарым байланыш") объективдүү кубулуш-көрүнүштөрдүн генезисин, калыптанышын адекваттуу түшүндүрүүдө зор концептуалдык мааниге ээ, анткени ал кескин диаметралдуу көз караштын калыптанышына алып келди: эми күтүүсүз келген кокустуктарды болтурбай коюуга эмес, алардын алдын алууга, аларды пайдалана билүүгө аракеттенүү керек экендиги дайын болду. Кокустук маңыз менен байланышкан, ички иманенттүү себептер менен шартталган кубулуш-синергетиканын, оң кайтарым принцибинин негизги лейтмотиви дал ушундай.

Синергетика салыштырмалуу соңку илимий багыт катары "аттракторлор", "бифуркация", "фракталдар" өңдүү термин-түшүнүктөрүнө ээ. Сызыксыз, тең салмаксыз системанын багыттуулугун, максаттуулугун же кандайдыр максатка умтулушун жана анын натыйжасын (өздүк уюмдашуунун негизинде түзүлгөн объектини) туюндурган түшүнүк – "аттрактор"; альтернативалуу, кайчылаш процесстердин бири кайткыс (необратимый) абалга айланаар (жүзөгө ашаар) алдындагы алардын ажырашуусу, бөлүнүүсү, бутактануусу башат алган момент, чекит-бифуркация; ал эми пигмент долбоордун фрагмент долбоорго дал келиши же кичирээк объектилердин структурасы менен андан чоң объектилердин структурасынын дал келиши, элементтердеги бүтүндүктүн мазмуну, касиеттери-фракталдары фракталдык объектилер деп аталат. Бул аталган түшүнүктөр өздүк уюмдашууну ар кандай гносеологиялык ракурстан мүнөздөп турат: синергетикалык кубулуш табияты боюнча кандайдыр максатка умтулат (аттрактор); хаостон, башаламандыктан башат алат (бифуркация) жана маңыздуу себептер менен шартталган белгилүү бир ыңгайда тартиптешет (фракталдар).

Башаламандык, тартипсиздик, кокустуктар-синергетиканын негизги жобосуна ылайык, жаңы жаралыштын, өнүгүүнүн булагы. Ар кандай объективдүү процесстер кептеген кокустуктар менен коштолот, бирок алар ар дайым эле байкала бербейт; объектинин сапаттык маңызына көпчүлүк учурда басымдуу таасир бере албайт. Көп кокустуктардын бири белгилүү бир учурда, шартта "суурулуп" чыгып, кескин сапаттык өзгөрүштү жаратат. Синергетика мындай кокустуктар кан-

дайча, кантип микрообъектиден макрообъектиге көтөрүлөөрүн, кандай шарт-чөйрөдө алар жаңы мейкин-мезгилдик макроструктураны жаратарын иликтейт. Уюмдашпаган, башаламан кыймылдагы молекулалардын кандайча уюмдашуусун туюндуруу үчүн И. Пригожин “флуктуация аркылуу тартиптешүү” жобосун сунуш кылат, диссипативдик (энергиянын тартиптешкен, уюмдашкан абалдан башаламандыкка айланышы) структуранын (энергиянын төмөнүрөөк баскычтагы азыраак уюмдашкан формага айланышы) же башаламан процесстин локалдашуусун, тартипсиздик өкүм сүргөн диссипативдүү чөйрөдө уюмдашкан структуранын пайда болуусун аталган жобо менен түшүндүрөт. Диссипация же башаламандык (кокустуктар) ашык нерселерди жок кылып, структура түзүүчү элементтерди калтырат, натыйжада бир караганда кыйратып-бузуучу, жок кылуучу фактор сымал көрүнгөн кокустуктар (флуктуация) илгери- леген жаңы түзүлүштүн түп булагы экендиги айгинеленет. Демек, башаламан кыймылдагы кокустуктар табияты боюнча зарылдык, алар имманенттүү себептик мамилелердин негизинде сызыксыз, ачык системада регулярдуу структуралардын түзүлүшүн шарттайт.

Кокустук жөн жерден күтүүсүз пайда болгон сырдуу же негизсиз нерсе эмес, ал- ички маңыз аркылуу шартталган, керек учурда жаңы зарылдыкты жаратуучу кубулуш. Бирок анын реалдуу күчкө айланышы үчүн зарыл шарт-туруксуздук катары мүнөздөлгөн тигил же бул системанын абалы талап кылынат. Нерсенин туруксуз абалы кокустуктун таасирин арбытат, туруксуздук-конструктивдүү мааниге ээ кокустуктардын очогу, кийинкилер (кокустуктар) нерседеги туруксуз абалды ого бетер курчутуп кандайдыр сапаттык өзгөрүшкө алып келет. Демек, кокустук-чөйрө бири-бири менен өтмө катар диалектикалык байланышта: кокустуктун таасири чөйрөнүн даярдыгына, адекваттуулугуна (туруксуздугуна) байланыштуу, бифуркацияга (ажырашууга, бөлүнүүгө, бутактанууга) канчалык жакындаган сайын кокустуктардын таасирдүүлүгү кучөйт. Синергетиканын реконструкциясында кокустук-бул зарылдык, анткени ал ички имманенттүү мыйзамченемдер менен шартталган, ошондуктан ал зарылдыктын көрүнүшү (кокустук катары), ал мурдагы бүтүндүктүн алкагына сыйбайт, буга чейинки себеп-натыйжалык мамиленин биримдигин бузат; себеп

менен таасирдин (аракеттин) пропорционалдуу эмес экендигин көрсөтөт.

Белгилей кетүүчү нерсе, синергетиканы абсолютташтыруудан же философияга карама-каршы коюудан сак болуу абзел, ырас, синергетика илимий-методологиялык мааниге ээ (бул тууралуу жогоруда айтылды), бирок, ал философияны алмаштырбайт, тескерисинче, анын принципиалдуу жоболорун бекемдейт, айрым салыштырмалуу дефиницияларды тактайт, айрым чийки концепцияларды (философияны эмес) төгүндөйт.

Жалпысынан, синергетика табиятта кокустук, кайткыс (необратимый) процесстер орчундуу орунду ээлерин далилдеп, материя жөнүндөгү түшүнүктү кеңейтүү менен микрообъектилер өзүнөн-өзү уюмдашып, структура түзүү кудуретине эгедер экендигин тастытайт; болочоктун ар дайым түбөлүк, так-өзгөрбөс регламенттелиши мүмкүн эмес экендигин; өздүк уюмдашуунун негизги принципте- рин өздөштүрүү адамзат менен табияттын жаңыча диалогун түзүүгө көмөктөшөөрүн далилдейт. Синергетиканы түшүнүүдө эки жөнсүз пикирден сак болуу зарыл: биринчиден, аны абсолютташтыруудан, экинчиден, аны баалабай коюудан; зарылдыкты толук бойдон кокустукташтыруудан же кокустукту зарылдыкка таптакыр карама-каршы коюудан; бир кезде кокустукту танып койгондой, за¬рылдыкты концептуалдык жок нерсеге айландыруудан алыс болуу логико-гносеологиялык акыйкаттуулуктун талабы.

Ошентип, бул салыштырмалуу жаңы багыт стандарттуу эмес мамилеге негизденип, таасир берүүчү объектинин өнөктөшү катары башкарууну, кокустукту конструктивдуу фактор катары баалап, анын зарылдыгын адекваттуу аңдоону талап кылат. Синергетика И. Канттын философиянын алкагында койгон: 1. Мен эмнени биле алам? (Что я могу знать?); 2. Мен эмне кылышым керек? (Что я должен делать?); Мен эмнеге үмүттөнө алам? (На что я смею надеяться?); 4. Адам деген эмне? (Что такое человек?) суроолорунун бүгүнкү актуалдуулугун баса белгилейт, адам менен жаратылыштын ортосундагы диалогду аныктайт. [5].

Парадигма 6.Суроо-жооп

Тигил же бул проблеманын чечмелениши, анын суроо түрүндө коюлушунан (туюндурулушунан) башат алат. Эгерде суроо-божомол,

боолголоо болсо, ага болгон жооп детерминация болуп эсептелет. Бул берилген же коюлган суроого болгон жооп-суроо тараптан шартталып, детерминацияланып турат дегендик. Демек, ар бир предметти же объектини акыл-эс элегинен өткөрүп, интеллектуалдык чечмелөө алдын-ала коюлган суроонун табияты менен аныкталып, андан соң ага берилген жооп аркылуу чегине жеткириле иштелип чыгат. Ошентип, өз мезгилинде ылайыгы менен коюлган түйүндүү суроо илимдин өнүгүшүнө кошулган салмактуу салым болуп саналат. Белгилүү деңгээлде, эгерде туура коюлган уңгулуу суроолор кандайдыр окуунун (системанын, концепциянын) структурасын түзсө, ал эми аларга болгон жооп ал окуунун ырааттуу системасын шарттайт. Ушундан улам теория үчүн суроо-жооптун объективдүү логикасы, жандуу диалектикасы өзгөчө мааниге ээ.

